II экз.

N 15329/691

# ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

691


КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН БАШКАРМАСЫ

г. Фрунзе, Кирова, 205 Индекс 720301

ПРАВЛЕНИЕ СОЮЗА ПИСАТЕЛЕЙ КИРГИЗИИ

Телефоны: 2-26-53; 2-27-33; 2-36-01;


№ 262 „26" января 1978 г.

ДИРЕКТОРУ ИНСТИТУТА ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ АН КИРГИЗСКОЙ ССР

тов. ТУРСУНОВУ А.Т.

Молодой поэт Жусупбеков Асанбай с 1960 годов собирает произвецения знаменитого акына, своего земляка Женижока. На этих материалах он, будучи студентом КГУ, в 1973 году защитил диплом.

В настоящее время у него имеются около семи тысячи строк стихов акына.

Секретариат правления СП Киргизии направляет Вам рукопись для обсуждения и просит дать заключение о целесообразности к изданию.

СЕКРЕТАРЬ ПРАВЛЕНИЯ СП КИРГИЗИИ К. Каимов К.КАИМОВ

441—3000

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № (5329) 691
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

# ЖЕҢИЖОК ЫРЧЫ

## Адабий портрет

Жеңижок!.. Бул ысымды кыргыз жергесинде укпаган, билбеген карыя адамдарыбыз жокко учураса керек. Ал эми, ырчылыкты кесип кылган төкмө акындарыбыз болсо, Жеңижоктун атын өтө урматтоо менен атап, аздыр-көптүр чыгармасын сыймыктануу менен аткарып келгендиги, көпчүлүк элге маалым.

Баарыбызга белгилүү болгондой, об"ективдүү тарыхый-социалдык жагдай шарттардын натыйжасында өткөн доордо жазуусу жана жазма адабиятыбыз болбогондуктан, ошол доордо жашаган акындардын өмүр баянын, чыгармачылык багыттарын аныктоодо кыйынчылык болору шексиз. Мындай иште, тигил же бул ырчынын өмүрү тууралуу эки-үч кишинин эскерүүсү жетишсиз. Ошондуктан, тийиштүү фактыларды көбүрөөк топтоп, ошолордун ичинен өтө мүнөздүүлөрүнүн, типтүүлөрүнүн негизинде гана корутунду чыгарууга болот. Биз, Жеңижоктун ырларын чогултуп жүрүп, анын өмүрүнө байланышкан толгон фактыларды жолуктурдук. Азыр, мына ошол фактылардын негизинде гана, анын өмүр баяны тууралуу токтолуп өтүүгө туура келди.

Жеңижоктун өз аты—Өтө, Таластагы Сары-Көбөн деген жерде /азыркы Покровка с/с, Покровка району/ Көкө деген кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Энеси Алтынай Аксыдагы /азыркы Жаңы-Жол району/. Саруу элинин Жолжакшы уругунан болгон. Өтө ата-энесинен эрте ажырап, "ала" оорусу менен ооруп, көрүнгөндүн эшигинде тентиреп калат. Өтө бир күнү өзү курдуу балдар менен ойноп, Ташкара бийдин айылына келип калат. Өтөнү көргөн Ташкара бий жигиттерин чакырып алып:

-"Тээтиги "ала" менен ооруган Өтө турбайбы: муну айылга эмне жолотосуңар? Оорусу элге жугат, бир жетим менен эл көбөйбөйт да азайбайт, алып барып Кара-Бууранын суусуна салып жибергиле!"

деп буйрук кылат.

Ташкаранын эки жигити Өтөнү Кара-Бууранын жээгине алып келип, бирок,жылдыздуу баланын өмүрүн кыюуга диттери чаппай,боору ооруп, мал айдаган жүргүнчүлөргө кошуп,таякелериңе баргын"—деп Аксыга качырып жиберет. Өтө мал айдашып, Кум-Бел ашуусун ашып, Кербен кыштагына /Азыркы Караван/ келип, Багыш уруусунун айылында Бекмурат дегендердин үйүндө туруп калат.

Бир күнү Садыр деген киши Кара-Суудан жумуштап келип,Бекмураттыкына келип түшөт. Кыраакы адам Өтөнүн жөн-жайын билген соң,Бекмуратка: "-Сен баланы мага бер, бул бизге жээн болот экен,тагаларында жүрсүн"—деп, Өтөнү Кара-Суу кыштагына алып келет.Садырдын энеси Айыке Таластык кызы болгондуктан Өтөгө ого бетер ылымсып багып алат. Өтө салып берген төшөккө жатпай /оорум жугат деп/ саманканага жатып жүргөнү кийин Айыкеге угулат.Айыке өтөнү чечтирип көрүп, жаратын билгенден кийин Көз-Арт жашаган Далычы деген табыпка салат./Далычынын Оут-Торо колотунда ооруларга атайын жер там салып, ошондо дарылоочу экен.Азыр да ошол жерде тамдын орду, пайдубалына койгон таштары турат/.

Далычы Өтөнү "кайнатма кара дары,кырма кызыл дарысы" менен дарылап, таза айыктырып, акысына Садырдан үч жылы туу калган сары бээни алган. Өтө кийин Далычыны минтип ырга кошкон:

- Жети-Уруу элдин карысы,
  Алыска кеткен аңызы.
  Айыктырган жараттан,
  Атамдай болгон Далычы!..

же болбосо:

  Айыке бакма энем ай,
  Капалык тартып келем ай! ж.б.

- Айыке Өтөнү Ак-Төбөдөгү мечиттен окуттурат. Сергек бала өзбекче,арабча көп окуп, өз мезгилине жараша жакшы билим алып, өзбек тили аркылуу араб,иран адабияты менен таанышат.Ал мечитти Ыманбай деген акылман,нары чечен киши салдырган.Аны Өтө минтип ырга кошкону элде сакталып калган:

Кара-Сууну жээктеп,
Мечит салдың, Ыманбай!
"Кайран жанга сооп"--деп,
Ак-Төбөнөн үстүнө,
Мечит салдың,Ыманбай!

Айылдагы балдарга,
Кат окуттуң,Ыманбай!
Анжыяндык молдодон,
Бат окуттуң,Ыманбай!

Ушул мезгилден баштап,кыз оюнда,жородо өзүнчө ыр чыгарып, ырдай баштайт.

- Кеч күздө Шатман уулу Рыскулбек,Өтө,Баялы болуп, Намангандан базарлап келатып, Кербен базарына кайрылышса,элдин ортосунда оң канаттын Тогунай уруусунан чыккан Нурмолдо деген залкар ырчы дин,ислам,шарият жөнүндө элдин муунун бошотуп, ырдап жаткан болот. Ырды угуп турган Өтө Нурмолдонун элди үгүттөп,алдап жатканына кыжыры кайнайт. Нурмолдо ырдап токтогондо Өтө улууларды сыйлоо жолу менен абалы учурашып, анан суроо жаадырып, Нурмолдонун шаштысын кетире баштайт. Өтөнү биринчи көргөн эл,эки жеңи карысынан чолок күрмө кийген жаш жигиттин төгүп ырдаганына таңданышып:

- Атаңдын көрү оой,бу Жеңижок жалмаңдаган анык Жеңижок эме экен го!.. Жеңижок бала жеңди,Жеңижок!

Ушундан улам Өтө--Жеңижок аталып кетет. Ушул айтыштагы Жеңижоктун ырынын көркөмдүгү, камтыган оюнун кенендиги жагынан болсун, такшалган акындардын ырынан эч кем калышпайт.

- Ушунун өзү--Жеңижок буга чейин далай ырларды чыгаргандыгынын да күбөсү болуп эсептелет.

Сүнткени менен, Жеңижок ушул айтышта гана элдин назарын өзүнө бурду жана Өтө деген өзүнүн атын Жеңижок деген атка кондурган да ушул айтыштын өзү себепкер болду.

Жеңижок үйлөнүп-жайланганда Баялы деген, жеринен жер бөлүп берген жана ошол жерге рават салдырган. Жергиликтүү эл бүгүнкү күндө да "Өтөнүн раваты" деп аташат. Анын өз колу менен тиккен жаңгагы, өрүгү, жүзүмү, талы али да көгөрүп турат.

Жеңижок кийин дүйнөдөн кайтып, Совет бийлиги орногондо ушул, "Өтөнүн раватында" балдарды окуткан. Азыр анын ордуна Кара-Суу атындагы он жылдык орто мектеп орношкон. Жеңижок Таластан бир тууганы Болотойду, карындашы Каракызды алып келет. Ушул жерде Болотойдон, Каракыздан калган балдары азыр да эмгектенип жатышат.

Жеңижоктун аялы Көксулуу төрөбөгөн, бирок ага капа болбостон, бир атты жасап мингизип, аш-тойлорго ээрчитип, барчу экен. Ошол теңсиздик заманда аялды кадырлаган адам аз болгондугу белгилүү эмеспи.

x x x

- Жеңижок улуу акын Токтогул Сатылгановдун кадырлаган адамы, Токтогулдун сөзү менен айтканда "жан досу" болгон.

Токтогулду Сибирге айдап жөнөгөндө Жеңижок көзүнүн жашын көлдөтүп, кайрат айтып узатат. Кийин Токтогул Сибирден качып

келгенде Кара-Сууга Жеңижоктукуна барат. Эки залкар акын ыр менен учурашып, кайгы-кубанычтарын бөлүшөт. Токтогул эки жылга чейин ушул жерде баш калкалайт. Кийин ачыкка чыкканда да Кара-Сууга келип-кетип каттоосун үзгөн эмес.

- Кыргыз күүсүнүн атасы Борош уулу Ныязалы да көңүлү жакын, сапарлаш, кыйышпас жолдошторунун бири болот.

Жеңижоктун туулган жылын жана дүйнөдөн кайткан жылын так-тоодо тууганадарынын, замандаштарынын эскерүүлөрүнө таянганда:

Ал--1860-жылы туулган да 56 жашында б.а. 1916-жылы кеч күздө "учук" оорусунан дүйнөдөн кайткан. Катуу оорудан дүйнөдөн кайтарына көзү жеткенден кийин, чогулган элге "Ким айтат менин ырымды?" деп өзүнүн бай адабий мурастарын кимге табыштарын билбей, "ак куржун менен көк куржун" толгон ырларын көркоо замандын айынан эч ким окуй албасына жана "Казандан китеп кылып чыгартам" деген асыл максатына жетпей бара тканына өкүнүп, замандаш бир топ акындарга сын берип, эң акыры улуу акын Токтогулга гана ырынын тагдырын:

" Бир билсе Токтогул билет сырымды.
Көп болбосо азыраак
Током, сен айтып кой ырымды!..--деп чоң ишеним менен табыштап, "Мени Чомпол көрүстөнүнө койгула, Кара-Суу дарыясынын шарын угуп жатайын"--деп жарыктык дүйнөдөн көчкөн...

x x x

Акын үчүн элден ашкан сынчынын кереги жоктур. Жеңижок жана анын акын замандаштары тууралуу эл ичинде мындай деген таасын айтылган сын сөздөр сакталып калган:

- Жеңижок--ырчынын булбулу, Токтогул-ырчынын торгою, Эшмамбет--ырчынын тулкарасы.

- Жеңижокту ырчынын—булбулу дегенибиз:не бир санаттарды элеп тəгүп олтуруп, кайрадан адамдын жүүнүн бошотуп, ойлонтуп ырдаар эле.Мунун ырдабаган ыры жок эле,таң аткамча жаагы талычу эмес,үнүнүн кардыкпаганын айт!

Токтогул ырчынын торгою дегенибиз: бул бардык жагынан тəп келишкен ырчы. Үйдə олтурса санаттан тəгүп,комуз чертип куудулданып,сыртта ырдаса элди жайгарып,эки жактан тең мал, акча тапчу.

- Эшмамбетти ырчынын тулкарасы дегенибиз: бул намыска чаап ырдачу: Бир беттеп калганын жеңмейинче койчу эмес.

Жеңижокту кəрүп ырларынан ырдап калган карыя Бəрүкул Алымбай уулу минтип эскерет: "Өтəнүн бир түн ырдаганы эле бир китеп болот эле".Ал эми акын канча "түндү" əткəргəнүн элестетүү кыйын эместир.Акын айлана чəйрəнүн атмосферасына ылайыкту ырдап тим болбой,элдик эпосторду чебердик менен аткара бергендиги белгилүү. Жеңижок: "Жаныш-Байышты", "Курманбекти","Эр Табылдыны", "Эр Тəштүктү", "Кəр уулу Султанды" бүт айтып:

Аксы менен Таласты айт,

Кəкчə менен Манасты айт,--деп бул улуу эпостон да айтчу экен. Ушул жыйнактын "Семетейдин Таласка жəнəшү" деген темадагы Семетейден үзүндүсү, акындын репертурарынын кеңдигин, элдик казынаны сактай да аткара да билгендигин бир күбəсү болуп саналат.

Ал эми Кожожаштын эч кимдикине окшобогон вариантын жарат[...] Ал.Үсəнбаевдин вариантында Кожожашты атасы Карыпбай издеп та[...] са,Жеңижоктун айтуусунда энеси издеп табат./Элде да ушундай деп айтылат/.Асканын түбүндə Кожожашка энесинин үндəп турган элде сакталып калган:

Балдыркан чыккан жер мында,
Баккан энең,кел мында.

Кәбургән чыккан жер мында,
Кәтәргән энең, кел мында!..

Суттикен чыккан жер мында,
Сүт берген энең кел мында!..

Поэма муңдуу күүнүн коштоосу менен айтылат.Бирок,бул варианттын бизге жетпегендиги абдан әкүнүчтүү.

х х х

Жеңижоктун чыгармаларына анализ берүүдән мурун марксисттик-лениндик методологиянын принцибине таянып, анын жашаган социалдык-тарыхый-экономикалык шартын байланыштырып кароо максатка ылайыктуу.Себеби,кандай гана жазуучу,акын болбосун ал әз доорунун жарчысы, әзү жашаган доордун уулу болуп саналат.В.И.Ленин әзүнүн "Партиялык уюм жана партиялык адабият" деген эмгегинде: "Коомдо жашап, анан ал коомдон четте туруу мүмкүн эмес"[I]-деп улуу көсөмдүн айтканы кыргыз маданиятынын,анын бир тармагы болуп эсептелген акындардын поэзиясынын әткән кылымдагы жана XX кылымдын башындагы тарыхына баа берүүдә бирден-бир туура багыттын бири болуп эсептелет.

Чыныгы акын--әз доорунун аң-сезиминин ээси.Жеңижоктун чыгармалары--бул акындын әмүрү,ошол доордогу элдердин турмушу,дүйнәгә кәз карашынын күзгүсү. Акындар тарбиялык мааниси зор дидактикалык чыгармаларды берүү менен,чыгармачылыктын кыл чокусунан

---

I.В.И.Ленин,Чыгармалар.IO-том,Кыргызча биринчи басылышы. Кыргызмамбас.1954.36-бет.

кәз албай,улам жаңы бийикке умтулуп, күчүнүн барынча эмгектенип келишкен. Эмгек менен талант эгиз эмеспи.

Бул экәән чыныгы акындар колунан чыгарышпай,әләр әлгәнчә әнәрләрүн таштабаган. Алар ошонусу менен бактылуу болушкан. Элдин турмушун беш колундай билген акындар гана элдин муңун, элдин таламын талаша алган.

– Революцияга чейинки акындар да бир катар чыгармаларды аткаруу мода болуп калгандай.Мисалы: "Айт,айт десе","Турбайбы", "Жаман аял,жакшы аял"––деп чыгара беришкен."Айт,айт десе" бул темада Барпынын да чыгармасы учурайт. Ал үчүн салыштырып кәрәлү:

Жеңижокто: Аксы менен Таласты айт,
Кәкчә менен Манасты айт.
Күн жүгүрүк канатты айт,
Күйгән элде санатты айт.

Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнә тапканды айт.
Кәпүрә салган балбанды айт,
Жол оңдогон адамды айт.

Ай, Күн менен жылдызды айт,
Азаптуу болгон турмушту айт.ж.б.

БАРПЫДА: Айт,айт десе Ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн әнәр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсә,миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.ж.б.

Бул тема кєпту кєрүп,тажрыйбасы артып,элге таанылган акындардын, жаш үйрөнчүк акындарга айткан насааты,берген программасы сыяктуу. Мында, ырды эң маанилүү,маңыздуу,адамдын көңүлүн өзүнө бурарлык касиети бар нерсеге гана айтыш керек деген ой жатат.

Жогорку эки акындын ырларынын өзөгү бир жерден "азаптуу болгон турмушка" кыжырдангандыгын байкоо кыйын эмес.Бул эки ыр окшош болгондуктан,Барпы Жеңижоктон үйрөнүп алган дешке болбойт.Мындагы жалпылык экөөндө тең бир эле темада,бир эле мезгилде./Мүмкүн Барпы кийин ырдаган болуу керек/. ырдап жаткандыктан, турмуштагы айрым байкалган кубулуштарды эки акын тең кабыл алып, ырдап жаткандыгында. Ушул эле пикирдин өзү эле акындын "Турбайбы" деген ырына да тийиштүү.

-"Замана" темасына ошол убактагы белгилүү акындар кайрылгандыгы белгилүү.Мисалы: улуу акын Токтогулда:

Далайларды кор кылып,
Зарынткансың, замана.
Кедейлерди байларга
Карматкансың, замана.

Заманың келди,айланып,
Жаркылда,кедей,жаркылда!

Ырдын мазмунуна караганда ыр Совет бийлигинин тушунда жаралган. Ушул темага Барпы да " Эки заман тууралуу ыр" деген атактуу чыгармасын жараткан.

Токтогул менен Барпы "Замана" жөнүндө Совет бийлигинин тушунда сын көз менен ырдап жатса, ал эми Жеңижок кантип айтты экен? Ошону окуп көрөлү:

Кан чыгарбай кубартып,
Ажыдаар сүлүктөй,

Жалмап барат,замана,
Бары жокту өзүнө,
Арбап берет,замана.
Жан алгычты колуна,
Кармап барат,замана.

Уч жылда бир шайланып,
Ак падышанын амалын
Издеп барат, замана,
Бий,болуштар,старчын,
Бейбечара карыпты,
Кектеп барат, замана ж.б.

Чыгармада ошол замандын духу,сүрөтү сезилип турат.Замандын теңсиздигин,байлардын ач көздүгүн,нечен жакшылар бааланбай,"атанын уулу ачкадан кор болуп" жатканын баса белгилейт.

Бул чыгарма өз заманынын агымын кылдат баамдаган,чоң сөз чеберинин сөз жүзүндөгү замандын полотносу.

- Жеңижок ал замандан кутулуунун жолун билген да эмес, тек гана өзүнүн көз карашын,карапайым элдин муңун муңдап черткен бир гана "Көкөй кестиси". Жеңижоктун дагы бир күчтүү чыгармаларынын бири- "Жалгыз тал". Чыгарма башынан аягына чейин көркөм салыштырууга бай болуу менен бирге арман мотиви,заманына наразы болуу мотиви күчтүү берилген. Жеңижок жалгыз тал менен адамдай болуп сүйлөшөт.Бири-бирине арманын айтат,сырдашат.

Жалгыз тал--бул Жеңижоктун монологу.Айлана чөйрөсүнө, заманына акын өзүнүн турмушка көз карашын,ушул тал аркылуу туйгузуп жатат. Мындай ыкма революцияга чейинки оозеки адабиятыбызда учурабаса керек.

- Карыялар менен аңгемелешкенде,Жеңижоктун "Аккан суусун" бир ооздон эскербей кое алышпайт.Суунун пайдасын байыртан бери эле көп окумуштуулар жазып да,изденип да келишти. Өмүрдүн жашоо тиричилигин сууга да,отко да,абага да байланыштырышты. Жеңижок грек окумуштууларынын эмгектери менен тааныш болбосо да жашоо турмуштун өзү суу жөнүндө ырдоого аргасыз кылган.

Акын аккан суунун чыгышын динге байланыштырып карайт да, суунун пайдасын бардык жагынан мактоого алат. Бул Аккан суу жөнүндө эл ичинде нечен легендалар айтылып жүрөт./Мисалы:жалаң Аккан суунун пайдасын жети күн, зыянын жети күн айтчу дешип, ж.б.у.с/.Б.а. ырдын формасын кеңейтип,поэмага /мүмкүн романга/ чейин көтөрүп новаторлук кылган. Анын үстүнө бир айтканын экинчи кайталабаган.

- Ырдын ички уйкаштыктарын суунун агымына жараша колдонот. Токтогул,Тоголок Молдо, Барпынын,Аккан сууларында ар бир экинчи сабында "аккан суу" деп кайталанса,Жеңижокто кошулуп да, кошулбай да айтыла берет. Мындай ыкма окуган адамды тажатпайт.

Мисалы: Аккан суунун белгиси:
Камчыланбай,тез кеткен.
Мудаасына бат жеткен,
Жийиркенбей ичине
Кырк аяктуу курт күткөн.
Камыш чыгып жээгине
Кара бөө оттогон,
Балырынын түбүнө
Бака чардап токтогон ж.б.

Аккан суу жалаң эле суунун өзүн айта бербестен,суу аркылуу адамдардын мамилелерин,күндөлүк турмушта керектеп жаткандыгын,

ансыз жашоонун жок экенин белгилейт. Жеңижок суунун чыгышын динге байланыштырганы менен акын пайдасына ырынын көп бөлүгүн арнайт. Натыйжада,суунун өңүн,түсүн,даамын,агып бараткандагы түрдүү абалын чебер поэтизациялайт.

х х х

Жеңижоктун жакта жок алдына акын салбаган жез таңдай чебер акындын бири экенин айтыш ырларынан ачык көрөбүз.Айтыш ырлары жөнүндө адабиятчы Ж. Таштемировдун мындай деген бир пикирин эске сала кетели: "Айтыш өнөрү--акындын жүзүн көрсөтө турган айнек, айтышта акындын сөз тапкычтыгы, ыкчылдыгы,акылмандыгы, сезгичтиги бүт эсепке алынат.Беттешкен акын каршысындагы акындын кемчилигин табууга тийиш.Мына ошон үчүн тиги акындын керт башынын, үй-бүлөсүнүн,ошол акын төрөлгөн жерде жашаган элдердин, ошол уруунун кандай кемчилиги бар? Мына ушундай жаман жактарын издешип, беттешкен акындар,биринин айыбын бири табууга,чукуп айтууга чейин барышат.

Чогулган эл кадимки жюри катары ар сөзгө,ар бир кайрылган жоопко өздөрүнчө баа берип турушат.Акындын таамай айтылган сөздөрү черткен комуз куусу да эсепке алынууга тийиш.

Кыргыз журтчулугуна кеңири белгилүү болгон айтыштардын бири: "Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы". Бул айтыш кыргыз, казак айтыштарынан ичинен эң көрүнүктүү орунду ээлери бышык, себеби, бул айтыш--мейли көркөмдүгү жагынан болсун,мейли көлөмү жагынан болсун, ири алдыда турат.

Бул айтыштын дагы бир өзгөчөлүгү-- адатта акындардын кимисине сөз берилсе, ошол акын ырдоого тийиш эле.Жеңижоктун кому-

I.Ж.Таштемиров, Токтогул жана кыргыз акындары,Фрунзе, Кыргызмамбас,1964-ж.

зунун кылы үзүлүп кеткендигине байланыштуу айтышты Эсенаман баштайт. Жеңижоктун комузунун кылы үзүлбөгөндө же учурашып, же санат, терме сыяктуу ырлардан ырдап отурмак, мүмкүн, айтыш болбой калышы да ыктымал эле. Эсенамандын ырын окуган же уккан адам, ошол жердеги карыянын: "Балам, Жеңижок, сен айтар деле сөз калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү. Эсекеңе каяша айтам деп, каарына калып, өз назарыңды сындырып, өзүңдү-өзүң аксатып албагын[1], —деп айткан сөзүнө кошуласың, бирок, иш жүзүндө андай болуп чыкпады.

Казак окумуштуусу М.О.Ауэзовдун сөзү менен айтканда: "Акындын акындык күчү, ошол айтышта журт алдында өз далилдерин келтирип, айтышка түшүп турган акындын дармансыз жерин табууда[2] болгон.

Башкача айтканда, Эсенаман ырдап жатканда Жеңижок Эсенамандын "начар" жерин тапты. Бул—шарыят жолу эле. Себеби, айланасындагы элдин саясий деңгээли диндик көз караштын чегинде болгон. Жеңижок бул жерде башка ыкма менен да айтышса болор эле, бирок, ал көпчүлүк элге мынчалык күчтүү таасир этпесин жакшы түшүнгөн. Эсенаманды жеңүүнүн бирден-бир ишеничтүү куралы катары шариаттын жолун тандап алган. Тагыраак айтканда, Жеңижок учурга, айлана-чөйрөнүн шартын эске алып, жол таап чыгып кете берген. Мисалы: Нурмолдо менен айтышканда атеист катары чыга келет. Наркүлбүбү менен айтышса жаргондорду колдонгонун айтсак жетиштүү, демек, бул Жеңижоктун талантынын күчтүүлүгү, көп кырдуулугу, башка акындардан айырмаланган өзгөчөлүгү ушунда болгон. Эсенаман-

---

1. "Айтыштар" I-том, Фрунзе, "Кыргызстан", 1972-ж. 86-бет.
2. М.О.Ауэзов. "Ар жылдагы ойлор, Алма-Ата, 1959-ж., 332-бет.

дын:"Угуту болом бозонун" деген бир гана сап ырын кармап алып, узун сабак ыр кылышы—акындын чеберчилигин айгинелейт:

- Угуту болсоң бозонун,
Шибер кылып эндүрөр.
Чокуга салып чакалап,
Сокбилек менен талкалап,
Көрбөгөндү көргөзөр!..
Таруу шакка коштуруп,
Ботко кылып кайнатар.
Челекке куюп ачытып,
Бозокорго тандатар.
Калтадан сузуп өткөрүп,
Калганын уйга чайнатар.
Улам-улам өзгөрүп,
Мурунку кейпиң жок болуп,
Акырында сыгылып,
Алжыган чалым топ болуп.
Күрөң уй аймап бүтүрүп,
Кайран чал калар жок болуп!..

- Дагы бир таң кала турган нерсе: Эсенамандын ырына катары менен иретин бузбай чечмелеп жооп берип өтүшү—ойго тутуу жөндөмдүүлүгү күчтүү экенин көрсөтөт.

Жеңижок кыргыз ыр түзүлүшүнө белгилүү өлчөмдө салым кошкону да шексиз. Муну биз, Коргол менен учурашкан ырынан алып көрөлү:

Эми, балам, айтарым,
Эсиң болсо байкагын.
Ырды жер байынан байкагын.
Айтышканда так айтып,

Ар сөзүңдү сак айтып,
Кармашкандан качпагын.
.......................
Аксы менен Таластын,
Көкчө менен Манастын,
Жөнүн айтсаң бир кызык.
Жаныш-Байыш,Курманбек,
Эрдиктери мындай деп,
Көбүн айтсаң,бул кызык.

Ырда көрүнүп тургандай I-сап менен 2-сап,4-менен 5-сап,3-сап менен 6-саптын уйкашып, башынан аягына чейин аттамак уйкашты түзүп турат.

Революцияга чейинки кыргыз ыр түзүлүшүндө 7-8 муун сакталып келген болсо,Жеңижоктун ырларында: 9,10,II муундуу ырларды учуратабыз:

Бир билсе: Токтогул билет сырымды./IIмуун/.
Көп болбосо,азыраак- /7 муун/
Током,сен айтып койгун ырымды. /IO муун/.

Чокусу кумуштөй болуп Жаркыйрайт,/II муун/
Кумушка бергис баасын айт. /8 муун/
Тескейи-алтындай болуп жаркырайт, /II муун/
Алтынга бергис баасын айт. /8 муун/.
Сары жаман кулукту,
Сары аястай суутуп,
Саяпкөй,тапкөй сынчы эткөн./9муун/

Сакалын куудай агартып,

Санат ырды көп айтып,

Кушчудан- Сартбай, Чонду ырчы өткөн. /II муун/ж.б.

Жогоркудай өзгөчөлүктөрүн изилдеп, адилет пикир айтуусун келечектеги окумуштуулардан күтөбүз.

x x x

Акындын өмүрү жергебиздин кооз бурчу Аркыт, Кара-Суу, Тоскоол-Ата /азыркы Сары-Челек көлү/ тарапта өттү. Натыйжада, жаратылыштын көркүнө байланышкан бир катар чыгармаларды, жаратты. Жаратылыштын көрктүү көрүнүшүн, таамай айтылган салыштырууларды ыктуу колдонгонун көрөбүз:

Алмасы аттын башындай,

Жаңгагы сайдын ташындай.

Алчасы койдун этиндей,

Алтымыш түрдүү мөмсү,

Бышып турат эзилип,

Сулуу кыздын бетиндей ж.б.

Табияттын сулуулугун, андагы алма, алчаларды, сулуу кыздын бетине, койдун этине салыштырганы эптүү да жана ого бетер ажарын ачып турат. Биз чыгарманы окуганда өзүбүздү ботаникалык бактын арасында жүргөндөй сезебиз.

Жеңижок санат, терме, үлгү б.а. дидактикалык багыттагы чыгармаларды көп аткарган. Алардын көпчүлүгү бизге жеткен жок. Акындын санаттары мазмуну, жагынан терең, көркөмдүгү жогору, турмуштун түрдүү кырдаалын камтыган чыгармалар.

Термелеринде эл камын көрүүгө, эмгекчил чынчыл болууга, айрым философиялык ой жүгүртүүлөр менен өмүрдүн кыскалыгына өкүнсө, кайра ошол өмүрдү бекер өткөрбөй, эмгектенип, элдин уулу болууга үндөйт:

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 691
1982 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Жоо кадырын биле албайт,
Алты сай бараң атпаган.
Жетелеп жүрүп байге албайт,
Жетеси буудан чаппаган.
Нар кадырын биле албайт,
Жетелеп төө тартпаган.

Акындын санат,насыят,үлгү ырлары бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой,муундан муундарга саякат жасай бермекчи.

x x x

Жеңижок өзүнүн ыр канаттуу өмүрүндө көп ырчылар менен айтышып,айтыштын талбаган акыны болуу менен катар залкар нускоочу-акын болгон.Бул пикирди далилдеш үчүн Кыргыз ССРинин эл акыны Темиркул Үмөталиевдин Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата "Залкар акын жөнүндө сөз" деген макаласында өзүнүн бир тууган Урус таякесининин эскерүүсүн минтип жазат:" Өтөдөй /Жеңижоктой/ ырчы бар беле кыргызда.Бардыгы ага келип, учурашып туруша турган.Токтогул да,Калык да,Эшмамбет чоң сакал да келип Өтөгө салам берип турушкан.Кимиси келсе да, бир айлап,эки айлап жүрүшө турган.Калык ырчы да көпкө жүргөн. Өтө Калыкты бул арымы чоң,кыйын ырчы болот деп ашыра мактачу[I].

Булардан башка Барпы,Коргоол,Жаңыбай ж.б. эң көрүнүктүү акындар жолугушуп, таалим-тарбия алып,акындын чеберчилигин, нускоо сөздөрүн үйрөнгөн окуучулары болушкан.

---

I. "Кыргызстан маданияты", 1973-жыл, I3-декабрь,4-бет.

Жеңижок сабаттуу болгондуктан өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп жүргөн. Ошо жазып жүргөн эки куржун ыры бизге жеткен жок. Анын үстүнө түркүн себептер менен, акындын дүйнөдөн кайтканына 60 жылдан ашуун убакыт өтүп бараткандa гана колго алынып олтурулат. /Ырас, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын кол жазма секциясына 1940-жылдагы акындын бир аз ырларын эсепке албаган-да/.

Акындын ырларын жыйноо, бир системага салуу, он жылдан ашуун мезгилди кучагына алды. Республикабыздын ондогон райондорун кыдырып жүрүүгө туура келди. Бир куплет ыры үчүн бир нече күн жумалап убара болгон күндөр болду. Эми, албетте, мунун баары артта калды. Аны мен милдет да кылбаймын. Акындын ырлары элге жетсе — менин мээнетимдин кайтканы ошол. Акындын ырларын жыйноодо баалуу пикирлерин айткандыгы үчүн агайларым, Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин доценттери З.Бектеновго, Б.Маленовго, профессорлор К.Иманалиевге, М.Борбугуловго ыраазылыгымды билдиремин.

Акындын ырларын жыйноодо билгендерин айтып бергендиги үчүн карыяларга: Бөрүкул Алыбай уулуна, Дөөлөталы Малике уулуна, Нартай Бекмамат уулуна, Ырсалы Туралы уулуна, Тагай Мамаке уулуна, Кутманкул Жээнкул уулуна жана башкаларга чын дилибизден ыракмат айтабыз.

x x x

Жеңижоктун ырларын чогултуп жүрүп, туулган жери Таласта Сары-Көбөндө да, өткөн жери Кара-Сууда да болдум. Менин суроом боюнча карыя Кенжетай Жабай уулу Жеңижоктун бейитине алып барды. Мүрзөсүнүн үстүндө бир түп жакшынакай табылгы көктөп турат. Бут алдымда Кара-Суу дарыясы шаркырап... Ушул учурда акындын өлөр алдындагы: "Мени Чомпол көрүстөнүнө койгула, Кара-Суу дарыясынын шарын угуп жатайын" деген керээз сөзү эсиме түштү. Мага чын эле, улуу акын Кара-Суу дарыясынын шарын угуп жаткандай сезилди...

Асанбай ЖУСУПБЕКОВ.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 691
1982
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

# З А М А Н А

Ажыдаар жыландай,
Жалмап барат, замана.
Баары жокту әзүнә,
Арбап барат, замана.
Жалаңгычты колуна,
Карма барат,замана.
Бурганактап бороондоп,
Карлап барат, замана.

Адырдан качкан бәкәндәй,
Чурап барат, замана.
Адал менен арамды,
Ылгап барат, замана.
Жакшы менен жаманды,
Сынап барат, замана.
Ак боз аттай алчаңдап,
Жүрүп барат, замана.
Азезил шайтан кәбәйүп,
Минип барат, замана.
Аярдантып токтотпой,
Кууп барат, замана.
Жылдан-жылга бузулуп,
Сууп барат, замана.
Таап екет бербеген,
Ичип убай кәрбәгән,
Кайыры жок байлардын,
Тапкан малы бекерге,

Кетип барат, замана.
Жоголор күнү байлардын
Жетип барат, замана.

Уч жылда бир шайланып,
Ак падышанын амалын
Издеп барат, замана.
Бий, болуштар, ыстарчын,
Бечера менен карыпты
Жектеп барат, замана!..
Чарык кийген кедейлер
Чоң келтегин көтөрүп,
Кектеп барат, замана!..

Калың элди тынчтыкка,
Койбой барат, замана.
Кутурган ит сыяктуу
Жойлой барат, замана.
Канга тойбос жыландай
Сойлой барат, замана.

Бийлиги бар манапка,
Кул сураттың, замана.
Колунда жок кедейге,
Пул сураттың, замана.
Карышкырды койлорго,
Ыркыраттың, замана.

Туш тарапка бөлүнтүп
Дыркыраттың, замана.
Алдууларга алсызды,
Чыркыраттың,замана.
- Бирээгө кең бирээгө-
Тар экенсиң, замана.
Бирээгө жок, бирээгө ~~бар~~
бар экенсиң, замана.
Бирге бакыт, бирээгө
зар экенсиң, замана.
Бирин кордоп, бирөбүн,-
Мактап келдиң, замана.
Бирин ~~ткеп~~ атып, бирөбүн,
Сактап келдиң, Замана.
Бирин суук, ысыкка -
Кактап келдиң, замана.
- Атанын уулун ачкадан,
Карыштырдың, замана.
Ар жерге айтып жүрүүгө,
Намыс кылдым, замана.

Кур турмуштун азабы,
Артып барат, замана.
Адамзаат көп түйшүк,
Тартып барат, замана.
Жылкы тийип эр өлүп,
Кун сураттың, замана.

Бар малыңды алдырып,
Жокчулукка маң кылып,
Тунжураттың, замана.

Ачылбаган караңгы,
Түндэй болдуң, замана.
Айыкпаган сары оору,
Зилдей болдуң, замана.
Алты пулга сатылган,
Күңдэй болдуң, замана.
Капкара болгон кокочтой,
Кирдей болдуң, замана.
Кыш мезгили күн кыска,
Ичиме толду капалык,
Ыраазы болбой турмушка.
Замананы ойлонуп,
Зарыгамын толгонуп.
Аз жалганчы дүйнэдэ,
Өтэбүзбү кор болуп?г.
– Замана наадан караңгы,
Баалай албайт адамды...

# БИЗДИН ЖЕР

Өлгөнгө жаят алакан,
Кара-Төбө, Балапан.
Буда болсо биздин жер.
Буга жайлайт биздин эл!
Журтта калды куу казык,
Улуу-Сасык, Кур-Сасык.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!
Куру Намас не керек?
Кожо-Ата менен Терек,
Камчынын учу эки эли,
Чаар-Таш менен Кепели,
Бу да болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Эр Алгы тоонун бийиги,
Элүүдөн жатат кийиги.
Ала-Тай тоонун бийиги,
Ар жерде жатат кийиги.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Сары-Камыш Кыла биздин жер.
Санаамдан кетпейт кайран жер
Көтөрмө,Өкүш, биздин жер,
Көңүлдөн кетпейт кайран жер
Каткырып ойноп жүргөн жер,
Жетилип күчкө толгон жер
Жез таңдай акын болгон жер,
Жигиттик курак өткөн жер.

Жамгырдай ырым тәккән жер,
Улуу Иай менен Кичи Иай,
Орто жери малга жай.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Элибиз жайлайт Жүрәккә,
Карабайыр, Тилеке,
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Коноктон салдык саксайды,
Жылкол менен Ак-Сайды.
Бу да болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Кароо жайлайт биздин эл,
Калың жар гана биздин эл.
Бүтәә менен Иистели,
Калың элдин баарысы
Карчыга салып издеди,
Кышкысын Кароо жайлашкан
Кырк-Уулдун балдары
Итке түлкү тиштеткен
Ак туйгун салып бәпәләп,
Жоготуп далай издешкен.
Орустан кәрдүк кенеге[1], = кагаз - китеп
Ак-Жол менен Тегене.
Бу да болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!
Жайлуу жерде мал калды,
Жазы кечүү Иалгалды,
Бу да болсо биздин жер,

Буга жайлайт биздин эл.

Кашка-Суу, Сары-Чечекей,
Арасы түрдүү бачекей[1].
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Жазында келет таркылдак,
Суук-Тэбэ, Шаңкылдак.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Ордодо ойнойт томпойду,
Калама-Таш, Чомполду,
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!

Ак-Ала-Таш, Чая-Таш,
Акташ, Оут, Айры-Таш,
Айланасы баары таш.
Чоң-Зоколду дагы таш.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!

Ишиң алга жэнэгүр,
Чолок-Колот, Жэлэңкүр.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!

Г.Байчечекей.

Чоорчу,Кашгак биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!
Базардагы пияла,
Актонду менен Бурана.
Бу да болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл!
Базардан көрдүк чыныны,
Кара-Булак, Сыныны
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин жер.
Жузүмжан,Кез-Арт биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Базардан көрдүк баркытты,
Кожокан менен Аркытты.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин ж эл.
Орустан көрдүк буланы,
Тоскоол-Ата,Кыланы.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин ж эл.
Кара-Камыш, Көтөрмө,
Карыган чалың жөтөлбө!
Боз-Тектир менен Аксак-Кой,
Калың элим барганда
Ортосунда болгон той.
Кара-Кыз менен Кашка-Суу,
Байгамбарлар алган туу.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.

Кум-Бел, Түрдүк, Чакыр-Таш,
Как-Жайлоонун арты көл.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Ачык-Алма, Түлкүнү,
Элим курган күлкүнү.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Миң-Теке менен Миң-Бугу,
Элим кылган көп чууну.
Буда болсо биздин жер,
Буга жайлайт биздин эл.
Тул-Сары менен Кызыл-Кол,
Калың журтум, эсен бол!

# ӨСКӨН ЖЕР

Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Алчасы койдун этиндей,
Алтымыш түрлүү мөмөсү,
Бышып турат эзилип,
Сулуу кыздын бетиндей,
Ар бутагы билектей.
Алмуруту жүрөктөй,
Көтөрө албайт шалайын,
Ийилип турат жаныбар,
Бышып турса кал салып,
Издеген мөмөң табылар,
Токоюнда сайраган,
Тотукуштун үнү бар.
Толукшуп аңкып бураган,
Атыр жыттуу гүлү бар.
Аркыт өзү кандай жер?
Көтөрмө ашуун белиң бар.
Баш аягы бир күндүк,
Ат чабым жерде көлүң бар.
Токоюнда булбул бар,
Көлүндө жүрөт кишенеп,
Кара кашка дулдул бар,
Көлүндө ойнойт дулдулу.
Багында сайрайт булбулу.
Тоскоол-Ата көлүмдүн,
Тосконун айтам элимдин,
Сары-Камыш, Кыла көлүмдүн.

Санатын айтам элимдин,
Кыздары кулгун кийген эл.
Кундә байге, кундә той,
Калың дооран сургән эл.
Келини кере баскан жер.
Кыздары эндик казган жер.
Мындай сонун әскән жер!..
Камыры жердей чоюлган,
Кундә жуз кой союлган.
Ач-арыгы тоюнган.
Олуянын бийиги,
Тәшундә ойнойт шагырап,
Бугу,марал,кийиги.
Олуянын орчуну,
Музурук ун бутуну.
Шек келтирген адамдын,
Кәрунән чыккан тутуну.
Мал тилесең мал берген,
Мал ээси- Бача-Ата.
Баш тилесе баш берген,
Баш ээси- Баба-Ата.
Касиеттуу кандай жер!..
Жайыгың Кербен талаасы.
Зыярат кылып ыйлаган,
Дин мусулман баласы.
Устундә-Унгар тоосу бар,
Алдында-дайра суусу бар.
Алдында Заркен базары,
Сефит-булан мазары.

Ар кимге тийген назары,
Кабырында калы бар,
Кайнарында балы бар.
Кумбэзундэ гулу бар,
Иечитинде суру бар.
Кабырынан кал чыккан,
Кайнарынан бал чыккан.
Кумбэзунэн ун чыккан,
Иечитинен сур чыккан.
Кэзу ачыктар эткэн жер.
Кэп олуям жатк н жер.
Саабалар эткэн жер,
Сан олуям жаткан жер.
Жанга жакшы жаткан жер,
Жамы олуям жаткан жер.
Баркырак сары жылдыздын,
Баткан жери турбайбы.
Жамы олуям биригип,
Жаткан жери турбайбы.
Саабалар мастаатин,-
Курган жери турбайбы.
Ала байра кызыл туу,-
Асманга чыкпай аманат,
Турган жери турбайбы!

1

## Нурмолдо менен Жеңижоктун айтышы.

НУРМОЛДО: Ак шарият колунда,
Ак пайгамбар жолунда,
Кудай деген пенденин,-
Касиети соңунда.
Алла деген кар болбос,
А дүйнөдө зар болбос.
Кудай деген кар болбос,
Көрүстөнү тар болбос.

Пайгамбарга дос болор,
Бар сааба Чалыяр.
Буйругунда ошонун,
Бүт макулук жаныбар.
Периштелер башкарган,
"Бейиш " деген жайы бар.

Ажал жетип өлүш бар,
Кара көргө көмүш бар.
Шейит болгон кишиге,
Акыретте бейиш бар.
Бейиш толгон жемиш бар,
Жейин десең тегиз бар.

Кожолорго кол берсең,
Зекет пулду мол берсең,
Кыяматка барганда,
Колдоп кетер сооп бар.

Кудай жүзүн көрүш бар,
Нурдун кызын өбүш бар.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 691
1982
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

26

Айткан сөзге кирбеген,
Зекет, пулду бербеген,
Күнөөлүүнү өткөрбөй,
Кыл көпүрдөн иргеген.
Кереметин мындан көр,
Күнөкөр пенде билбеген.

Тозок деген от болот,
Күйүп турган чок болот.
Казып койгон ор болот,
Адам чыккыс тор болот.
Тарткан шорун зор болот.
Зекет, пулдун пайдасы,
А дүйнөдө оң болот.
-Каза жетип өлгөндө,
Казып көргө көмгөндө,
Сурак кылчу периште,
Сурданышып келгенде,
Ңаңкур-Маңкур өзү бар,
Миң бир аяс сөзү бар.
Чекесинде жапкалгыз,
соктой казан казы бар, колдорунда көтөргөн.
Оттон соккон күрсү бар.
Күнөөсү көп кишини,
"Күрс " дедире бир салар.
Күлдөй сөөгүн талкалар.
Көп бергенди кечирип,
Кыл көпүрдөн өткөрүп,
Көр азаптан калкалар.!..

29

-деп ырдап токтолгондо, Өтө жанына жакын бастырып барып, атынын башын тартып, комузун күүлөп, биринчиден учурашып, экинчиден, суроо салып ырдап турган жери:

Өтө: - Ассалоому алейкум,

Ак селдечен алдаяр.
Ак шарият көнүндө,
Айттыңыз сөздү даңдаяр.
Анык жолун исламдын,
Ачкан дейсиң пайгамбар.
Пайгамбарга дос экен,
Бар сааба Чалыяр.
Буйругунда деп айттың,
Бүт макулук жаныбар.
Барсак орун кең бекен,
Периштелер башкарган,
"Бейиш" деген жайыңар?
Каза болгон кишиге,
Казган көрдүн ичинде,
Кайсыл жыргал шаани бар?
Опсуз айткан сөзүңдө,
Оролу суук маани бар.
Ак эшенге кол берген,
Акча пулду мол берген,
Көрөт бекен кудайды?
Көп дүнүйө малдуулар,
Көпкөн көпөс алдуулар,
Салтанаттап мактаба,
Сатып алсаң акчага,
Биздин жердей эмеско,
Опо "бейиш" деген жайыңар?!..

27

-Асемдикке кийгенин,
Анжияндын баркыты.
Ыкылас, куран, шарият,
Ырдарындын жартысы.
Тозок менен периште,
Сөздөрүндүн арткысы.
Эң жаманы адаттын,-
Ушак айткан калпычы!
Эл жактырса айтканын,
Өнөрпоздун баркы ушу!
Жалпырандап ырдайсың,
Тозок менен бейиштин,
Колунда окшоп ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң,
А дүйнөнүн жарчысы!
Жарык дүйнө- бейишим,
О дүйнөдө бар бекен?
Ушунун бир тамчысы.
Билип к туруп, чын сүйлө.
Бейиш мына, бул- дүйнө!
Жер астына баргамда,
Ушул турган жыргалдын,
Жетпейт сага саркыты!
-Кыйын болсоң, жооп бер;
Ай, Күн, жылдыз, асман,Жер,
Айтчы, кайдан жаралды?
Ай ааламдын жүзүнө,
Адам кантип таралды?
Айдан жылдыз чексиз көп,
Түн эмине каранғы?
Ажыратып айтып бер,

31

Адал менен арамды?

Акыретке бергенде,

Кара көргө салганда,

Отко жагып өлүгүн,

Өрттөйт дейсиң адамды.

Адам үчүн нээти,

Анча неге карарды?..

Өзүң өлүп көрбөсөң,

Кайдан билдиң, ~~кабарды?~~ аларды?..

Жаныңды жеп айтасың,

Жалган ушак кабарды.

Бул сөзүңө ишенип,

Бүргүм келбейт санаамды.

Отко салып өрттөсө,

Опсуз кыйнап жектесе,

Опончолук адамдан,

Көргөн бекен, залалды?!..

–Адам үчүн эң кызык,

Алдыңдагы келечек. 3)

Өткөндөрдүн чеги жок,

Өзгөрүлгөн шеги жок,

Бир да кабар деги жок,

Ой жүгүртүп, ченесек,

Байкап көрсөк алдагы,

Байгамбардан калганбы,

Башыңдагы элечек?

Эркек кийбейт биз жакта,

Ээси мунун келинчек,

Ыксыз желген ырдабай,

Ырдын наамын булгабай,

Элдин башын маң кылбай,
Эл ичинен чыгып кет!..
Же дубана болуп ак ургун,
Минип алып көк эшек!..
-Акын болсоң:элди ырда,
Берекелүү колу ачык,
Өнүп- өскөн жерди ырда!
Калка болгон калкына,
Элди баккан эрди ырда!
Угуп туруп, ырыңды
Ачуум кайнап, келдим да.
Ким адилет, ким кара,
Айтышалык кел мында?
Кимиси жеңээр экен деп,
Сынап турат эл мында.
-Акын болсоң анык айт,
Болуп өткөн тарыхты айт.
Акын десем, молдодой,
Молдо десем, акындай.
Кайран ырды кордобой,
Адебиң менен нары кайт?!..
Же, жакын болсоң кудайга,
Жардам кылып кедейге,
Суракчыга жооп берер, 28
Бой тумарын жазып бер,
Бал китебиң ачып бер.
Даана сүйлөп чындыкты,
Далил менен айтып бер.

Көзүң менен көрбөсөң,

Көп периште чогулган,

Кеңешинде жүрбөсөң,

Кереги жок жалгандын,

Кезегимди кайтып бер?!.. деп ырдаганда,-

-Нурмолдо жооп таба албай жеңилген экен.

5

ЭСЕНАМАН МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

Таласта тѳрт дубан чакырылган той болот. "Тойдуңж жарчылыгын биз ээлейбиз" деген ой менен казактан чыккан Майкѳт акын жана Эсенаман даткалардын устундѳ олтурганда эшиктен Жеңижок кирип келип, тѳр талаша олтурат. Майкет акын шектенгендей Ташкара билерманды карап: " Ойбай, Таскара, мынау балаң эсиктен келип ѳр таласты, ѳрдѳн соң тѳр таласты, суйдук кой, жайын айтышы?"- деп калды. Ташкара: " Өзүңүздѳр уккан Жеңижок иниңиз ушул"- деди. Анда Майкѳт:" Баса десең, кана Жеңижок карагым, сѳзүң болсо такалмай сѳйлѳй отыр, шамаң жетсе Эсенаман экемизди кабаты менен жѳйлѳй отыр" - деди.

Жеңижок комузун күүлѳйүн дегенде комузунун кылдары ным болуп калгандыктан, бир кылы чырт үзүлүп кетет. Аңгыча араң олтурган Эсенаман акын Майкѳттүн жемесинен кутулайын деген ой менен ѳз тарабын кѳтѳрѳ ырдап, Жеңижок тарапты кордогондой ырдайт. Өзгѳчѳ Майкѳттүн сыймыгын урматтап, Жеңижокту экинчи ооз ачып ырдагыс кылайын деген ой менен жаалданып калган жери:

Аманбы балам, Жеңижок,
Абаңдын сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан
Айтышарга теңи жок!
Аламан ырчы кѳп жүрѳт
Балам, айтканынын эби жок!

Эсенби балам, Жеңижок,
Эсендин сенден кеми жок.
Эки жактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элимде ырчы кѳп жүрѳт,

Эки ооз кепке эби жок!
Кандайсың балам, Жеңижок?
Картаңдын сенден кеми жок.
Кара жаак пендеден,
Каяша кылар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт,
Калжырай берген эби жок!

Өзгө сөзгө токтобой
Өзүмдөн кабар берейин.
Өкүнчүң болор, карагым,
Өзүң тапкын дебейин.

Жалпы сөзгө токтобой,
Жайымдан кабар берейин.
Таарынчың болор, карагым,
Таал алгын дебейин.

Эми айтайын чыныңды,
Жашырбай төгүп сырыңды.
Түбүңдөн бери бүт билем,
Үргүжү кытай ураанын.
Үргүжү кытай ичинде:
Ү-Кошой сарттар тууганым.
Келтирдиң менин жинимди!
Кескендей кылып тилиңди!
Үч-Кошой менен кең Талас,
Жерим ошол, Жеңижок.

Калың кытай уругу
Элим ошол, Жеңижок.
Киндигим кесип бууган жер,
Киримди чайкап жууган жер.
Эзелтен бери жай кылып,
Ата-бабам турган жер.
Улуулардан кеп уктум,
Уламалай мен уктум.
Ушул жерде туулган,
Сенин да уругуң кытай деп уктум.
Карылардан кеп уктум,
Кабарыңды мен уктум.
Калың кытай элинен,
Качып кеткен деп уктум.
Тегин таштап тентиреп,
Тентип кете берген дейт.
Уругу Сол Каратал
Ушул жердик элден дейт.

Беш уруу Солдон адашып,
Кайда бардың, Жеңижок?
Беркелүү эл болот,
Биздин, байга баргын, Жеңижок!
Алты уруу Солду унутуп
Кайда жүрдүң, Жеңижок?
Алымы жок жат өскөн,
Жайда жүрдүң, Жеңижок.

Айдап тогуз мал берген,
Биздин байга жүргүн, Жеңижок!
Бул жерден кардың тойбосо,
Кайра баргын,Жеңижок!
Уругуң Сол Каратал
Уругуң айтчы Жеңижок?
Убайым тартсаң алыңды,
Сурарың айтчы, Жеңижок.
Асирет арман арзыңды,
Угарың айтчы, Жеңижок?
Алты атаң Сол Каратал,
Арбагын айтчы,Жеңижок?
Аксыга качып Таластан,
Барганың айтчы,Жеңижок?
Андагы кэргэн кэп кордук,
Тартканың айтчы, Жеңижок?
Аксылыкты билемин,
Ала кээдэк эл болот.
Баарысын байкап кэргэмүн,
Марттыгы бизден кем болот.

Алты күнү ырдасаң,
Алеки[1] чапан кийгизет.
А, деген жерде биздин эл-
Аргымак тандап мингизет.
Жети күнү ырдасаң,
Желеки чапан кийгизет.
Жеткен жерде биздин эл -
Жээрдени тандап мингизет.

Айылга келип ырдасаҥ,
Алтыныҥ ашын карк болот.
Ат мингизип чыгармак,
Бизде, абалтан бери нарк болот.

Эзелтен беркин эскинин,
Эл кыдырган кескинин,
Элдир-селдир ырчынын-
Элдешпей тилин кесчүүмүн.

Эсенаман эски атым,
Эл кыдырган кески атым.
Күкүктэй күндэ күүлэнткэн,
Күндүр-түндүр сүйлэткэн.
Кош кимэктэй тил катым,
Акын болсоҥ ж‿оп бер,
Айтам сэздүн кыйбатын.
Акындыгыҥ жок болсо,
А да болсо зыйнатыҥ!

Менден мурун аныктап,
Кэрдүҥ бекен кэзүмдү?
Уламадан иликтеп,
Уктуҥ бекен сэзүмдү?
Кэрэлек болсоҥ кэзүмдү,
Угалек болсоҥ сэзүмдү.
Убара кылып издетпей
Учураттым кезинди.

Уч-Кошой менен Кең Талас,
Өз атаң жердеп әлгән жер.
Өәктәп жатып чогулуп,
Өкүрүп тууган кәмгән жер!
Өзәнүн бойлоп башынан,
Өмүрүң әсүп әнгән жер.
Өзгә жерде әкүнбәй,
Өз элиңе кәчүп кел.

Чоң атаң жердеп әлгән жер,
Чогулуп тууган кәмгән жер.
Чоочун жерде әкүнбәй,
Чогулган журтка кайтып кел.

Бирәәнүн жери жер болбойт,
Бирәәнүн эли эл болбойт.
Туурасын айтсам мен сага,
Туугандуу адам кем болбойт.

Башканын жери жер болбойт,
Башканын эли эл болбойт.
Артын ойлоп карагын,
Айылдуу адам кем болбойт.
Эсиңди жыйып, элиң тап!
Эзелки Талас жериң тап!

Калкың менен болбосоң,
Кайрат айтып не кылам.
Сәлүм бар тилимде,
Сәздән кантип жаңылам!

Кабыл алсаң айтканды,
Кайта келгин Таласка.
Өлсөң ыйлап көмүүчү,
Өз үйүңдөн адашпа!
Жалдырап барып көзүңдү,
Жат элдин көзүн каратпа!

Карап тургун карагым,
Карылык сөздөн сүйлөйлү:
Калкынан азып жүргөн бар,
Кайгырышып жүрбөйлү!
Кайрылып келсең кадырлап,
Калдайган журтуң сүйбөйбү!
Калкынан качкан акмак деп,
Сага да, бир кайырдыгер сөзү тийбейби?
Капылет жерден жоо болсо,
Карөзгөй жалаа доо болсо.
Карала шаар тууган жок,
Кармап минер буудан жок.
Балам,кайгырып ичиң куйбөйбү!
Тентибей элге кошулсаң,
Теңтуштар сени сүйбөйбү.
Теминишкен жоо болсо,
Тексиз жерден доо болсо,
Тентиген элсиз акмак деп,
Тентектин тили тийбейби?
Теңдигиң айтар киши жок
Телмирип ичиң куйбөйбү?

184

Өзү башка элден деп,
Сага да әжәрдүн тили тийбейби?
Өбәк кылар тууган жок,
Ооштой минер буудан жок.
Балам, эрттәнүп ичиң күйбәйбү?
Карысы жаштай жыргаган,
Жаштары жаагын жаныи ырдаган.
Калың кытай биздин эл,
Жара башың маң кылбай.
Кайрылып балам мында кел!

Баргандардан кеп уктум,
Баарысын байкап мен уктум.
Бакылдаган кайран эл,
Сенин баркыңды билбейт деп уктум.
Каттагандан кеп уктум,
Кабарыңды мен уктум.
Кажылдаган калдас эл,
Сенин,кадырың билбейт деп уктум.

Өчүгүп калган жоо болсо,
Өзүңә жалаа доо болсо.
Өмгәгүн салчуу жанында,
Жакшың жок дейт Жеңижок?
Өзәгүңдү дарт чалса,
Өпкә чабар жанында.
Бакшың жок дейт Жеңижок?

Карышып келген жоо болсо,
Каймана жалган доо болсо,
Каралашар жанында,
Жакшың жок дейт Женижок?
Кабырганды дарт чалса,
Кара болор жанында
Бакшың жок дейт Женижок.

Жангарачтын Осмонбек,-
Жакырыраак жакшы дейт.
Ажынын уулу Сулайман-
Алабарман бакшы дейт.
Бир мүнөзү кармаса,
Бой бербеген жинди дейт.
Антсе дагы башкарып,
Аксынын ичин билди дейт.
Алибектин беш торпок,
Айылдагы ашка орток!
Торпокту бука сүзбөйбү,
Бактысыз болуп жат элде,
Башына кайгы түшпөйбү?
Тууган жерин таштаган,
Акылсыз көрдүм сендейди!..
Эң кичүүсү Абдылда,
Жаңыдан атка минди дейт.
Шайылда,Субан,Осмонуң,
Аксыны бүтүн билди дейт!

Айсыз кара түн болсо,
Ала тополоң күн болсо.
Адашып өлсө мейли деп,
Артыңдан киши издейби?
Таарынбагын Жеңижок,
Табалбассың биздейди.
Алда кимден туулду деп,
Атасыз тексиз уулбу деп,
Ар ким айтып артыңдан,
Айың ушак кеп кылат.

Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Айыңпайт тийсе этиңе,
Ажыдаардын заарымын.
Анча-мынча жин тийсе,
Айыктыруу дарымын.
Калдайган калың журтума,
Касиеттүү карымын.
Кашында Шайкэт пиринди,
Көзүңдү ачып таанығын!
Арка, Талас бай болот,
Жегени куйрук май болот.
Таласка келип ырдасаң,
Алтының ашың карк болот.
Асили кедей Акыныңк,
Ичкени куруу чай болот.

Пайлап,сүттөп ичерге,
Бир кесип этке зар болот.

[illegible],
Жай мезгили бир кызык.
Жайнап жылдыз,ай чыгат,
Кеңешип чукул жарышса,
Тап берген жерден тай чыгат.
Тамандары кызыса,
Сары таман ат чыгат.
Сайрап турган тилимден,
Сабак-сабак кат чыгат.
Элирип ырдап отурсам,
Эли-журтум жактырат.
Эскирсем да жаш балам,
Ийниме чапан жаптырат.
Беш-алты ооз ырдасам,
Алдыма ат тарттырат.
Жетеси жок Жеңижок,
Жеталбай?сың чапкылап.

Куйүгүп балам,асылба,
Курчтук кылып басылба.
Өз атаңа жармашып,
Өспөй калба жашында.
Таасын күлүк тулпарга,
Тай жетеби жакында!

Карм да болсом кадырлайт,
Кушчу, Саруу талашып
Какылдап ырдап отурсам,
Кайыктай тилим жарашып.
Атымды уккан агаин,
Алдымдан тосуп самашып,
Жеңижок сендей акындар,
Чаңымда калат адашып.

Таамай ырчы сен болсоң,
Таңдын кызыл тилинди.
Таластан келип жолуктуң,
Таанып ал, Найкөт пириңди!
Таанибасаң кагайын,
Төрт чекене жиниңди,
Чыңданып туруп Жеңижок,
Чыгарып көрчү үнүңдү?

Кайрылып качан табасың,
Кадимки Талас конушту.
Токтолбостон Жеңижок,
Толгоп көрчү комузду.
Улуу-кичүү баарына,
Угузуп көр добушту.
Каяша кылбай тилимди ал,
Кашыңда Найкөт пириң бар.
Кайда качып барасың,
Каршы алдыңдан жолукту.

Жигиттик жаштык кийни деп,
Жеңижок колго тийди деп.
Эсеңдин айтканын,
Элдин баары сүйдү деп.
Арттан ушак болбосун,
Ак жеринен күйдү деп.
Калың жыйын сөз кылсын,
Карыган Эсең алды деп,
Бышы сынган баланы,
Бир сүйлөтпөй салды деп.
Толгой кармап капшыра,
Толорсуктан чалды деп.
Жеткилең күлүк Эсеңе,
Жеңижок жетпей калды деп!

Арышын көрө жүгүрүп
Алдыңкы буту бүгүлүп.
Адырлуу жерден сүрүлүп,
Аргымак келди, жол бергин!
Атактуу Майкөт пириңе,
Айыпкер болбой кол бергин!
Күнчүлүк жерден жүгүрүп,
Күүлөнсө буту бүгүлүп.
Капталдуу жерден сүрүлүп,
Казанат келди, жол, бергин!
Кашыңда Майкөт пириңе,
Күнөкөр болбой кол бергин!...

Эргий-эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп.
Эңиштүү жерден сүрүлүп,
Эсекең келди, жол бергин!
Эзилиң Шайкэт пириңе,
Эңкейип барып кол бергин!..

Жаркырап шоола тийгизген,
Күнүң ушул Жеңижок,
Кошуп айтсам шарият,
Диниң ушул, Жеңижок.
Айткан сөзгө кулак сал,
Акырекке түйүп ал.
Абайлагын, карагын,
Алдыңда Шайкэт пириң бар?!

Кэп сэзүмэ кулак сал,
Кэкүрэккэ түйүп ал.
Кэтэрүлбэй байкагын,
Кэрдүңбү Шайкэт пириң бар.
Сыйынуучу нак мазар,
Пириң ошол Жеңижок.
Күүлэнтүп күндэ сүйлэйткэн,
Тилиң ошол Жеңижок.
Шайкэт сага пир болот,
Пириңе тийген ким болот?
Сендей-Тендей ырчылар,
Тэрт чекене жин болот.

Таанybaсаң карагым,
Таанытайын пириңди.
Каяша кылсаң кайрылып,
Кагайын сенин жиниңди.

Сырты болом суусардын,
Дарчысы болом ордонун.
Тазаланып жуунган,
Даараты болом молдонун.
Угуту болом бозонун,
Чигити болом гозонун.
Качып кетер жәнүң жок,
Карши алдыңдан тосомун.
Канчалык камчылансаң да,
Карагым сенден озомун.
Талыкпай жолго салдырчу,
Таманы болом жоргонун.
Пириң Шайкәт алдыда,
Пириңди башлам, оңдогун!

Нәмәсү болом дарактын,
Шишеси болом арактын.
Жакасы болом Жеңижок,
Торкосу алтын манаттын.
Төгөнөк кылчы кәрәйүн,
Тоорулуп кайда бараттың?
Тамырың жайып тараткан,
Сабагы болом үманаттын.

192

Чабыттап эргип учарга,
Чалгыны болом канаттын.
Каяша кылчы кэрэйүн,
Каңгырап кайда бараттың?
Асылы болом жылкынын,
Акыны болом ырчынын.
Айчылыкта той болсо,
Алкынып ырдап турчумун.
Айтышамын дегенди,
Айттырбай тилин буучумун.
Ары жок сендей ырчынын
Алкымдап тойдон куучумун.
Торусу болом жылкынын,
Торгою болом ырчынын.
Топ жыйындын ичинде,
Торгойдой сайрап турчумун.
Томпойгой болгон жетимди,
Токмоктоп тилин буучумун.
Тогонек берген жетимди,
Тобумдан алыс куучумун.

Күлүгү болом жылкынын,
Күкүгү болом ырчынын.
Күлдүү журттун ичинде,
Күрмөлбэй сайрап турчумун.
Күүлөнүп келген ырчынын,

Күрмөлтпөй тилин бурчуумун.
Күлөнгөн сендей жетимди,
Күүнөлөп топтон куучумун.

Бууданы болом жылкынын,
Булбулу болом, ырчынын.
Бурулушта ыр болсо,
Буйдалбай сайрап турчуумун.
Бүгүн турган ырчынын,
Буйдалтпай тилин бурчуумун!
Кетсе да жашым картайып,
Кетелек мизи курчуун.

Аргымак аттай жулкунуп,
Арышты мен да керейин.
Мээнетү келген сөзүмдү,
Мөндүрдөй төгүп себейин.
Жайы жок жамсак кулукту,
Жаныма кантип теңейин.
Айтып көрчү Жеңижок,
Акындыгың ченейин.
Айтканыма жооп бер,
Андан башка не дейин.
Чыгарып көр үнүңдү,
Сага кезек берейин.

Эсенаман ырын токтотуп жай отурат. Элдин баары тунжурап бир дагы киши сүйлөбөй калат. Ошондо бир аксакал Жеңижокту карап:

"Балам,Жеңижок, сен айтар деле сөз калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү. Эсеңе каяша айтам деп, каарына калып, өз назарыңды сындырып, өзүңдү өзүң аксатып албагын" -деди. Анда Майкөт акын: "Олай эмес,карыя, Эсекең картайып калганбы, көп жаңылыстыктарды кетирди. Эсеңдин катесин тауп айтсаң, жеңетун кесек сеники, токтолмай сок, карагым, Жеңижок"- деп обдулуп койду. Жеңижок көп ойлонуп турбай эле: "Чын эмеспи, бардыгын жайгаштырып салып, Майкөттү оолуя,мазар,пир кылып,мени сыйынтып жатпайбы.Эсенаманды олуясына кошоктоп алып, жылаңачтап тозокту көздөй айдап жөнөйүн" деп Жеңижоктун ырдап турган жери.

Он сегиз миң ааламды,
Бир жараткан эмеспи.
Эң биринчи дүйнөгө,
Нур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчи деп,
Кур жараткан эмеспи.
Аалам жашап турсун деп,
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырып күн менен
Түн жараткан эмеспи.
Буруксутуп атырдай,
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык,
Ун жараткан эмеспи.
Бардык жанга насипти,
Бир жараткан эмеспи.
Алтын нурун төгүлтүп,
Ай жараткан эмеспи.

Жылдыздарың жайнатып,
Шай жараткан эмеспи.
Мусулманга бейиштен,
Жай жараткан эмеспи.

Асман жердин арасын,
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын,
Тең жараткан эмеспи.
Жайда салкын болсун деп,
Жел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы,
Эл жараткан эмеспи.

Көл бойлотуп учуруп,
Куу жараткан эмеспи.
Чөл жашарып күлсүн деп,
Суу жараткан эмеспи.

Өрдөк,каздын баарысын,
Көлдө кылган эмеспи.
Өлгөндөрдүн баарысын,
Көрдө кылган эмеспи.
Кайберендей күлүктү,
Төрдө кылган эмеспи.
Курт-кумурска жайларын,
Чөлдө кылган эмеспи.
Берекенин баарысын,
Жерде кылган эмеспи.

38

196

Жер-дүйнөнүн туткасын,
Элде кылган эмеспи.
Өмүрдү чак жаратып,
Пенде кылган эмеспи.
Жердин үстүн жайнатып,
Бак жараткан эмеспи.
Кээ бир жанды көбөйтпөй,
Так жараткан эмеспи.
Ар жаңга ажал,өмүрдү,
Ак жараткан эмеспи.

Ак шарыят исламга,
Кирбептирсиң, Эсеке.
Казак Найкөт пирим деп,
Жиндентирсиң, Эсеке.
Карыганча пириңди,
Билбептирсиң Эсеке!
Ооздун көркү отуз тиш,
Тил жараткан Эсеке.
Тил сүйлөтпөй айбанды,
Тим жараткан Эсеке.
Көйкаптагы дөө,пери,
Жин жараткан эмеспи.
Биз жаралган бир жай бар,
Мындан артык не жай бар?!..
-Жаман Найкөт экөөңдү,

Ким жараткан Эсеке?!..
Карыганда Майкәттү,
Мазар кылып кармапсың.
Эл чогулган мечитке,
Эч бир басып барбапсың.
Сапка туруп башыңды,
Сеждеге түк салбапсың.
Тантып ырдап отуруп,
Шайтандарга кошулуп,
Ырас айтсам, Эсеке,
Ыйманыңды жалмапсың.

Эми, Эсеке, анык ук,
Айтканымдын баарын ук.
Алжып кетпей бекерге,
Кулагыңды салып ук!:

Анык туулган башында,
Ата-энебиз адамдан.
Ай-ааламдын жүзүнә,
Адам әсүп таралган.
Күндүн алтын нурунун,
Күчү менен жаралган.
Албаптырсың эч кабар,
Адал менен арамдан.
Эми, әрдәктәй учуп келейин,
Өзүмдән кабар берейин:
Өзүңәр байкап көргүлә.

198

Өнәрүм артса жеңейин,
Өнәрүм сенден кем болсо,
Өләрмән экен дебейин.

Каздай учуп калкылдап,
Калкымдан кабар берейин.
Калыстык кылып кәргүлә,
Кадыры ашса жеңейин.

Кадыры сәзүм кем болсо,
Карыган экен дебейин.

Ата-бабам баарысы,
Таласта болгон туругу.
Уругум Сол Каратал,
Калың кытай уругу.

Жан болуп жаңы жаралып,
Жаркырап шам жанган жер,
Келгенимди белгилеп,
Киндик каным тамган жер.

Баарысын билем эсимде,
Калдайган кытай биздин эл.
Ата-энем күлүп кубанып,
Алдейлеп сүйүп алган жер.

Аксарыбашыл кой союп,
Ак түләәсүн чалган жер.
Аргасыздан мен кетип,
Алыс болуп калган жер.

199

Балалык кезде жүргөн жер,
Бар-жокту билбей каткырып.
Туугандан кетмек бөлүнүп,
Турмуштун тузу жат кылып,
Өмүрдүн жолу ар түрдүү,
Бурула берет турбайбы.
Ар нерсеге кезигип,
Уруна берет турбайбы.
Дүйнөдө жоктон бар болуп,
Туула берет турбайбы.
Кайрадан бардан жок болуп,
Кубула берет турбайбы.
Ар жерден буйруп туз,насип,
Татыла берет турбайбы.
Аракет кылса ырыскы,
Чачыла берет турбайбы.
Атам өлүп жашымда,
Айламды таппай башында,
Арка болчу ага жок,
Айланып турчу кашымда.
Энем өлүп жашымда,
Эсимди таппай башында.
Эрмек кылар ини жок,
Имерилчү кашымда.
Арка кылар ага жок,
Азып кеттим алыска.

Ашуусу бийик бел ашып,
Басып кеттим Аксыга.
Ак никелеп жарымды,
Алган жарым Аксыда.

Тээк кылар ини жок,
Тентип кеттим Аксыга.
Тегеректен жай таппай,
Шинтип кеттим Аксыга.
Үй-жай күтүп үйлөнүп,
Үшинтип жүрөм Аксыда.

Каралап баргам ал жерге,
Таякемди,тагамды.
Арка кылып эркелеп,
Ата-энең кылып аларды.
Туурлай турган жер болсо,
Тууганадан качып барамбы?
Жетимдин ашын ичирбей,
Жесирдин тонун кийгизбей,
Жетелеп багып өстүргөн,
Жемелеп сөзүн тийгизбей.
Алар менен кеңешпей,
Эсеке, кантип келем билгизбей?!..

"Баркыңды билбейт" деп айтып,
Басынткансып сүйлөдүң.
Бардыңды эл сыйлап баркташат.

201

Баамды чалым билбедиң,
- " Кадырыңды билбейт"-деп,
Кайма́на сөздү сүйлөдүң.
Калкымдын баары каалашат,
Чалым,кадырымды билбедиң.

Урматташат баарысы
Улуу-кичүү карысы.
Аламан эл" деп айтасың
Алардын алыска кеткен арышы!

Ызат кылат баарысы
Ырыстуу элдин карысы.
Ылайыксыз эл дейсиң,
Алардын ыраакка кеткен арышы!

Алибектин беш берен,
Аңдыган душман жетпеген.
Бериштеси башында
Бешөбү беш дубанды беттеген.
Беш торпок деп неге айттың?
Бегимдин жайын эми айттым!
Ойну Осмон,Субанды
Ойлосо билген дубанды.
Ортончусу Шайылда
Таанып болдуң,жайында.
Алиге ырдап жүрөсүң,
Шум оокаттын камында!

Арканын эли бай дедиң
Жегени куйрук май дедиң.
Аксынын эли жарды деп,
Ичкени куру чай дедиң!
"Алтын казык Аксы дейт,
Аркыты менен жакшы дейт.
Алжыганың болбосо,
Айтаар сөзүң билбедиң!
Баятадан аңшаңдап,
Балаңа кезек бербедиң.
Жеңип кетчү немедей,
Жээлигип колуң сермедиң.
Майкөттү кылып колдоочу
Курган чал мынча дегдедиң?!!

- Күңгүрөнүп ыйлагам,
Куйөрүмдүн жогунан.
Эне-атасыз жетимдин,
Эмне келмек колунан?
Кулак салып угуп тур
Кутулайын жообуңан:
Кутургансың мактанып
Курсагыңдын тогунан.
Багарга тууган болгон жок
"Байкуш"-деп боор ооруган.
Балапан түлөк жаш кезде
Басынтып кырсык тооруган.

Жергемден кеткем бәлүнүп,
Жетимдик менен оорудан.
Ала качып жанымды,
Барган жерим Аксыда.
Аман сактап әлүмдән,
Калган жерим Аксыда.
Айтканымды жок дебес,
Алган жарым Аксыда.
Алтын боолуу ак туйгун,
Салган жерим Аксыда.
Алтын жака кыйбат тон
Кийген жерим Аксыда.
Ата-энемдей ардактап,
Сүйгән жерим Аксыда.
Бакыт шамы жаркырап,
Күйгән жерим Аксыда.
Атка минип алчактап,
Жүргән жерим Аксыда.
Анык жыргал дооронду -
Сүргән жерим Аксыда.
Кәңүл ачып шаттанып,
Күлгән жерим Аксыда.

Качырышар жоо болсо,
Кара әзгәй жалаа доо болсо,
Каралашар элим бар.
Кабыргамды дарт чалса,
Кара болчу белим бар.

Өчүгүшәр жоо болсо,
Өзгәчә жалган доо болсо.
Өзгәчәләр элим бар,
Өзәгүмдү дарт чалса,
Өбәк болчу белим бар!

Тарбиялап әстүргән,
Таяке, тага дагы бар.
Тели-теңтуш тең курбу,
Тектүү элим дагы бар.
Кайгырбагын, Эсеке
Каралашар табылар!..

Байкагын Эсе, сөзүмдү
Айнектей ачам көзүңдү.
Абышка болгон кезиңде
Адашып айттың сөзүңдү.
Баарысын айтып нетейин,
Башка сөзгә өтәйүн.
Баятан айткан сөзүңә,
Баяндап жооп берейин.

– Нәмәсү болсоң дарактын,
Айылдан балдар келбейби?
Ары-бери имерип,
Акылын таап илбейби?
Арка этектеп теришип,
Ар кайсы жерге жебейби?

205

Данегиң чирип кык болор,
Кабыгың чирип жок болор.

Өмүрүңдүн акыры, -
Ушундай болуп токтолор!..

Шишеси болсоң арактын,
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңду,
Ташка чаап урбайбы?
Тамтыгы кетип быркырап
Талкаланып сынбайбы?
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй чал,жаның тынбайбы?

Абайлагын, Эсеке,
Арагы анын суу болот.
Ичегиңди күйгүзүп
Ичиңе барса уу болот.
Кәрүнгәнгә жулунтуп,
Кәпчүлүктә чуу болот.
"Эсекең жинди болду" деп,
Эл ичинде дуу болот!

Аракеч болсоң мас болуп,
Агаин менен кас болуп.
Ажалың жетип сен әлсәң,
Балдарың базар барбайбы.
Олуя-Ата базардан
Айтылуу шарап арактан,
Аябай арбын албайбы?

Беитиңе бул атап
Балдарың арак бербейби?
А дүйнә жайга барганда,
Абышкам, арактан азап кәрбәйбү?
Жанкур-нуңкур бериште
Жетимиш батман курсу алып,
Жаныңа басып келбейби?
"Рабиң кимдер?"- дегенде
Келмеге тилиң келбесе
Курсу менен бир коюп,
Сазайыңды бербейби?!..

Ойлонбой туруп айтылган
Оозунда жаман кеп турат.
Эдкем каапыр болду деп,
Эл айтып ушак көп кылат.
Күүләнүп буудан чуркаса,
Сендей,күлүктәр баспай тек турат!..

Сырты болсоң суусардын,
Эссиз бала кийбейби.
Эңкейип алса кокустан,
Жалынга башы тийбейби.
Кылканың күйүп жалынга,
Кыйноого башың кирбейби?
Кәркүң кетип куйпүйүп,
Кәргән адам күлбәйбү?

Жакасы болсоң манаттын,
Бүркүткә сени алдырар.
Кызыл түлкү экен деп,
Жака кылып салдырар.
Кийинчерәэк эскирип,
Кылы сынар кырчылып.
Тыбыты түшәр тытылып.
Каларсың чалым калдырап.
Жаргак болуп тытылып.

Угуту болсоң бозонун,
Шибер кылып әндүрәр.
Сокуга салып чакалап,
Сок билек менен талкалап.
Кәрбәнәнду кәргәзәр!..
Таруу шакка коштуруп
Ботко кылып кайнатар.
Челеке куюп ачытып,
Бозокорго тандатар.
Калтадан сүзүп әткәрүп,
Калганын уйга чайнатар.

Улам-улам әзгәрүп,
Мурунку кейпиң жок болуп,
Акырында сыгылып,
Алжыган чалым топ болуп,
Күрәң уй аймап бүтүрүп,
Кәйрәң чал калар жок болуп!..

208

Бозокор болсоң бостойтуп,
Эки көзүң тостойтуп,
Токтотпой айдап әзүңдү,
Тозокко түртө салбайбы?
Сабагы болсоң санаттын,
Өзүн-өзү куулайбу.
Өкүрөңдөп әйдәләп,
Обу жок сөзду сүйләйбу?
Салтанаттуу жакшы адам
Салттуу сөзгө кирбейби?

Чалгыны болсоң канаттын
Чабыттарсың, учарсың,
Жаның калбай жалпаңдап
Чар тарапка сызарсың.
Ары-бери жулунуп
Чамаң кетип бир кезде
Чалгының калар жулунуп.
Талаада калган чалгынды
Жок кылар шамал учуруп!

Чигити болсоң гозонун,
Астына чоң таш жаткырып.
Устүнөн дагы бастырып,
Баш-аягын бекитип,
Баскыч салып кысылтып,
Азабың берип колуңа
Агызар майың сызылтып?..

ДааратЫ болсоң молдонун, –
Кумганга суу куюлар.
Колуна алып койкойтуп,
Кожо-молдо жуунар.
Байкап көрсөң Эсеке,
Кандайча мунун оңу бар?!..

Алтымыштан ашканда
Арып калган экенсиң.
Акыл менен эсиңден
Танып калган экенсиң.
Азуу менен тишиңден
Чалып калган экенсиң.
Каруун кетип шылкылдап
Карып калган экенсиң.
Азабы көп тозокко
Барып калган экенсиң.
Жаратканды унутуп,
Жаныңдагы Шайкөттү
Шазаркылып пир тутуп,
Жарып калган экенсиң!..

Таманы болсоң жоргонун
Какыратып таш басар.
Туягың кетип түгөнүп
Таманыңды какшатар.
Темтеңдеп баспай жүгүнүп
Теминсе көзүң жаш басар!..

Күлүгү болсоң жылкынын
Күнгә,тойго минберби?
Күкүгү болсоң ырчынын,
Күүләнсә кыргый илбейби?
Күкүгү болом деп жүрүп,
Кәптән алдап жеп жүрүп,
Күнәәгә башың кирбейби?

Буудaны болсоң жылкынын,
Булкунтуп тойго минбейби?
Булбулу болсоң ырчынын
Бурулуп кыргый илбейби?
Булбулу болом дегениң
Мындан-андан жегениң
Бузуктукка кирбейби?..

Торусу болсоң жылкынын
Токмоктоп тойго минбейби?
Торгою болсоң ырчынын
Тоо турумтай илбейби?
Торгою болом деп жүрүп,
Топтон алдап жеп жүрүп,
Тозокко башың кирбейби?..

Асылы болсоң жылкынын
Алкынтып тойго минбейби?
Акыны болсоң ырчынын
Алжыган сәзду сүйләйбү?
Акыны болом деп жүрүп,

Андан-мындан жеп жүрүп,
Азапка башың кирбейби?

Жаак чачың алдырбай
Жүндүү болгон экенсиң.
Жаратканың унутуп
Жинди болгон экенсиң.
Жабдык салып шайтанга,
Минчи болгон экенсиң.
Жаннат турса тозокко
Кирчи болгон экенсиң.

Желке чачың алдырбай
Жүндүү болгон экенсиң.
Жыйылган топко каркылдап
Үндүү болгон экенсиң.
Жетелеп Майкэт жүрчүдэй,
Минги болгон экенсиң.
Баарын безип жаткырып,
Пир болду Майкэт ~~казганың!~~ казагың!
Билбесең айтып билдирем
Ким экениң, мазарың.
Анык Майкэт пир болсоң
Ушул жашка чыккАны
Канча киши жасадың?!..
Баатырсынып, Эсеке
Байлыгыңа мактанба.
Бүт баарынан безипсиң
Бир Майкэтты тапканга.

Караанын кәрбәй калкыңдын,
Каларсың түшүп капканга.
Тиштенип барып жатарсың
Тизеңден капкан чапканда.

Баятан бери айтканың,
Мааниси жок ыр болду.
Бүтүн качып баарынан,
Майкәт сага пир болду.
Айтканыңдын баарысы,
Санаты жок чыр болду.
Жети атаңды унутуп
Жолоочуну пир тутуп.
Сандырактап Эсеке,
Сага кандай сыр болду?..

Арышын кере жүгүрүп,
Алдыңкы буту бүгүлүп,
Адырдуу жерден сүрүлүп,
Аргымак келсе жол бербейм!
Атактуу Майкәт пириңе,
Айыпкер болуп кол бербейм!..

Күнчүлүк жерден жүгүрүп,
Күүләнсә буту бүгүлүп.
Капталдуу жерден сүрүлүп,
Казанат келсе жол бербейм!

Кашында Майкәт пириңе
Күнәкәр болуп кол бербейм!..
Эргий-эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп.
Эңиштүү жерден сүрүлүп,
Эсекең келсе жол бербейм!
Эзилиң Майкәт пириңе,
Эңкейип барып кол бербем!

Эскирип кеткен казагым,
Эзелки әткән сәздән чач.
Эшендигиң бар болсо,
Эсекеңдин кәзүн ач.
Эшендигиң болбосо,
Эшектей болбой нары кач.
Картайып кеткен казагым,
Кадимки әткән сәздән чач.
Калпалыгың бар болсо,
Карыяңдын кәзүн ач.
Калпалыгың жок болсо,
Качырдай болбой нары кач!..

– Адал эмгек дениңиз,
Ата-баба пирибиз.
Кәп коомунан адашсак
Кандай болот күнүбүз?
Тантырактап адашпай,
Таза жолго жүрүңүз.

Жол кәрсәтүп олтурган,
Мен Жеңижок иниңиз.
Эс-акылдан адашпай,
Элдин салтын билиңиз.
Ала кетем Аксыга,
Ар кылбастан жүрүңүз.
Билип жүрсәң бир нууган,
Бирге болот түбүбүз.

Ондогунун баарысын,
Орду менен кам кылган.
Эзелкиден калган иш,
эл-журт үчүн жам кылган.

Карманарың пир болсо,
Каалаганың дин болсо.
Арсланбапта кожо бар,
Арман кылбай шого бар.
Билип сәздү так айтып,
Бейилиңди агартып
Пирим дебей Майкәттү,
Пикириңди оңдоп ал!

- Ай кыярып баркырап,
Баткан жайы кайда экен?
Ата-бабаң чогулуп,
Жаткан жайы кайда экен?
Азезилди таш менен,
Аткан жайы кайда экен?

Күн кыярып баркырап,
Баткан жайы кайда экен?
Күлдүү пенде жыйылып,
Жаткан жайы кайда экен?
Күнөөлүнүү таш менен,
Аткан жайы кайда экен?

Таң Сары жылдыздын,
Баткан жайы кайда экен?
Топ олуя биригип,
Жаткан жайы кайда экен?
Олуялар байыстап,
Турган жери кайда экен?
Азезилдин таш менен, урган
Урган жери кайда экен?
Учсуз, түпсүз ааламга,
Улөштүрүп адамга.
Ырыс менен насипти,
Чачкан жайы кайда экен?
Алты бейиш эшигин,
Ачкан жайы кайда экен?
Нээрим тонун жамынган,
Эрте туруп кымынган.
Кол куушуруп калкынын,
Коомуна багынган.
Көзү көргөн чындыкты,
Көңүлүнө толтурган.

Акыл сөзүн үйрөтүп,
Ак туйгундай түлөткөн.
Ажымат атам ошо бар,
Арманда болбой кошо бар.
Карынганда келиптир,
Калжыраар кезегиң
Билбей жүргөн экенсиң,
Пирдин кандай экенин.
Айтып берсин толуктап,
Арсыз Майкөт эшениң!

Кесирлерленип унуттуң,
Келер сөздүн кезегин.
Жети атамды бүт билем,
Жерим Талас экенин.
Аксыга жүр мени менен,
Айыкканча кеселиң!
Талашы жок эч кимдин,
Талас туулган, мекеним!
Болбосун десе маскара,
Уруксат берер Ташкара.
Соолугуп келгин дартыңдан,
Сооп үчүн ала кетемин.

Токтотоюн сөзүмдү,
Көпчүлүк көңүл бөлгүлө.
Кимдин сөзү жүйөлүү,
Калайык сынай бергиле!..

Жеңижок ырдап бүтүп, терин сүртүнүп, оңдонуп олтурат. Жүз баштуу үйдүн ичи толгон эл, туурдуктарын каңтарып, туштан жык тыңшап жүрүшкөндөр андан көп. Жеңижоктун ырдаганына калың эл таң калат. Майкөт элди айландыра карап алып: "Бали, балам, Жеңижок жумуру бастуу, кызыл тилдүү адамда сенден аскан акын болмас, рахмат!"- деди да Эсенаманды карап: "Аулүйө", мазарыңмын, пириңмин деп мен сага кашан айтып эдим! Өзүң көтөрүп уруп, жыгып, төрт аягымды ~~буып~~ jaып бердиң. Балаң бауздамастан тирилей териңди дескери сыйрып салды. Энди айтар не сөз калды. Ырахмат, балам Жеңижок, мен айтыспай ак жыгылдым"- деди.

# ШЕКЕРКЫЗ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ

1910-жылы кеч күздө Таласта Кара-Бууранын оозунда Акназар деген бай чоң той берет. Бул тойго Аксыдан Нурмолдо, Ныязалы комузчу, Жеңижок, Арстан бий, Бөрүгүл болуп барып калат. Шекер деген акын кызды да Олуя-Атанын Дунган деген жеринен алдырып, Жеңижок менен айтыштырат. Ошондо Жеңижокко Шекеркыздын ырдап турган жери:

ШЕКЕР КЫЗ: Аманбы, акын Жеңижок?
Акын кыз сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышарга теңи жок.
Кайрыганда кызыл тил кетет балкылдап,
Кыргыз менен казактан,
Далайды жыккам алкымдап.
Жеңижок сендей акындар,
Жете албай калат салпылдап!..

Эсенби, акын Жеңижок?
Шекердин сенден кеми жок.
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элден тентип кетипсиң,
Эс акылың деги жок!..
Эр өлтүргөн эмедей,
Эл таштап кеттиң Аксыга.
Сени- ээрчитип барса болот бакшыга!
Күн төлөгөн кишидей,
Куюгуп качтың Аксыга.
Сени кубалап барса болот бакшыга!..

–Ташкара болуш тоюнда,
Жарчы болду деп уктум.
Аңгемени, ар элде,
Салчы болду деп уктум.
Эсенаман,Майкэтту,
Журттагы иттей улуттуң.
Каяша кылган акынды,
Кабаты менен куруттуң.
Айтышсам деп жүрчү элем,
Акназарбайдын тоюнда.
Азыр сага жолуктум.

– Санаттан айтар сан ырчы,
Жэн ырдан айтар ар ырчы.
Табышмак айтар чоң ырчы,
Такалбай табар чоң ырчы.
Табышмагың чечерсиң...
Табышмагым чечпесең,
Какшаган менен бекерсиң!
Кэргулугуң кэрэсүң,
Ныязалы экээбүң –
Аксыга иттей болуп жэнэрсүң...

– Уйүнэн элук чыкпаган.
Ааламда бутун бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге тушпэгэн,
Кууда бутун бар бекен?
Кара ~~Ырчы~~ ылаачын теппеген,

Калдайып жерге түшпәгән,
Казда бүтүн бар бекен?

Өәгү бар, жалы жок,
Экәә чыкты ким экен?
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыккан ким экен?

Шамалынан бейиштин
Учуп чыккан ким экен?
Саясынан бейиштин
Уркүп чыккан ким экен?

Кәк әрдәк сүзүп әтпәгән,
Кәлдүн пири ким экен?
Кәл жакалай куш салган ,
Эрдин пири ким экен?
Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин пири ким экен?
Айланып үйдән кетпеген,
Аттын пири ким экен?

Сопу, кожо койлорун,
Союш кылган ким экен?
Тебетейди жоготуп,
Топу кылган ким экен?
Бозокорду жоготуп,
Сопу кылган ким экен?
Актаман тору ат баспаган,
Жерде бүтүн бар бекен?

Эрназарбек чаппаган
Өлде бүтүн бар бекен?
Айыш менен Бүйүшкө
Ырчы эткөн ким экен?
Айбанаттын баарына
Сынчы эткөн ким экен?
Паренде менен Чаренде
Таятасы ким экен?
Таянеси ким экен?
Таап берчи Жеңижок
Таба албасаң эбиң жок?!..

ЖЕҢИЖОК: – Беш уруу солду унутуп,
Кайда кетти, Жеңижок?
Барган киши келбеген,
Жайга кетти, Жеңижок.
Конгон чымын учпаган,
Майга кетти, Жеңижок.

Алты уруу Солду унутуп,
Кайда кетти, Жеңижок?
Сары алтын Аксы аталган
Жайга кетти Жеңижок.
Алдымдагы Шекер кыз,
Айтканыңдын эби жок.
Жеңижоктун айтыша турган теңи жок!..

Тулпар минип, туу баштап,
Туулган жерим Таласта.
Насиптеш болдум жакшыга

Туз насибим бар экен,
Туруп калдым Аксыга.

Бакшыга барсаң сен баргын,
Мен бакшыга баргандай,
Тәрәйт белем, Шекер кыз,
Ак бешикке ардактап,
Бәләйт белем, Шекер кыз.

Сени- бакшыга барсаң албаган,
Сенин барбаган жериң калбаган...

Бубугә барсаң сен баргын,
Мен бубугә баргандай
Тәрәйт белем, Шекер кыз.
Эркектерди бубуңуз,
Өәнәйт бекен, Шекер кыз?

Сени бубугә барсаң албаган,
Сенин бутун да жериң калбаган!..

Эми, табышмагың чечейин,
Жообун бере кетейин.

- Уйунән әлук чыкпаган,
Ааламда бутун бир кудай.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдайып жерге тушпәгән.
Кууда бутун Куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,

Калдайып жерге түшпәгән,
Канатта бүтүн карчыга!

Өзгү бар, жалы жок,
Экәә чыкты дегениң -
Кош әгүз бакыр эмеспи!
Желмаяндай жүгүрүп,
Желип чыкты дегениң -
Тәә бакыр эмеспи.

Саясынан бейиштин
Учуп чыкты дегениң -
Карчыга, кыйгыр эмеспи!
Шамалынан бейиштин
Уркүп чыкты дегениң -
Азиреталы байгамбар,
Минген дулдул эмеспи!

Кәк әрдәк сүзүп әтпәгән,
Кәлдүн пири Эр Упүм.
Кәл жакалай куш салган,
Эрдин пирин сурасаң -
Азирет Султан арипим!

Ыркырап ээсин каппаган,
Иттин Пири Ыркытыр.
Айланып үйдән чыкпаган
Аттын пирин сурасаң -
Азирети Камбар Аския!

Сопу кожо койлорун,
Союш кылган Шалиида.
Тебетейди жоготуп,
Топу кылган Шалиида.
Бозокорду жоготуп,
Сопу кылган Шалиида.

Ак таман тору ат баспаган
Жерди бүтүн Индустан.
Эрназар бек чаппаган,
Элде бүтүн Түркстан.
Айыш менен Буйүшкэ,
Ырчы эткэн Токторбай.
Айбанаттын баарына
Сынчы эткэн Толубай.

Перенде менен Чаренде,
Таңтасы Тартаркуш.
Тай энеси бэдэнэ
Дагы барбы Шекер кыз?!..
Табышмагың таптымбы,
Өзүң иттей болуп калдыңбы!..

Эми,аңкылдаба Шекер кыз,
Адашкан жериң айтарсың.
Адашкан жериң айтпасаң,
Аркаңа карап кайтарсың.
.....................

Кәкәләбә, Шекер кыз,
Кәргән сырың айтарсың.
Кәргән сырың айтпасаң,
Кәтәрулбәй кайтарсың
.....................

Жакшы болсоң Шекер кыз,
Калкыңан бирәән албаптыр.
Сенин, эч кадырың калбаптыр.

Ээликпегин, Шекер кыз,
Элиңден бирәә албаптыр.
Сенин, эч тамтыгың калбаптыр!

Топто чыгып шаңкылдайт,
Бу карабет кимдин жесири?
Мунун калкка тиет кесири!..
Бу эри жок кимдин жесири?
Мунун элге тиет кесири!

ЖАЛГЫЗ ТАЛ

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал.
Жолдошу жок байкуш тал.
Булактагы жалгыз тал,
Муңайыпсың жалгыз тал.

Тукабадай жайылган,
Бүрүң кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана, жалгыз тал?

Кайрылып келип конгондой,
Каргага түнөк болгондой.
Канаты жок жалгыз тал,
Кайгысы көп байкуш тал.

Бурулуп мында конгондой,
Булбулга түнөк болгондой,
Бутагы жок жалгыз тал,
Муңга толгон байкуш тал.

Ак шумкар келип конгондой,
Шумкарга түнөк болгондой.
Ачасы жок жалгыз тал,
Арманга толгон байкуш тал!

Сен бул жерде жок элең,
Жериң кана, жалгыз тал?

Аймактуу чогуу жашаган,
Элиң кана, жалгыз тал?

Алабакан болгондой,
Ачаң кана,жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон,
Атаң кана, жалгыз тал?

Ичке тартып кетипсиң,
Денең кана,жалгыз тал?
Көтөрүп жүрүп чоңойткон,
Энең кана,жалгыз тал?

Өзүң жалгыз турусуң,
Бириң кана,жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган,
Иниң кана,жалгыз тал?

Көрүнбөйсүң ыраактан,
Караң кана,жалгыз тал?
Тегеренип ойногон,
Балаң кана,жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган
Агаң кана,жалгыз тал?
Апаң менен туушкан,
Тагаң кана, жалгыз тал?

Же сенде керилип чыккан бутак жок,
Кейиштесиң байкуш тал!..

Карайган талдын бирисиң,
Калың топтон ажырап
Кандай жалгыз жүрүсүң?

Эки талдын бирисиң,
Эл журтуңдан ажырап
Эмне жалгыз жүрүсүң?

Талдын жообу: Беш-алты ооз сөз кылып
Аңгеме дүкөн курадың.
Ажырап турган жалгыздын,
Ал-абалын сурадың.

Теңтушуңа ээ кылып,
Терип-тепчип курадың.
Телмирип турган жалгыздын,
Теги-жайын сурадың.

Кара жердин боорунда,
Калганың бар шөкүлдү.
Кайгырасың жалгызга,
Арманың бар шөкүлдү.

Кызыл-Күңгөй кыштообуз,
Душманың бар шөкүлдүз.
Кызыл өңүң керсары,
Бушманың бар шөкүлдү.

- Булактагы жалгызмын,
Муңдуу болгон байкушмун.
Башаттагы жалгызмын,
Баласы жок байкушмун.

Тукабадай кайылган,
Шамал алды бүрүмдү.
Өзүм менен тең өскөн,
Адам кескен инимди.
Өзүм менен бир тууган
Агам менен бир тууган.
Тагамды кести бул адам.

Ачайып чыккан бутагым
Алабакан кылам деп
Ашканага курам деп,
Ар ким келип кести эле.
Ал себептен түгөндүм.

Айбалта менен араалап
Башка чаап жаралап.
Бас болгонум ал үчүн.

Керилип чыккан бутагым,
Керкисин алып колуна,
Кесе чапты жонума.
Кереге үчүн кести эле,
Пенде болдум ал үчүн .

Узун чыккан бутагым
Укчу келип кести эле,
Убайым тарткым ал үчүн,
Бурулуп чыккан бутагым,
Буурсун үчүн кести эле,
Муңайганым ал үчүн.
Түзөлүп чыккан бутагым,
Түндүкчү келип кести эле
Түгөнгөнүм ал үчүн.

Бу жерде жалгыз турганым
Пендеге болсун убалым.
Аңырап жалгыз турганым,
Адамга болсун убалым!

ЖЕҢИЖОК: Талда болсоң далайдан,
Тегин эмес экенсиң.
Бериштелүү адамдан,
Бегине эмес экенсиң.

Тоногон сенин шагыңды,
Айырган баштан багыңды.
Тентип кеткен Жеңижок,
Заманага таарынды!..

# САНАТ

Жыйында чечен буулбайт,
Адалдан арам туулбайт.
Бар болбой малың чачылбайт,
Жок болбой жонуң ачылбайт.
Башыңа мүшкүл иш түшпэй,
Малың арзан сатылбайт.
Кеспей терек жыгылбайт,
Куусуз чакмак чагылбайт.
Жетимдин арты жабылбайт.
Ылайсыз дубал курулбайт.
Жаманга тандап кеп айтсаң,
Кабаган иттей ырылдайт.
Атылбай мылтык сай болбойт,
Эсеп таппай бай болбойт.

Куш кадырын биле албайт,
Өмүрүндэ салбаган.
Пэпэлэсэ жарашат.
Туйгун таптап кармаган.
Алдейлесе жарашпайт,
Алдына бала албаган.
Өлмэйүнчэ кор болбойт,
Жакшы адамды жандаган.
Ар жерге баспайт ушакчы,
Элден элди тандаган.
Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.

Кәп маанисин биле албайт,
Эзелден кудай муштаган.
Жан кадырын биле албайт,
Орозо,намаз тутпаган.
Ат кадырын биле албайт,
Алыска сапар чыкпаган.
Тон кадырын биле албайт,
Торко тандап кийбеген.
Ашыктык жайын биле албайт,
Сулуу алып сүйбәгән.
Жар кадырын биле албайт,
Жаш кезинде үйләнгән.

Жоо кадырын билалбайт,
Алты сай бараң атпаган.
Жетелеп жүрүп бага албайт,
Жетеси буудан чаппаган.
Нар кадырын биле албайт,
Жетелеп тәә тартпаган.

Колуңдан дәәләт тайганда,
Агайын сенден жат болот.
Аласа кирбей колуңа,
Алган колуң мант болот.

Катынды мээнет чырмаса,
Каяша кылат эрине.
Кедейди мээнет чырмаса,
1 Уругу кетпейт жерине.

Жакшыны мээнет чырмаса,
Коңшусу менен кас болот.
Баланы мээнет чырмаса,
Башы сары карт түшүп таз болот.

Ак бәкән келип жыгылат,
Алдын казып ордосо.
Ак туйгун келип чалынат,
Саятчы алдын / торгосо.
Ийри жыгач түз болот,
Теске салып ондосо.
Душманына кор болот,
Жигиттер өз тууганын кордосо.
Өзүнчә әскән тыт болот,
Жаман т,уган кырс болот.
Каарына алганда -
Ак жайдын күнү жут болот!..

# НАСИЯТ

Арча менен карагай,
Асман мелжийт чаначта.
Арпа менен буудайдын,
Бүткөн жери Таласта.

Астына душман чыкпаган,
Арбак дөөлөт залимде.
Айдын кол бети тунукта,
Адамдын башын кайсаган.
Ашык әкүм улукта.
Айтарга тил жок дудукта.

Капталына жүк артпай,
Карангыда жол тартпай.
Каруусуз болот бечелде.
Кандай арга кылам деп,
Убайым болот кеселде.
Байкап турсаң калет жок,
Жеңижок айткан каселде.

Алды,сатты шаркырап,
Соодасы болот базарда.
Ажал жетип күн бүтсө,
Орду болот мазарда.

# САНАТ

Айтайын санат, термеден,
Алты атаң эткэн жергеден.
Калган кэңүл, чыккан жан,
Кайрылып кайта келбеген.
Алака кылсаң ач кэзгэ,
Алганын кайрып бербеген.
Күлүктэр чуркайт тэр менен,
Күкүктэр сайрайт үн менен.
Катындын кэркү эр менен,
Дыйкандын кэркү жер менен.

Ашууга салсаң лөк таштайт,
Арык бир аттын чобуру.
Асмандап учуп куркулдайт,
Ала бир канат собуру.
Адамзаат пенденин,
Ар кандай болот жоругу.

Куптанда учуп оокат жейт,
Куруган байкуш жарганат.
Уурулардын белгиси,-
Өлгөнүнчэ карганат.
Жаман адам белгиси,
Иштегенден арданат.
Катынын эптеп багалбай,
Кэрүнгэн жерде сандалат.
Адамдын кээлүн калтырып,
Жолдошко жаман кеп урба,
Жигиттер жаның аманат!..

Ай кылайып жаңырса,
Ач белестен көрүнөт.
Адырдан шамал козголсо,
Асмандан булут сөгүлөт.
Ажал жетип,күн бүтсө,
Алтын баш элден бөлүнөт!..

Кулуктөр чуркайт мүргүбәй,
Күн белең, күндө келгидей:
Аргымак чуркайт мүргүбәй,
Ай белең,айда тийгидей.
Эрдик кылсаң бир сонун,
Эл эскерип жүргүдөй!..

Бул дүйнөдө не карып?
Айтылбаган сөз карып.
Ак алалуу бөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болор тез карып.
Кадырың жеңе билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелүү бел карып.
Каз,өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адил болбосо,
Убара болот эл карып.

Кайберен,кийик жатпаса,
Карайган аска, таш карып.
Алдейлеп бала сүйдүрбөй,
Ата-энесин ыйлатып,
Арманда кеткен жаш карып.

Айланып булут каптаса,
Агарып аткан таң карып.
Кыштын күнү талаада,
Кароосуз жүргөн мал карып.
Кол арыктан суу ичпей,
Чөлдө өскөн тал карып.
Кемпиринен айрылган,
Жетимиште чал карып.
Эл-журтунан айрылып,
Ээн баш жүргөн жаш карып.
Айылдан кызды тандаса,
Щураадын таап албаса,
Ким да болсо ал карып.

Асмандан жамгыр жаабаса,
Жазында чыккан гүл карып.
Ай, жылдызы көрүнбөй,
Борошо урган түн карып.

Өлүп калса доосу жок,
Доого келген күң карып.
Кадырын таап минбесе,
Кара буудан ат карып.

Окуткан менен билбесе,
Убара болгон кат карып!..

Ааламдын көркү Күндө бар,
Адамдын көркү й тилде бар.
Акындын көркү үндө бар,
Ашыктын жайы дилде бар.

Ай,жылдыз көркү түндө бар,
Жаз айдын көркү гүлдө бар.
Ак перидей сулууну,
Амалың болсо үндөп ал.

Өрдөк,каз көркү көлдө бар,
Куландын көркү чөлдө бар.
Дайранын көркү селде бар.
Дыйкандын көркү жерде бар.

Жайлоонун көркү малда бар,
Жыгачтын көркү талда бар.
Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.

Ашуунун көркү бийикте,
Мергендин көзү кийикте.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Капардар болуп ийикпе!

Тоо сөөлөтү ташта бар,
Баканын көркү сазда бар.

Саамайдын кәркү кызда бар,
Сайманын кәркү узда бар.

Тамактын кәркү тузда бар.
Чилденин кәркү музда бар.
Бекерликке берилбей
Дениң соода иштеп ал!

Балбаң-булпаң ким баспайт,
Балык жаткан кәл жазбайт.
Элчендеген ач калбайт,
Эки ат минген кеч калбайт.

Аттууга жәә жеталбайт,
Экәәгә бирәә баталбайт.
Жүрәгү жок кәр жаман,
Талаага жалгыз жаталбайт.

Кәп киришпе тыйынга,
Кәп киришсең тыйынга,
Жигиттер, учурайт башың кыйынга!
Арык койдой тырышпа,
Ар ким менен урушпа.

Карангыда жол жүрсәң,
Карыпты әрмән кылбаңар.
Каалап бегиң бербесе,
Жардыкты арман кылбаңар.

Карымбайдай мал кутсә,
Кол кайыры жок болсо.
Бардыкты арман кылбаңар.

Сарттар эгип бербесе,
Коонду арман кылбаңар.
Чигитин жерге чачпаса,
Уч кайтарып чаппаса,
Пахтага арман кылбаңар!

Угутуң даяр болбосо,
Уулуң тилиң албаса,
Катыныҥ карган барбаса,
Бозону арман кылбаңар!..

# САНАТ

Ашыкча доор келгенде:
Аргымак минип таптайсың.
Алтынды үйгә чаптайсың.
Алышкан жоону каптайсың.
Ашыкча доор кеткенде:
Айланып издеп таппайсың.

Күлүстән доор келгенде:
Күлүктү минип таптайсың.
Күмүштүү үйгә чаптайсың.
Күрәшкән жоону каптайсың.
Күлүстән доор кеткенде:
Күн сайын издеп таппайсың.

Ашыкча доор келгенде:
Аргымак минип дуулайсың.
Алтын купа туудайсың. ?
Аркырап аккан суудайсың.
Ашыкча доор кеткенде:
Акпай калган суудайсың!..

Күлүстән доор келгенде,
Күлүктү минип дуулайсың.
Күмүштән купа туудайсың.
Күрпүлдөп аккан суудайсың.
Күлүстән доор кеткенде:
Күрмәлүп аккан суудайсың.

Ашыкча доор келгенде,
Ашуусу бийик белдейсиң.

Агыны катуу селдейсиң.
Ашыкча доор кеткенде:
Аңгырап калган жердейсиң.

Кулустэн доор келгенде:
Күн нуру тийген белдейсиң.
Кукуктэп аккан селдейсиң,
Кулустэн доор кеткенде,
Кэрустэн болгон жердейсиң.

Ашыкча доор келгенде:
Атылган жоого мылтыксың.
Алтындан мунар чырпыксың.
Ашыкча доор кеткенде,
Ажалдуу болгон чырпыксың.

Кулустэн доор келгенде:
Кулуңдэп тийген күндэйсүң.
Күңгэйгэ чыккан гүлдэйсүң.
Кулустэн доор кеткенде:
Күүгүмдэнгэн түндэйсүң.

Ашыкча доор келгенде:
Ашуудан тийген күндэйсүң,
Адырга эскэн гүлдэйсүң.
Ашыкча доор кеткенде:
Ала булут түндэйсүң.

Ашыкча доор келгенде
Айдың чалкар көлдөйсүң.
Аркары көп төрдөйсүң.
Ашыкча доор кеткенде:
Ачылган кара көрдөйсүң.

Кулустөн доор келгенде:
Көгөргөн чалкар көлдөйсүң.
Кийиги көп төрдөйсүң.
Кулустөн доор кеткенде:
Көмүлгөн кара көрдөйсүң!

Ашыкча доор келгенде:
Агарып аткан таңдайсың.
Аякта турган балдайсың.
Ашыкча доор кеткенде,
Алынан кеткен чалдайсың.

Кулустөн доор келгенде:
Көгөрүп аткан таңдайсың.
Көөкөргө куйган балдайсың.
Кулустөн доор кеткенде:
Көксөө болгон чалдайсың!

Ашыкча доор келгенде:
Азамат жигит карманар.
Акылы жок көр жаман,
Айткан менен кур калар!

Күлүстэн доор келгенде:
Намыстуу жигит карманар.
Намысы жок бир жаман,
Какшаган менен кур калар!..

# С А Н А Т

Жакшы болор уулуң:
Он тэртүндэ октолот.
Он бешинде токтолот.
Жыйырмага чыкканда,
Эшигинин алдына -
Калдайган жыйын топ болот.

Жаман болор уулуң:
Он тэртүндэ октолбойт.
Он бешинде токтолбойт.
Эшигинин алдына -
Кәлдәйгән жыйын топтолбойт.

Катындар менен кас болот.
Бозону ичип мас болот.
Үй-жайына карабай,
Уулаганы аш болот.

Боз карчыга боодо ойнойт,
Борумдуу жигит жоодо ойнойт.
Болуму жок кэр жаман, -
Энеси менен аш талашып тэрдэ ойнойт.

Кэк карчыга боодо ойнойт,
Кэрктүү жигит жоодо ойнойт.
Кэркү кеткен бир жаман,
Апасы менен аш талашып үйдэ ойнойт.

Он эки жашка барганда:
Баланды жолго саларсың.
Баш ийдирип аларсың.
Он эки жаштан эткәндә,
Эрезеге жеткенде,
Тартип берип койбосоң,
Өкүнгән бойдон каларсың...

Балдар, илгеркиден кеп калган;
Ата-энесин сыйлабас,
Өз уулунан кордук кәрәт деп калган!..

## ЖАМАН КАТЫН

Жаман катын мүнәзү,
Караңгы түндүн бир әзү.
Саксай кылат конокту,
Сасытат жылга колотту.
Бытмый кылат конокту,
Былгытат жылга колотту.
Эки кәмәч нан кылса,
Бети-башы күл болот.
Аш бычагын колго алып,
Кырып-кырып тим болот.
Берген кудай албаса,
Кандай заман күн болот?

Бырыксып үйү чачылат.
Киши келсе үйүңә,-
Абийирин ачылат.
Кургак чачын таранып,
Какыр-кукур кашынат.
Эптей албай дамбалын,
Тизесин зорго жашырат.

Абысын келсе үйүнә,
Оң карабай түйтәңдәйт.
Тескери карап отуруп,
Жүнүн тытып күйкәңдәйт.
"Түгәнә элек жеңе" дейт.
Түндәгү кылган чүйкәм дейт.

Боюнда болсо кокустан,
Оору болот онтолоп.
Тогуз айы бүткүчө,
Күйөөсү- кызмат кылат жорголоп.
Деги айрылып каласың,
Бакпасаңыз шорполоп.

Үймө-үйдү кыдырып,
Айылдап кетет шудуңдап.
Көз ачелек күчүктөй,
"Апам качан келет деп.
Балдары ыйлайт чуулдап.
Ал олтурган анда жалпайып.
/Эки бут кеткен талтайып/.

Ушактап оозу арбаңдайт,
Табарсык кеткен тарсайып.
Опуза кылып бир койсоң:
Элечегин чокчойтуп,
Чоң көчүгүн бокчойтуп,
Айдап барат найыпка.
Бирин-экин малыңды
Байлап берет айыпка.

Алтымыш сом,бир эчки,
Алып берсең, бакшыга,
Аны,алмашпайт экен жакшыга!
Жетимиш сом, бир эчки,
Жетелеп барсаң бакшыга,

Бу жеталбайт экен жакшыга!

Конок келсе урушат.
Кой сойдурбай тырышат.
Алыстан келген конокту,
Араң мейман кыларсың.
Тәрт сакалың жуларсың.
Арбак урган жаманды,
Тәркүнгә берип тынарсың.

Жанды жанга салганың.
Жаман болсо алганың,
Жадыңдан кетпейт арманың.

Отту отко салганың,
Жаман болсо алганың.
Жигиттер,оюндан кетпейт арманың.

Жакшы болсун жигиттин,
Өмүр жолдош курдашы.
Жакшы болсо сырдашы.
Анын, булутка жетет бир башы.

Жаман болсо жигиттин.
Өмүрлүккә курдашы.
Анын кургабайт экен кәз жашы!..
~~Бәрүкүл Алыбай уулунан~~
~~Кутманкул Жаанакы уулунен~~

## Н А С И Я Т

Арча менен карагай
Асман мелжийт чаначта.
Арпа менен буудайдын,
Бүткөн жери Таласта.

Астына душман чыкпаган,
Арбак дөөлөт залимде.
Айдың көл бети тунукта,
Адамдын башын кайсаган
Ашык әкүм улукта.
Айтарга тил жок дудкта.

Капталына жүк артпай,
Караңгыда жол тартпай.
Каруусуз болот бечелде.
Кандай арга кылам деп
Убайым болот кеселде.
Байкап турсаң калет жок
Жеңижок айткан каселде.

Алды, сатты шаркырап,
Соодасы болот базарда.
Ажал жетип күн бүтсә,
Орду болот мазарда.

Токтогулду Сибирге айдап жөнөгөндө Женижок ырчынын коштошуп ырдаганы:

ЖЕНИЖОК: Төбурчак минген Токтогул
Толгонуп элиң жоктогун.
Толгон кыргыз элиңе,
Эми, толгонуп келбейт окшодуң?..

Караны минген Токтогул,
Кайрылып элиң жоктогун.
Калдайган кыргыз калкыңа,
Эми, кайрылып келбейт окшодуң!..

Буурулду минген Токтогул,
Бурулуп элиң жоктогун.
Булбул тилдүү жаш өмүр,
Эми,муңайсаң келбейт окшодуң?..

Айдыңдуу кыргыз элине,
Айта жүргөн санатым.
Алты дубаң эл болсо,
Сен элең менин канатым.
Керимбай кылды кесирди,
Карматып каңкор адатын.
-Кымбатын аяйм жаныңдын,
Кайтуунга кетип барасың.
Мансабы чоң зөөкүрлөр,
Өнөрдү кайдан бааласын?

Карагат кѳзүң жалдырап,
Акылың таппай дабдырап.
Сен, ырбаттың ѳтѳ жарасың!..

Айтылуу мерген аңдыса,
Айттырбай билет болжолун.
Байлаган элдин бактарын,
Бай,манап, эшен, чоң жооруң.
Кошомат кылып мал багып,
Кѳзүндѳ эгин оргонуң.
Байлашып сени кеткенге,
Буркурап жашың тѳккѳнгѳ,
Менин, сынгандай болду оң колум!..

Жез таңдай акын кѳп эле,
Жактырган жокмун бѳлѳгүн.
Кызыган эле жаңыдан,
Кызыл тилде ѳнѳрүң.
Бирговор кагаз жазылып,
Анык болду жѳнѳрүң.
Жаңыртып күндѳ күү чалган,
Жаңшаган сайын күч алган,
Током, сен элең менин жѳлѳгүм!..

Какшаган сѳздүн макулу,
Кара жаак,кайкы тил,
Калк тааныган акыны.
Какшап турган Ѳтѳнүн
Кадырлаган жакыны.
Кайрып колду байлашты,

Катар басып айдашты,
Тоқом, кор болмок болдуң акыры!..

Жайлоонун гүлү ачылса,
Жай калат желге баш ыргап,
Жазы кыргыз элине
Жарышып, чыктык тең ырдап.
Эми, жайлоонун гүлү куурады...
Жанаша өскөн жан досуң -
Сенин, жайыңды ойлоп муңданды!..

Эрмендин гүлү ачылса,
Эңкейет желге баш ыргап.
Эки дубан эл болсо -
Ээрчишип жүрдүк тең ырдап.
Эми, эрмендин гүлү куурады.
Ээрчишип жүргөн жан досуң
Эңгиреп ыйлап муңдады...

Колуңда кишен шалдырап,
Кайрылтпай солдат балдырап.
Көйтүнгө кетип барасың.
Күнөөсүз көзүң жалдырап.

Бутуңда чынжыр шылдырап,
Бурултпай солдат булдурап.
Бурулча байкуш энеңдин,
Оозунан түтүн буркурап!..

Көзүнөн жашы дыркырап,
Үн катса сөөк зыркырап.
Алганың байкуш Тотуя-

Аргасыз калды чыркырап!..

Манаптын кесир ишинен

Тирүүләй жетим балдарың.

Кәтәрбәскә чара жок

Токо, тагдырдын башка салганын...

Эшендин кесир ишинен,

Эрксизден жетим балдарың.

Чыдабаска арга жок,

Токо, жазмыштын башка салганын!..

Аргымак жалын өрөрсүң,

Айылдан насип бар болсо,

Айланып элге келерсиң.

Тобурчак жалын әрәрсүң.

Топ элден тузуң буюрса,

Толгонуп элиң кәрәрсүң...

Алыстан угуп чыдабай,

Атайы келдим кашыңа.

Азамат эрдин кашында,

Ар нерсе келет башына.

Алыс, жакын эл турат,

Токо, арманга батып жашыба?!..

Кулагым угуп туралбай,

Кәргәнү келдим кашыңа.

Кәгәргән кырчын жашыңда,

Кәп нерсе келет башыңа.

Кәңүлдү миң сан бәлүнтүп,
Токо, күйүткә салып жашыба?!

ТОКТОГУЛ: Кушчу-Суу,Арым,жеримден,
Кармалып кетип баратам.
Калың кыргыз элимден,
Айдалып кетип баратам.
Азуусунда манаптын
Чайналып кетип баратам.
Уурулук кылган жанга окшоп,
Эч бир кылган күнәәм жок,
Байланып кетип баратам.

Колумду кайрып байлады.
Ботодой кәзүм жайнады.
Эр әлтүргән жанга окшоп,
Артымдан солдат айдады.
"Калк үчүн ырдап жүрәм" деп,
Ушинтип шорум кайнады.
Кәрүңдә күйгүн Керимбай,
Жалааны жаап жайлады!..

Башымда мүшкүл иш болуп,
Убайга түшүп барам а.
Кәз-багыңды сала жүр,
Менин, тирүүләй жетим балама?..

Арка жагым карасам,
Бозбунун тоосу кәрүнәт.
Менин,кәзүмдән жашым тәгүләт.
Мойнумда соолу албырайт,
Бутумда кишен шалдырайт.
Менин, аргасыз кәзүм жалдырайт!..

Ар дубанда сайрасаң,
Акындын элең булбулу.
Атайлап издеп келипсиң,
Азапка түшкән курбуну.

Аргасыз кетип барамын,
Агайын-тууган элимден.
Айланып элге келермин,
Сактаса кудай әлүмдән.
Аман бол, Өтә, жан досум,-
Чыкпасың такыр кәңүлдән!..

# АЙТ,АЙТ ДЕСЕ

Айт,айт десе токтолбой,
Ашуудан шамал соккондой.
Жазда жамгыр тәккәндәй,
Жер жумшатып кеткендей.
Мүдүрүлбәй,кагылбай,
Айтар ойдон жаңылбай,
Аксы менен Таласты айт.
Кәкчә менен Манасты айт,
Күн жүгүрүк канатты айт.
Күйгән элде санатты айт.
Өтә кызыл манатты айт,
Өткән элде санатты айт.
Ат үстүндә китепти айт,
Муну окуган молдону айт.
Качканды айтпай кууганды айт,
Чобурду айтпай бууданды айт.
Болуп әткән тарыхты айт,
Жалганды айтпай аныкты айт.
Акындардын ырын айт,
Акылмандын сырын айт.
Кедейлердин муңун айт,
Балбандардын күчүн айт.
Арыстандын сүрүн айт.
Булбул торгой үнүн айт,
Чәбүн айтпай гүлүн айт.
Туулуп әскән жериңди айт.
Куттуу кыргыз елиңди айт.

Тоскоолдун көлүн айт,
Суусамырдын төрүн айт.
Атан төөдөй эрди айт,
Аргымак тууган бээни айт.
Жүк көтөргөн төөнү айт,
Күмүштү айтпай алтынды айт.
Азамат тууган катынды айт,
Конодон чыккан күлүктү айт.
Карышкыр алган бүркүттү айт,
Алганды айтпай бергенди айт.
Жоону жеңип келгенди айт,
Бурама темир сом темир,
Бурбай соккон устаны айт.
Буркурап жаадырган булутту айт,
Кырга капкан салганды айт.
Кызыл түлкү алганды айт,
Жонго капкан салганды айт, ?
Жолборс атып алганды айт.
Көз мелжиген бийикти айт,
Анда жүргөн кийикти айт.
Керилип кетмен чапканды айт,
Адал дүйнө тапканды айт.
Көпүрө салган балбанды айт,
Жол оңдогон адамды айт.
Ай,күн менен жылдызды айт,
Азаптуу болгон турмушту айт,
Таттуу болгон өмүрдү айт.
Өзгөрүлгөн көңүлдү айт.
Мергенчинин көзүн айт.

Карыянын сәзүн айт.
Ашкебини сәгүп айт,
Акын болсоң тәгүп й айт.
Ак караны ылгап айт,
Жүрәк менен жыргап айт.
Эмгекчини мактап айт,
Жатып ичер бузукту,
Какшык сәзгә кактап айт.
Адилетти коргоп айт,
Арамзаны кордоп айт.
Ак болоттун бәркүн айт,
Ала-Тоонун кәркүн айт.
Ач албарсты курчун айт,
Ата-бабаң журтун айт.

# Бай балдары

~~222~~

Агарган тоонун адыры ай,
Агамдай болгон Садыр ай.
Айыке бакма апам ай,
Азыр айтып жатам ай!..
Аркаңар тийип силердин,
Аймакташ болдум жакшыга,
Туз камегим бар экен,
Турук кылдым Аксыга.

Кара-Өуу менен Кайыңды,
Айтоп өтөм ~~[illegible]~~ байыңды.
Серп салып калса кокустан,
Серпип алган тайыңды.

Ак-Тәбәнүн бер жагы,
Чоң кәлмәнүн нар жагы.
Чөкөтәйдүн балдары,
Кошулуп орок оргонсуп,
Башында бирге болгонсуп,
Талашса колдон жарманы,
Бу да Чәкәтәйдүн балдары!..

Бел-Өрүктүн нар жагы,
Чоң-Сороңдун бер жагы,
Молдокенин балдары,
Кирбеген үйү калбаса,
Акчасын берип койгонсуп
Короодон койду тандаса,
Жыландай журтту жалмаса,

Буда Молдокенин балдары!..

Капчыгайдын нар жагы,
Чоң Кэрбендин бер жагы.
Сулаймандын балдары,
/Сэзүнэн чыгып жалганы/,
Калкына салык салдырса,
Жалгыз уйлуу кедейдин
Музоосун тартып алдырса.
Буда Сулайманкул балдары.

Чоң-Сорондун нар жагы,
Кызыл-Жардык бер жагы,
Осмонбектин балдары.
Торудан атты токушса,
Ташкенден барып окушса,
Бурулдан атты токушса,
Букардан барып окушса,
Буда Осмонбектин балдары!..

Чоң Кара-Ойдун нар жагы,
Жедигердин бер жагы,
Ташыкулдун балдары!...
Канкорлугу ушунча,
Мылтыктын сынап түздүгүн,
Адамды аткан, кутурса,
Буда Ташыкулдун балдары!..

Ак-Суудагы Боду ажы,
Кәпту кәргән куу ажы.
Фору айгырдын аласы,
Токтоматтын баласы.
Адамды сайган байгеге,
Кәпкәндүгүн карачы.

Бууранын нар жагы,
Тегененин бер жагы.
Алибектин балдары,
Ажыдаар болуп арбады.
/Кыйла бар мунун жанжалы/.

Уч-үчтән болуп ийрилип,
Үйиндә жатат тайганы.
Узүпалы айбаны,
Буда Алибектин балдары!..

Кыйкырса келет тайганы,
Кыдыралы айбаны
Буда Алыбектин балдары!
Нашасы жок баңгилер,
Байталы жок аңгилер
Өзүнчә жүргән заңгилер
Буда Алибектин балдары!..

– "Кабактын жолун каз" деди,
Кайрылып мындай бас деди.
Каяша кылган адамдын –
Жонуна келтек "тарс!" деди.

Бурулбай мындай бас деди,
Бу казганың аз деди.
Бурулуп мындай басканды,
Мурдуна келтек "Карс!" деди.

Ташкенден келген тапанча,
Такчалап дары куйбайбы?..
Ташкенден келген солдатты,
Тапыратып кырбайбы!..

Кокондон келген койчагыр,
Кочштап дары куйбайбы?..
Кокондон келген солдатты,
Кокуйлатып кырбайбы!..

Кадыржанга.

228

Кара-Суруда бир тойдо Кыдыржан деген бир кишим кэк бэру тартып жатып аттан жыгылып дүйнэдэн кетти. Ошондо Жеңижоктун кошуп турган жери:

Жуздуктэй болуп сузулуп,
Кыдыржан, жудунуң кетти узулуп!..
Айнектей болуп сузулуп,
Кадыржан, акырек кетти узулуп!..

Адырда жыйын буулду,
Ант ургандай Кыдыржан,
Бет алдынан жыгылды.

Дэбэдэ жыйын буулду,
Дээ ургандай Кыдыржан,
Тэбэсунэн жыгылды.

Серкенин майын ашаган,
Сексенге чыга жашаган.
Атаң- Сарымсак калды буркурап.
Кууратып чалды кетти деп,
Кэпчулук калды чуркурап!..

Токтунун майын ашаган,
Токсонго чыга жашаган
Атаң Сарымсак калды буркурап.
"Туяксыз байкуш этту" деп,
Тозокту салып кетти деп,
Тууганың калды чуркурап.

Эскирбестен жыгылган,
Сел каптаган дубалдай.
Ат үстүнөн жан бердиң,

229

Мергендер аткан куралдай,
Ичкен суун бүткен соң
Алагар кәзүң оюлуп,
Кайраным, акырет кеттиң туралбай!..

Карайган бакта сайраган,
Куштан качкан чымчыктай.
Алты сай ичи жоюлган,
Атылдың баран мылтыктай.
Көрер күнүң бүткен соң,
Карагат кәзүң жоюлуп,
Кайраным, а дүйнә кәчтүң унчукпай!..

Токтогул Сибирден качып келгенде Аксыдагы Жеңижокко баш калкалап качып келет. Ошондо Жеңижок ырчынын Токтогул менен учурашканы.

ЖЕҢИЖОК: Сайга салсам илинбейт,
Дулдулум Током келгенби?
Сайратып комуз черткениң -
Санааман кеткен жок эле,
Менин, булбулум Током, келгенби?..

Кумга салсам, илинбейт,
Күлүгүм, Током, келгенби?
Куулантып комуз черткени -
Кулагыман кеткен жок,
Менин, күкүгүм, Током келгенби?

Аргымак оозун кергенби,
Аныктап бизге бергенби?
Ар жыйынды эриткен
Асылым Током келгенби?
Аркага колун байлаткан,
Алыска Шыбыр айдаткан,
Токомо, аңдашкан душман әлгәнбү?..

Каранын оозун кергенби?
Кайран Током келгенби?
Калк акынын көрөм деп,
Калың журтум келгенби?

5

Калкынан Шыбыр айдаткан,
Кайрып колун байлаткан,
Токомо, кас санаган элгэнбү?..
Саабалар берген би.
"Салтанатын кэрэм"- деп,
Саруу журтум келгенби?
Сандалтып Шыбыр айдаткан,
Сабап колун байлаткан,
Токомо, санаган душман элгэнбү?..

Торунун оозун кергенби,
Теңирим чындап бергенби.
Топ жыйынды гүлдэткэн,
Торгоюм Током келгенби?
Токмоктоп колун байлашкан,
Топтон Шыбыр айдашкан.
Токомо, тоорушкан душман элгэнбү?

- Ак каймалдан сүт кеткен,
Ажыратып аларга,
Агаинден күч кеткен

Кайберенден сүт кеткен,
Кайрып жолдон каларга
Кайырлардан күч кеткен!

Алдымда атым жок эле,
Артыңдан издеп бararга,
Сенин,аркаңда тууган жок эле!..

6

Карманган атым шок эле,
Кара кылып бел туткан,
Сенде, карманар тууган жок эле?..
Айта турган кеп беле,
Айыпсыз нечен адамдар,
Айдаткан бойдон кетти эле?
Козгобой койчу кеп беле?
Күнөөсүз канча бечара,
Кошоктолуп кетти эле!

Айлыңда калган балдары,
"Аталап"ыйлап келди эле,
Элиндеги балдары,
Эрксизден ыйлап калды эле,
Ак сакалдуу атасы -
Сакалын жулуп калды эле,
Алтымышта апасы -
Ак чачын жайып калды эле,
Ак-карасын ылгабай,
Ак падыша Никелей,
Арам ойлуужан беле?
Же Шыбырга барып келгидей,
Алтымыш эки кишинин
Маңдайында шору бар беле?...

Током,карагы миндиң шайланып,
Калкыман кеттиң, айдалып,
Кайрылып келип турасың,
Карчыга куштай айланып,

Жээрдени миндиң шайланып:
Жериңден кеттиң айдалып.
Жериңе келип турасың,
Жем жеген куштай айланып.

Кək-Ойго тиккен чатырың,
Кəрсəң, Током,акыным,
Кəрəргə элди зар болгон,
Кəзүнүн жашы кəл болгон,
Сенин, кəйкəгүң айтып жатырым!..

Ак-Ойго тиккен чатырың,
Асыл Током, акыным,
Алыска Шыбыр айдалган,
Аркага колу байланган,
Сенин, арманың айтып жатырым!..

– Токомо ашыкча доор келгенде:
Аленген кийип чок болуп,
Аргымак минип октолуп,
Током, ар жерге барса топ болуп!..

Токомон ашыкча доор кеткенде,
Айыптуу күнгə тоттолуп,
Ак жапа сурап сот болуп,
Ар күнү мылтык октолуп.
Асыл əмүр гүлдəй жан –
Айдоодо жүрүп жок болуп!..

8.

Током, гүлүстөн доор келгенде:
Күлгүндү кийип чок болуп,
Күнүгө жыйын топ болуп,
Күлүктү минтип октолуп,
Токомон, кулүстөн доор кеткенде:
Куйүттүү күнгө токтолуп.
Күнадыр сурап сот болуп,
Күнүгө мылтык октолуп.
Күлгүн өмүр, гүлдөй жан -
Куйүттө жанып жок болуп!..

- Токсондогу энекең,
Тоголонуп карады.
Байга тийди дешти эле,
Тотудай жарыңы.
Толгонуп келип таппады,
Топчубайдай шагыны...
Эми, кайгырган менен айла жок,
Кайраттан башка пайда жок.
Топтуу кыргыз куттуктайт,
Током, тынч-аман келген жаныңы!..

- Айдалгандын бири элең,
Айланып элге келипсиң,
Эми, ар жерге барсам шериксиң!
Кармалгандын бири элең.
Кайрылып элге келипсиң,
Эми, каякка барсам шериксиң!..

9

Айтканым элге кеп болгон,
Ак падыша залимдин,
Аңдыганы кәп болгон.
Айтканы мунун эп болгон,
Буга, аңдышкан адам жок болгон.

Тәккәнүм элге ыр болгон,
Тәбәләшкән залимдин,
Түбүнән бери чыр болгон.
Толгонуп аман келгениң,
Туушкан элди кәргәнүң,
Айланып аман келгениң,
Айтып салам бергени,
Током, чын айтсам саңа бак конгон!

-Током, күйүттү тарттың Шыбырда:
Жатканың сасык там болуп,
Кәрәргә элиң зар болуп,
Кәзүңдә жашың кан болуп.
Акылың таппай дал болуп,
Адашып башың маң болуп.
Элиңди таппай дал болуп,
Эңгиреп башың маң болуп.
Кыйналып жеттиң жериңе,
Куттуу кыргыз элиңе,
Ак үйдә күйгән шам болуп,
Агала сакал чал болуп.

Током, азапты тарттың Шыбырда:
Башыңа кара түн конуп,

Зарлаган добуш үн болуп,
Ак бараң мылтык сүр болуп,
Аргасыз кәндүң тим болуп.
- Азыр, башыңа бакыт күн конуп,
Тамшыган добуш үн болуп,
Тынч-аман келдиң элиңе.
Туулуп әскән жериңе,
Түндәгү күйгән шам болуп.
Кәк ала сакал чал болуп,
Током айдалып кеттиң алыска,
Залимде бийлик зор болуп.
Башыңа мээнет шор конуп,
Азиз бир жаның кор болуп.
Жатканың зындан, ор болуп,
Айланаң темир тор болуп.
Айланып келдиң элиңе,
Айдыңдуу кыргыз жериңе,
Током, акыры ишиң оң болуп,
Током, кармалып кеттиң узакка,
Каңкордо бийлик зор болуп.
Кайран бир жаның кор болуп,
Кашыңа азап шор болуп,
Казылган тереңор болуп,
Карайган темир тор болуп.
Кайрылып келдиң элиңе,
Кадырман кыргыз жериңе!..
Током, калиет ишиң оң болуп!..

Током, әңгиреп кеттиң Шыбырга,
Эшендин кеби эм болуп.
Элиңен тузун кем болуп,
Кәзүңдүн жашы сел болуп.
Эми бактылуу күнгә кезигип,
Бутуңдан кишен чечилип,
Қосуп чыккан мен болуп.
Толкундап турат кәңүлүм,
Менин жаныма кубат дем конуп.
Током, аргасыз кеттиң Шыбырга,
Акмактын сәзү эм болуп.
Айлыңдан тузуң кем болуп,
Азабың күчәп сел болуп.
Азыр, жакшылык күнгә кезигип,
Мойнуңдан соолу чечилип,
Атайлап тоскон мен болуп,
Кәңүлүм күндәй ачылды.
Мениң, жаныма кубат дем болуп!
Қанган жок душман намысы,
Қайтып келип журт кәргән,
Током, ниетиңдин калысы.
Түрмәдә жатып тууп,
Зилдеген досум, аманбы?
Машиненин амалын,
Билбеген досум аманбы?
Ак пашанын солдаты,
Тилдеген досум, аманбы?
Куу-Белди кәздәй бет алып,
Жүнәгән досум аманбы?

Кызыл канга баш-кэзүн
Бэлэгэн досум аманбы?
Жаш күнүндэн таанышып,
Дос болгон досум аманбы?
Сары алтын Аксы жеримде.
Сан уруу Саруу элимде,
Кез болгон досум аманбы?

ТОКТОГУЛ: Кичи- Кум-Бел, Чоң-Кум- Бел,
Ашып келдим, жан досум,
Катар ашуу белинди
Басып келдим, жан досум,
Күйүтүн тартып баламдын,
Кеткенин угуп аялдын,
Жашып келдим, жан досум,
Чымындай жанды калкалап,
Бир эзүндү аркалап,
Качып келдим жан досум,
Азап менен тозокту,
Тартып келдим, жан досум,
Бир элүмдэн башкасын:
Кэрүп келдим, жан досум,
Айлансам азыр калкымдан,
Бар экен тузум жалпыңан,
Өлбэй келдим, жан досум.

Кайтып келип карасам;
Каканакташ Кабай жок,
Катыным сенде таалай жок.

Оң тиземе ойноткон,
Сол тиземе сойлоткон,
Топчубай жалгыз балам жок!
Энемди кудай албаптыр,
Кол кашыгын колго алып,
Энемдин кирбеген үйү калбаптыр.
- Алты айчылык узак жол,
Басып келдим, жан досум.
Эртерээк барып көрсөм деп,
Элиме жетип өлсөм деп,
Шашып келдим, жан досум.
Ырдын кени оозундан,
Агылган досум, аманбы?
Бир көрүүгө зар болуп,
Сагынган досум, аманбы?!..

## ~~КЕҢКОЛТУ~~И ЖАЙЛОО ЖӨНУНДӨ ЫР

Жерден артык жаралып,
Калган белең, Айры-Бел?
Килемиңди тәшәлтүп,
Салган белең, Айры-Бел?
Дүйнәгә бир жаралып,
Келген белең Айры-Бел?
Берекесин бетине,
Берген белең Айры-Бел?
Чыгыш жагың Уч-Булак,
Сулуу кыздай мелтиреп.
Атыр жели буркурап,
Ырдагыңды келтирет.
Сулуулукту табийгат,
Берген экен энчилеп!
Ким ырдамак кәркүңдү,
Ырга кошуп менчилеп?..
Ташынан кумдай куюлган,
Кайберени,кайыбы.
Карагайы жетилип,
Суу бойлогон кайыңы.
Кашка суусу күрпүлдәп,
Күүгә салган сайыңы.
Периштелер жасаган,
Анык бейиш жайыбы?..
Жон-жон болуп бөлүнгән,
Жонунан кийик кәрүнгән.

Кыр-кыр болуп бөлүнгөн
Кырынан кийик көрүнгөн,-
Будурдан бугу бышкырган,
Ташынан улар ышкырган.
Токойдон аюу бакырган,
Өзөнү толгон кекилик,-
Өзүнүн атын чакырган.
Айланаң кымкап жашылдан,
Чөбү түркүн асылдан,
Аскадан кийик көтөрүп,
Ак шумкар учат ташыңдан.
Асылы жердин ушунча:
Агыткан атың ойногон.
Алты миң малы жайылса,
Аяктай четин ойлогон. ? (ойбогон).
Жетиги жердин ушунча:
Жайлаган малың ойногон.
Жети миң жылкы жайылса,
Желкедей жерин ойбогон.
Ай-Бурана, Чоң-Конуш,
Алты жүз түтүн баткыдай.
Арчалуу беттин отунун,
Алтымыш жылы жаккыдай.
Желе-Таш, Моло, Чоң-Конуш,
Жети жүз түтүн баткыдай.
Жылгындуу беттин отунун,
Жетимиш жылы жаккыдай!
Керилип жаткан Чоң-Конуш,
Эчкинин жери Таш-Конуш.

Чокусунан мәңгү кетпеген.
Адам оңойлук менен жетпеген,
Кымыздык,ышкын, кәбүргән,
Аралаш әсүп беттеген.
Кичи- Сарай,Чоң-Сарай,
Аңгемеси бир далай.
Акурдук менен Жалпагым,
Мәңгүдән кийген калпагын.
Ала-Бәә,Кәк-Дәбә,
Азыр баштап айтамын:
Бийиктиги башкача,
Суусу тунук таптаза.
Сүләәсүнү ойногон,
Суусары ташын бойлогон.
Аюу,илбирс,карышкыр,
Токойлорун жойлогон.
Шумкар-Ата, Жалтырак,
Ачык-Алма,Арык-Тәр.
Кәргәндү таң калтырат,
Сулуулугун барып кәр!
Миң-Теке менен Миң-Бугу,
Жайлоодон кәрдүм ушуну.
Кымызы чертип чынына,
Чыгарган ичтен бугуңу. ? (бугуну)
Батышында Чаткал бар,
Чалкайып тоосу жаткан бар.
Түмәндәгән мал тургай,
Канча да болсо баткан мал.

Кара-Кəз-Башат,Кəк-Башат,
Маңдай жагы Бел-Башат.
Карала-Арча Серени,
Ар кандай айтсаң жарашат!
Чалканды менен Кара-Март,
Каманы жүргəн аралап.
Канаттуудан канчасы,
Жазында келген сабалап.
Сабалап учуп келейин,
Беш- Жыгач менен Салпыга,
Баяндап айтып кетейин.
Санжырга кыргыз калкына!
Кымызын ичип жүргəн жер,
Каткырып ойноп күлгəн жер.
Сан жакшылар келген жер,
Сагынып салам берген жер.
Селкинчегин тепкен жер,
Селкисин кармап эпкəн жер.
Учу кəккə созулуп,
Узун болуп кеткен жер.
Арча,четин,алмасы,
Аралашып əскəн жер.
Аталардан балдарга,
Мурас болуп əткəн жер.
Кайтаруучу душмандын,
Кызыл канын тəккəн жер!
Сары-Тектир,Сары-Алтын,
Кара-Суу, Түрдүк дагы алтын.

ЖҮЗҮМ-Жаш, Кез-Арт, Ак-Тәбә,
Аркыты менен баары алтын!..

ТОКТОГУЛ ЭКИНЧИ ЖОЛУ СИБИРГЕ АЙДАЛЫП НАЛАНГАНДАГЫ ТУРМӨДӨН АКТАЛЫП ЧЫГЫП ЖЕҢИЖОКТУКУНА КЕЛДИ?
ОШОНДО ЖЕҢИЖОКТУН УЧУРАШЫП ТУРГАН ЖЕРИ:

Сары кежим тери шым,
Сарделүү Током, дулдулум.
Сары алтын Аксы жериме,
Сандалып, жеттиң кургурум.
Санатыңды көтөрүп,
Сайрасын Өтө, булбулуң!

Күмүш така, жез мыктуу
Күлүстөн Током, дулдулум.
Кулпөттүү Аксы жериме,
Куйүгүп жетти кургурум.
Кулпөтүңдү көтөрсүн,
Күкүгүң Өтө, булбулуң!..

– Акыры чыгып байге алдың
Алыска чуркаар дулдулум.
Ар жерде тентип сандалып,
Азапты тарттың, кургурум.
Алдыңдан тосуп куттуктайт
Ак таңдай Өтө булбулуң!..

Жети күндүк дүнүйө,
Жетелеген кербенби?
Жеринен тентип сандалган,
Жетигим Током, келгенби?
Желмогуз душман өлгөнбү,
Же кудайым чындап бергенби?

Алты күндүк дүнүйә,
Аңдып жүргән көрбөнби?
Ар жерге барып кор болгон,
Акыным Током, келгенби?

Аңдышкан душман әдгәнбү,
Алла бир бизге бергенби!..
Үйдийне жолдун алысы,
Кармалып кетип кайрылган,
Токо, ниетиңдин калысы.

Асылың Токоң келди деп,
Аксыда жатып кәп уктум.
Абактан башы бошонуп,
Ак талга конду деп уктум.

Жетигиң Токоң, келди деп,
Жети уруудан кәп уктум,
Жезиттен колу бошонуп,
Жергеге конду деп уктум.

Туйгунуң Токоң келди деп,
Тубайда жатып кәп уктум.
Тутулуп жүрүп кор болгон,
Токоң, туурга конду деп уктум.

Кызыл куйрук, каранар,
Комун алды деп уктум.
Оозун ачкан жаяндан,
Боюн алды деп уктум.

- Таласка барсаң баталбай,
Тартынып ойлоп жата албай.
Багышка барсаң баталбай,
Басынып ыйлап жаталбай.
Аксыга келсең баталбай,
Айылда тынчып жаталбай.
Жүрүүчү элең Токтогул,
Туба турган тооктой,
Мерчемдүү жерге жайланбай,
Күйүүчү элең, Токтогул.

Атанын уулу Кайназар,
Арстандык кылды деп уктум.
Наменгенде түрмөдөн,
Соту менен кеңешип,
Тергөөчү менен сүйлөшүп.
Адвакетке пул берип,
Чыгарып алды деп уктум!

Эми, Таласка барсаң иши жок,
Такый турган киши жок!
Багышка барсаң иши жок,
Башкара турган киши жок!
Аксыга келсең иши жок,
Айта турган киши жок!..

Самаган саруу эл мына!
Сагынган Аксы жер мына.
Айтышар болсоң Токтогул,

Кара-Суунун ичинде,
Ак таңдай Өтө, мен мына!..

ТОКТОГУЛ: Суу түбүнөн кан соргон,
Сүлүк досум, аманбы?
Чаппай туруп байге алган,
Күлүк досум, аманбы?
Улуу тоодо ышкырган,
Улар досум, аманбы?
Улам айткан ырыма
Кумар досум, аманбы?

Кичи тоонун карматпас,
Кийиги элең, жан досум.
Кыргыздагы акындын, ~~кыйыны элең~~ ,
Кыйыны элең, жан досум.

Тырмагына кан жукпас,
Тынар элең, жан досум,
Кас санаган душманга,
Туман элең, жан досум.
Сагынганда Токоңо,-
Кумар элең, жан досум!

Карчыга куштай айландым,
Капилет Шыбыр айдалдым.
Капалык тартып сандалдым,
Калкыман насип бар экен,
Кайрылып кетпей мен калдым!..

Элимден Шыбыр айдалдым

Эңгиреп ыйлап зарландым.

Өзөн жерде сандалдым,

Элимден тузум бар экен,

Эңиштеп кетпей мен калдым!..

Берекелүү мейман дос,

Элиңе салам айтамын.

Сары алтын Аксы аталган,

Жериңе салам айтамын.

Куубассың, Өтө артыма,

Беш-алты күн жатамын.

Арыктадым ø абакта,-

Жерибиз Кетмен-Төбөгө,-

Эми, мен семирип алып кайтамын!..

# Д У Н У Й Ө

Асман,Ай,жылдыз бүткөндө,
Улангансың дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың,дүнүйө.
Он сегиз миң Ааламды,
Бир жараттың, дүнүйө.
Алмаштырып Күн менен,
Түн жараттың, дүнүйө.

Адам-Ата, Аба- эне,
Жуп жараттың, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттың, дүнүйө.

Жети кабат асманга,
Күн жараттың, дүнүйө.
Түрдүү-түрдүү Ааламга,
Түр жараттың, дүнүйө.

Аял менен эркекти,
Жуп жарттың, ~~ичине~~, дүнүйө.
Адамзаттын ичине –
Кут жараттың, дүнүйө.

Жан-жаныбар куйөөнү,
Жуп жараттың, дүнүйө.
Канаттуудан башкага,
Сүт жараттың, дүнүйө.

Булбул менен чымчыкты,
Бакта кылдың, дүнүйә.
Баардагы паашаны,-
Такта кылдың, дүнүйә.
Бугу марал, кийикти,
Ташта кылдың, дүнүйә.
Жетип алар ажалды,-
Башта кылдың, дүнүйә.

Бир теңгеге зар кылып,
Жалдыраттың, дүнүйә.
Байдын колун башкарып,
Калтыраткан, дүнүйә.
Алты теңге пулдууга:
Абад[1] кылган, дүнүйә.
Эки кузгун кошулса:
Бечераны карактап,
Кабат кылган, дүнүйә.

1 шаар

Эки беттин албырган,
Нурун алдың, дүнүйә.
Атасынан баласын,
Мурун алдың, дүнүйә.
Бүт ааламды тербелткен,
Азиретаалы пайгамбар,
Муну алдың, дүнүйә.

Эгини менен жер әткән,
Найзасы менен эр әткән.
Жер каптаган сел әткән.

Жер жаңырып, эл әткән,
Дунүйә, ааламдын баарын алгансың.
Менменсиген пендени,
Жер койнуна салгансың.
Кимди кармап калгансың?!
Ошол күндән ушул күн,
Тоо бузулуп, түз болду.
Ойротто жок иш болду.
Түз бузулуп, тоо болду,
Кылымда жок иш болду.
Байыстабай бир азга,
Әткәнүн кәрчү, дүйнәнүн.
Артынан жоо кууганеып,
Кәчкәнүн кәрчү, дүйнәнүн.
Кирген суудай шаркырап,
Акканын кәрчү, дүйнәнүн.
Жерден берип ырыскы,
Бакканын кәрчү, дүйнәнүн.
Кәзүңә жылуу кәрүнүп,
Жакканын кәрчү, дүйнәнүн.
Түгәнбәгән мезгилден,
Ашканын кәрчү, дүйнәнүн.
Чакырып тойго жаткансып,
Шашканын кәрчү, дүйнәнүн.

Күн менен түндү камчылап,
Әтүп жаткан, дунүйә.
Журттан-журтка ташынып,
Кәчүп жаткан дунүйә.

Бири куйсә бирәбу,-
Өчуп жаткан дунуйә.

Тушпәсун деп Ай, жылдыз,
Бышык кылган дунуйә.
Тан калтырып адамды,
Кызык кылган дунуйә.
Өлум менен коркутуп,
Сызык кылган дунуйә.
Баш учуна кулук ой,
Учуп жеткис дунуйә.
Ойлой,ойлой олтурсан,
Тубу чексиз дунуйә.
Кереметтуу дуйнәнун,
Эстен кеткис дунуйә!

Кундун нуру сыяктуу,
Куйуп турган,дунуйә.
Баласындай алпештеп,
Суйуп турган,дунуйә.
Кайра баштан кайгыны,
Уйуп турган,дунуйә.

Башчы болуп журсун деп,
Баш жараткан, дунуйә.
Ооз,мурун,кәздәрун,
Каш жараткан, дунуйә.
Кемтиги жок эч жерде,
Саз жараткан, дунуйә.

Акылманды ар элде,
Аз жараткан, дүнүйә.

"Кор болбостон жүрсүн" деп,
Акыл берген, дүнүйә.
Жердин үстүн тепсетип,
Бакыр берген, дүнүйә.
Кээ бир жерге чәп бербей,
Такыр берген дүнүйә.
Кыдырсын деп ааламды,
Шамал кылган, дүнүйә.
Оргон буудай әзәгүн,
Чаман кылган, дүнүйә.
Түрдән-түргә әткәрүп,
Амал кылган, дүнүйә.

Кәз алдында байкалып,
Болуп жаткан, дүнүйә.
Бир бәксәрсә кайрадан,
Толуп жаткан, дүнүйә.
Бири учса бирәбү,-
Конуп жаткан, дүнүйә.

Кәлдүн кәркү болсун деп,
Куу чыгарган, дүнүйә.
Жашарсын деп чәлдәрдү,
Суу чыгарган, дүнүйә.
Кайра баштан кууратып,
Чуу чыгарган, дүнүйә.

Кээ бир жерди гүлдәтүп,
Бак әстүргән, дүнүйә.
Сагызганды жандуудай,
Сак әстүргән, дүнүйә.
Кээ бир жанды кәбәйтпәй,
Так әстүргән, дүнүйә.

Адэмзат жашаган,
Жери сонун, дүнүйә.
Кәңүлүңдү кәтәргән,
Жели сонун, дүнүйә.
Аркар, кулжа жайылган,
Бели сонун, дүнүйә.

Жарык ~~сонун, дүнүйә~~, Колган Аламды,
Күнү сонун, дүнүйә.
Асмандагы Ай, жылдыз,
Түнү сонун, дүнүйә.
Жаз чыкканда жайнаган,
Гүлү сонун, дүнүйә.
Булбулдары сайраган,-
Үнү сонун, дүнүйә.

Тәрт түлүгү жайнаган,
Тәрү сонун, дүнүйә.
Каз, әрдәгү калкыган,
Кәлү сонун, дүнүйә.
Айта берсем ыр менен,
Кәбү сонун, дүнүйә!..

Карача мергенге.

– Илгери Көк-Башат деген жайлоодо Карача деген мергенчи капканына жолборс түшүрүп алат. Мергенчи жолборстун жанына барып атмакчы болгондо, Жолборс секирип келип, мергенчинин башын жара чайнап, бутундагы капканын силкип таштап кете берген экен. Ошондо Жеңижок менен Токтогулдун батага келип кошуп турган жери:

ЖЕҢИЖОК : Кызыл чаар ак жолборс,
Кыялай чапса тосо албайт.
ТОКТОГУЛ: Кыямат кеткен Карача-
Сенин, кыздарың бизден кошо албайт!
ЖЕҢИЖОК : Кара чаар, көк жолборс
Капталдай чапса тосо албайт!
ТОКТОГУЛ: Капилет көчкөн Карача –
Сенин, катының бизден кошо албайт!
ЖЕҢИЖОК – Алтын жаак жез капкан,
Айланасы миз капкан.
ТОКТОГУЛ : Аңдып барып атарда,
Кайранды; ак жолборс деген ит капкан!
ЖЕҢИЖОК – Күмүш жаак жез капкан,
Тегереги миз капкан.
ТОКТОГУЛ : Күйүгүп жетип атарда,
Көк жалды, көк жолборс деген ит капкан!..
ЖЕҢИЖОК – Жакага малын айдаптыр,
ТОКТОГУЛ : Жанына барып атарда,
Кайрандын, жаагын жара чайнаптыр!..
ЖЕҢИЖОК : Белеске малын айдаптыр.
ТОКТОГУЛ: Бейлебей барып атарда,
Берендин, белинен каап жайлаптыр!..
ЖЕҢИЖОК: Саадагың турат сабы жок,
ТОКТОГУЛ: Санааң бир турат өзүң жок.

2

ЖЕҢИЖОК - Кылычың турат кыны жок,

ТОКТОГУЛ: О,кылыгың турат әзү жок,

ЖЕҢИЖОК: Салкының сайга тийчү эле,

ТОКТОГУЛ: Салкынындын алдында,
Сан бечара жүрчү эле,

ЖЕҢИЖОК: Кәләкәң чәлгә тийчү эле,

ТОКТОГУЛ: Кәләкәндүн алдында,
Кәп бечара жүрчү эле!

ЖЕҢИЖОК: Булундан бугу атчу элең,

ТОКТОГУЛ: Бүт айылды бакчу элең.

ЖЕҢИЖОК: Тектирден теке атчу элең.

ТОКТОГУЛ: `О, тегиз журтту бакчу элең.

ЖЕҢИЖОК: Аскадан кийик терчү элең,

ТОКТОГУЛ: Алдынан чыккан кишиге,
Шыйрагын кеспей берчү элең.

ЖЕҢИЖОК: Асмандап ак жибек боолуу куш келет,

ТОКТОГУЛ: Ажалы жеткен пендеге,
Ушундай,армандуу әлүм туш келет.

ЖЕҢИЖОК: Кәктән кәк жибек боолуу куш келет

Токтогул: Кәк жал эрдин башына,
Ушундай күйүттүү әлүм туш келет!...

ЖЕҢИЖОК: Ак ала булут арасы,

ТОКТОГУЛ: Арманда кеткен КАРАЧА,
Азамат эрдин баласы.

ЖЕҢИЖОК: Кәк ала булут арасы

ТОКТОГУЛ: Күйүттүү кәчкән Карача,
Кәп жакшынын баласы.

3

ЖЕҢИЖОК: Туурунда талашса,
Туйгунга жемин бербеген.
ТОКТОГУЛ: Ат салышып келгенде,
Акимге жемин бербеген.
ЖЕҢИЖОК: Күмүштөн ээр каш калды.
ТОКТОГУЛ: Куйүттүү кызың жаш калды,
ЖЕҢИЖОК: Алтындан ээр каш калды,
ТОКТОГУЛ: Армандуу балаң жаш калды.
ЖЕҢИЖОК: Кыяны, кыялай баскан көк жолборс,
Кыялап өтүп,кайткан жок,
ТОКТОГУЛ: Кыямат кеткен Карача,
Сенин, кыздарың биздей айткан жок!
ЖЕҢИЖОК: Капталды капталдай баскан көк жолборс,
Капталдай чапса тоскон жок.
ТОКТОГУЛ: Капилет көчкөн Карача,
Сенин, катының биздей кошкон жок!
ЖЕҢИЖОК: Байыркыңды мен айтсам,
Мактагандай көрүнөт.
ТОКТОГУЛ: Эмикиңди мен айтсам,
Эстегендей көрүнөт.
ЖЕҢИЖОК: Асмандан тийген Ай болсун,
ТОКТОГУЛ: Акырет көчкөн Карача,
Сенин жаткан бир жериң жай болсун!

Токтогул менен Женижок.

~~238~~

Жеңижок менен Токтогулдун калпага карата ырдаганы:

ТОКТОГУЛ : Буркурап ыйлап кудайга,
Калпам, дүнүйөнү кыдырган.

ЖЕҢИЖОК: Нээтинин пасынан,
Калпамдын мурдун кудай сыдырган!

ТОКТОГУЛ: Боздоп ыйлап дүйнөдө,
Калпам, калды бостоюп.

ЖЕҢИЖОК: Ажырап болгон мурдунан,
Калпамдын, көзү калды тостоюп.

ТОКТОГУЛ: Калпам, кайыктан качып бөлүнгөн.

ЖЕҢИЖОК: Кускусу келет адамдын
Мурдунун төрү көрүнгөн.

ТОКТОГУЛ: Калпам, элден качып бөлүнгөн

ЖЕҢИЖОК: Эсиң чыгат мурдунан,
Эңирейип көрүнгөн.

ТОКТОГУЛ: Калпам, бай-манапты жандаган.

ЖЕҢИЖОК: Алкымынын жаманы,
Аштуу үйдү тандаган.

ТОКТОГУЛ: Кеп маанисин билбейтко,
Жетелеген торпоктой.

ЖЕҢИЖОК: Мунуң- канча алган менен тойбойтко,
Ажыдаар, соргоктой!

ТОКТОГУЛ: "Эси чыгып" калпамдын,
Эми,айтам дейт байларга!

ЖЕҢИЖОК: Эси чыкпай калпаңдын,
Башы калсын сайларда!

ТОКТОГУЛ: Азыр барып айтам дейт,
Ажымат Ата эшенге.

ЖЕҢИЖОК: Азыр барып айталбай,
Учурасын кеселге!

ТОКТОГУЛ: Бечара, калпам жан баксын.

ЖЕҢИЖОК: О мойну үзүлүп, көзү аксын!

ТОКТОГУЛ: Жаны чыгып калпамдын,
Жардаган элим түңүлсүн!

Жеңижок: ~~ТОКТОГУЛ:~~ Эстүү калпам ойлонуп,
Элге жагар иш кылсын.

Токтогул: ~~ЖЕҢИЖОК:~~ Кесир айткан калпамдын,
Оозунан жылан ышкырсын!

Жеңижок: ~~ТОКТОГУЛ:~~ Үйүнөн киши ач чыксын.

~~ЖЕҢИЖОК:~~ Дөөрүп турган калпамдын,
Көрүнөн кара таш чыксын!..

# ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ЭШМАМБЕТ.

Жеңижоктун даңкын мурунтан угуп жүрсөмдө учурун таап жолуга албай жүрчүмүн. Эптеп бир аттуу болгондон кийин көп узабай Аксыга "Жеңижок кайдасың"деп Кара-Суута барып калдым. Жеңижоктун үйү чоң жолдун боюнда экен. Кроватынын жанына алты канат боз үйдү тиктирип ошондо отурушкан экен. Үйүнө жакындаганда ырдаган үн угулду. Жеңижок ырдап [redacted]. атыптыр. Элдин арасынан карасам орто бойлуу, ак жүздүү толмочунан келген, тегерек кыркма сакалы бар сулуу адам ырдоодо:

-Огу жок мылтык атылбайт,
Ок тийбей жолборс бакырбайт.
Катының жаман болгон соң:
Үйүңө конок батырбайт.
Жүрөгү кирсиз азамат,
Жамандык ишке катылбайт.
Ок жебей каман качырбайт.
Алкы бузук зыкымдар,
Үйүнөн даам татырбайт.
Барып калсаң үйүнө-
Кабагы кирдеп ачылбайт.
Эрге доор келгенде:
Эки күлүк тең байлайт,
Сартка доор келгенде:
Эки самоор тең кайнайт.
Жерге доор келгенде:
Атыр бүркүп, гүл жайнайт,
Кушка доор келгенде:
Булбул , торгой тең сайрайт.
Чөпкө доор келгенде:
Эки сабак гүл чайлайт.

Жайлоосунда мал жайлайт,
Жакасынан дан тайбайт.

---

Эр кадырын билбеген,
Эшикте жүрөт жалтактап.
Ат кадырын билбеген,
Жөө жүрөт салпактап.
Дубан жарган күлүктүн,
Бийик болот ээри.
Жаман адам белгиси:
Сөзүндө болот кээри.
Мурдунан көпкөн жигиттин,
Басмайылын бош тартып,
Жол-жолдо калат ээри.

..................

-Бейперзентте бешик жок,
Бейнысапта кешик жок.
Ууру байыбайт, сук тойбойт,
Кара өзгөдүн иши оңбойт.
Казаны толо кайнабайт,
Кайнаса да жайнабайт.
-Жылан сойлойт буту жок,
Каңжалдуу үйдүн куту жок.
Бейкайрат эрдин күчү жок,
Көтөрүм үйдүн сүтү жок.
Туура бийде тууган жок.
Ашыкпагын иш кылсаң,
Артыңдан эч ким кууган жок.
Туура сүйлөп, түз жүргүн,
Жолуңду бирөө бууган жок.

141

Колуңдан келип турганда,
Тууганыңа каралаш.
Кыйынчылык түшкөндө,
Карабай кетсең- жарабас.
Сүйлөшпөсөң чер жазып,
Ичтеги бугуң тарабас.
Баатыр болмок маңдайдан,
Чечен болмок таңдайдан.
Улук болмок жарлыктан,
Намыс алмак байлыктан.
Жакшы болмок өзүңдөн,
Акыл менен сезимден.
Жаман иштен алыс жүр,
Жакшынакай кезиңден.
Ырчынын көркү эл болот.
Кайберен жүргөн бел болот.
Жааса жамгыр сел болот.
Жаман адам чырылдап,
Ырыскысы кем болот.
Ооматың келип турганда,
Ар кандай айтсаң эм болот.
Күлүктү күндө чуркаткан,
Саяпкер менен жем болот.
Ынтымактуу бир тууган,
Бир -бирине дем болот.
Абийири бар жигитке,
Ажалдуу кийик жолугат.
Кошоматчыургандар,
Бөйпөндөп чоңго жагынат.

Турмуштун жолу ушундай,
Өргө жүрөт арылап.
Учу-кыйры билинбей,
Убакыт тынбай агылат.
Жашоону билбес жаш башың,
Кыйындык көрүп кагылат.

Напсиңди өзүң тыйбасаң,
"Келе" дей берет дагылап.
Билинбей жүрүп алтын баш,
Карайган чымды жамынат.

-Деп Жеңижок ырдап токтолду. Жанымдагы кишилер комузумду көргөндөн кийин:"Бу сен бала жөн эле келген жоксуң" деп аты жөнүмдү билип алышты. Ошондо Жеңижокко учурашып катарынан жайланып олтургандан кийин элдин суроосу боюнча учурашып турганым:

ЭШМАМБЕТ: Жеңижок ырчы чыкты деп,
Желкелешкен ырчыны,
Желдирбестен жыкты деп.
Жергемден уктум кабарды.
Жетип салам берсем деп,
Жетелешип жүрсөм деп,
Ашып келдим дабанды.
Ашыккандан аптыгып,
Айтып турам саламды.
Айтышканы маң болгон,
Атагы журтка даң болгон,
Акын агам, аманбы?!
Манаптан тилин тартпаган,
Баатыр агам, аманбы?
Түбүбүз болот бир жерден,
Элибиз болот бир элден,
Туугандык жайы дагы бар,

Жакын агам, аманбы?
Алтымыш түрдүү мөмө өскөн,
Айкалышкан душманын,
Айдап алыс жөнөткөн.
Сары алтын Аксы аталган,
Жериңе салам айтамын.
Саруу, багыш арлаш,
Элиңе салам айтамын.
-Кыйла акын өткөн кыргыздан,
А бирок сиздей ким болгон?
Кыргыз менен казакка,
Атагың,даңкың дүң болгон.
Таасын чыккан кулунсуң,
Токтогул менен бир болгон.
Ордолуу элдин ичинде,
Олтурган жериң гүл болгон.
Санаттарың сандан саңдан көп,
Дастандарың мыңдан көп.
Жазгандарың аңдан көп,
Саламдашып турамын,
Самаганым болуп төп.
Атка тонго жарыбай,
Бара албастан жүргөмүн.
Акындык нуска жолуңду,
Ала албастан жүргөмүн.
Кедейликтин айынан,
Жол-жоргомду элиме,
Сала албастан жүргөмүн.

Акындардын булбулу,
Көрөрүмдү билгемин.
Аман кылса башымды,
Ардактайм Сиздей асылды,
Кайда барсаң биргемин!
Кедейлик жаман өксүттү,
Айта турган ырымдан,
Чалкыган ой сырымдан.
Эс көөнүмдөн кеткисиз,
Кабар берем муңумдан.
Акындардын акыны,
Өтөр бекем, сынындан?
Кызмат кылсам элиме,
Чыкканча денден чымын жан.

Көр оокаттын айынан,
Калкымдан келдим сүрүлүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Элимден келдим сүрүлүп,
Эсил жандан түңүлүп.
Кайтарганым кой болду,
Кайран курчум жой болду.
Кийгеним жыртык жамачы,
Кейпимди байкап, карачы?
Асман жердей баркы бар,
Бай менен кедей баласы.

Таластан келдим куугуп,
Туз насип мындан буюруп.
Токтогул кетти айдалып,
Таңшыган үнү буулуп.
Токтолбой ырдаар бекемин,
Тоңкуган топто кулунуп.

Колунда комуз жарашкан,
Козголуп ырдап олтурсаң.
Каалашып элиң самашкан.
Күкүк үндүү, жез таңдай,
Кер жоргодой таң ашкан.
Орошон чыккан булбулсуң,
Оозуңа элдер карашкан.
Биздикине конгун деп,
Бүгүн мейман болгун деп,
Канча адам жүрөт талашкан.
Топ аралап ырдаган,
Токтогулдун жолдошу,
Кези келди иниңе,
Жардам берип колдочу.
Толкуган элдин ичинде,
Мен Эшмамбет иниңиз,
Тооп кылып турамын,
Топ акындын жолборсу.
Аксы, Талас, Арканы,
Араладың канчаны.
Таалим берип өстүрдүн,
Таланттудан анчаны.
Азыр көрдүм өңүңдү,
Саламымды алик ал,
Акындардын арстаны?!..

Кызып-кызып төкконүң,
Кара нөшөр жамгырдай.
Ырчы күүң бир сонун,
Кулак моокун кандырбай.
Төрт аягың тең жорго,
Ташка салсаң тайгылбай.

146.



Жолуңа түшөр бекемин,
Айтар ойдон жаңылбай.
Ала-Тоонун улары,
Аман кылсын башыңды ай!

Анык бактым бар экен,
Аман көрдүм өзүңдү.
Унутпаймын эч убак,
Ушул учурашкан кезимди.
Азда болсо көптөй көр,
Амандашкан сөзүмдү.

ЖЕҢИЖОК: Эли-журттан угуп кабарды,
Эшмамбет иним, келипсиң.
Эзелтен калган салт ушу,
Эңкейип салам берипсиң.
Эки эли тилиң сайратсаң,
Эл-журтуң кайдан зериксин.
Эчен бир дубан аралап,
Ээрчишип жүрсөң шериксиң.
Атагың угуп жүрчү элем,
Акын Током өзүнөн.
Айдоого кеткен Токтогул,
Агызып жашын көзүнөн.
Алып да калган чыгарсың,
Алтындай болгон сөзүнөн.
Айтып бердиң, чырагым,
Ала-Тоо салкын жериңдин,
Алтын , күмүш, жезинен.
Ат жалын тартып минипсиң,
Алтындай жаштык кезиңен.
Абалтан өткөн акындар,

Ат атын айта кетейин,
Адашпасын эсинден.
Аман-эсен келипсиң,
Ага-ини, тууган элинден.
Ардактап салам сен айттың,
Айтылуу Аксы жериңди.
Ашыгып балам, жутупсуң
Абасы таза желинен.
Алтындай өмүр сенде жаш,
Аман болсун алтын баш.
Адашпа иним, дениңден.
Эшмамбет ырчы болду деп,
Эшиттим эле жөнүңдөн.
Эми көрүп турамын,
Элирген балам, өңүңдөн.

Дубанды жарган күлүктөй,
Арышыңды мен көрдүм.
Арыбаган, талбаган,
Дабышыңды мен көрдүм.
Өнөрлүүдөн болупсуң,
Өзүмө өлчөп тең көрдүм.
Безилдеген тилиңден,
Бешенеңди кең көрдүм.
Мен көргөндөн көп ырчы,
Мезгилдерин өткөрдүм.

Сай күлүктөй тең чуркап,
Санат ырдап өзгөрдүм.

Жаным менен жан эле,
Каным менен кан эле,
Кайдарысы акындын,
Жаныш турган шам эле.

Сатылгандын Токтогул,
Сарттар, Саяк шаңы эле.
Ала-Тоонун бүркөлбөс,
Атып турган таңы эле.
Алдырбаган алыска,
Ак-Куланын чаңы эле.
Алты чапса сынбаган,
Ак болоттун сабы эле.
Арчанын жалын табынцай,
Ак жалындын табы эле.
Ак падыша залимге,
Ал эмине жазды эле?..
Кетирип Шыбыр айдатып,
Кербендей көзүн жайнатып,
Керимбай көрүн казды эле.
Кедей менен кембагал,
Кейип ыйлап калды эле,
Ак жерден Шыбыр айдатып,
Азапка башын малды эле.
Алты жашар Топчубай,
Атакелеп калды эле.
Апасы Бурма буркурап,
Артында эли чуркурап,
Армандын оту жанды эле.
Асылган манап-болуштун,
Абыдан мооку канды эле.
-Анда мен кеттим Алайга,
Арманым айтып далайга.
Ашуулуу Талдык жер көрдүм,
Ак калпак кыргыз эл көрдүм.

Сопу-Коргон жер көрдүм,
Сонун кыргыз эл көрдүм.
Даурат-Коргонж жер көрдүм,
Абасы таза бел көрдүм.
Кара-Киндик, Ак-Киндик,
Каадалуу жерди бат билдик.
Кадырын сурап кыргыздын,
Кашкарды көздөй кат чийдик.
Эр Төштүк баскан кең Алай,
Келбетин көрүп биз жүрдүк.
Курманжан датка аш берди,
Кыргыздын эли баш берди.
Ошондо акын Бөлөкбай,
Өтөгө мында тап берди.
Өнөрдүн агып дайрасы,
Өтөгө эми чак берди.
Бөлөк эл деп айтканда,
Бөлөкбай менен кармаштым.
Жаандан чыккан жорго экен.
"Үч сүпөттү" бир айткан,
Үрүмчүлүк молдо экен.
Үзүрү качып башынан,
Үшкүрө турган жолдо экен.
Шариятты жат айткан,
Куран китеп колдо экен.
Кузгундардай учуру,
Куурап калган молдо экен.
Жетимин алкан куракта,
Жер таанчу жолдо экен.

Уят кылбай колдодум,
Урушун кутпөй молдонун.
Тесцелерин молдонун,
Мойнуна тагып койгомун.

Жеңүүжок ырчы атыгып, I
Жез таңдай тилден ойнодум.
Ак жайдын толук күнүндө,
Алайды кенен жойлодум.
Алайдын элин сен көрсөң,
Ат бастырып тең ~~[illegible]~~ көрсөн,
Адили кыргыз элдери,
Абыдан таза дендери,
Кымызы дары мүрөктөй.
Кыздары сулуу чүрөктөй.
Сарттар, Бөрү, Жоош болот, 1. 2. 3. уят айтпады
Барсаң сага дос болот.

Байкасаң ушул жөнжөнү.
Башайы кийип буралып,
Бастырбайт сени мөлмөлү.

Ак падыша залимдин,
Сурагына малынган.
Бузук залим байлардын,
Тузагына чалынган.
Букаралар мында көп,
Бир оокатка жалынган.
Токтогулду ырдасам,
Тобосуна ~~[illegible]~~. таарынган.

I Ушул айтышта Жеңүүжок деген наам алган.

15!

Бел чайкашып кыргыздар,
Падышага камынган.

Өлко эли жөө баскан,
Ошол заман көө баскан.
Эшмамбет, иним, сен уксаң,
Эрикпей айтсаң чоң дастан.
Жер көтөрүп ыр ырдап,
Женижок абаң жан баккан.
Жети-Уруу кыргыз элибиз,
Жер көтөрүп мал баккан.
Жергеси конуш келишсе,
Жети өлчөп дан баккан.

-Кокондун каны сураган,
Койнуна жашы кулаган.
Кокондук менен кармашып,
Козголуп теңдик улаган.
Кол көтөрүп кыргыздар,
Кокондук кандар ураган.I

Мен айтайын болгондон,
Мээнет,зордук толгондон.
Ак падыша курдурган,
Алты пакса коргондон.
Ак падыша коркобу,
Адамдын каныы соргондон.
Айтышып жолду бербейм деп,
Абаң да элден козголгон.

I Катары менен Кокондун жети ханы кулаган акын ошону айтып жатат.

Алайдан бардым бел ашып,
Абыдан чарчап өң азып.
Ат-Башы Нарын калаага,
Акындык менен жанашып.
Чоң Чөкөнүн ашына,
Чогулган элдин кашына.
Кара тилди сайраттым,
Кары менен жашына.
Ошондо көрдүм Найманды.
Калтырак кирген башына.
Бет алышып сапташтым,
Бел кармашып тапташтым.
Ошондо жеңдим Найманды,
Бакырган төөдөй айбанды.
Атак менен даңк менен,
Ак калпак кыргыз калк менен,
Алдырбастан намысты,
Абалтан калган нарк менен.
Абабыз Кошой жердеген,
Аскасы бийик Ат-Башы,
Ак мөңгүлүү бел деген.
Алтайдан Манас келгенче,
Алдырыш намыс бербеген.
Чоң Кошойдун Чалдыбар,
Чоң айтышка салты бар.
Меймандар келсе сыйлаган,
Моңолдор, Черик калкы бар.

Саяк менен Сары-Багыш,
Сары алтындай баркы бар.
Кыз алышып кыз берген,
Кулугунө туз берген,
Мунушкерге куш берген,
Сылык тилде сөз айтып,
Сынчылары сыр берген.
Ырдай турган пендеге,
Ылаачындай ыр берген.
Бул элге барган мен менен,
Акын Током, Нурмолдо,
Ат салышып бир жолдо.
Көкүрөктөн чыгардым,
Көңүлдү ачып сен менен,
Көк буудан көрку жем менен.
Сары-Тектирде гүлгө окшоп,
Санаттын көрку ыр менен.
Жаман адам чырылдап,
Жакын болот чыр менен.
Алтын баштын ачкычы,
Акылдын көрку сыр менен.
-Эшмамбет,иним, угуптур,
Эшилген кумду баскандай,
Эргип ырдап баратам.
Эки күнү эргисем,
Эл кумарын таратам.

Ала-Тоо жерим айланам,
Акылдан ырды жаратам.
Аягы Талас, башы Чуй,
Алыска козду каратам.
Ар жагы колду бойлосон,
Арбый берет тамашан.
Кол бойлосон ыр чыгат,
Колдой терен сыр чыгат.
Ак куулар сузуп ойногон,
Ай-Чурoктор бойлогон.
Тай-Буурул минип Семетей,
Арасын толук жойлогон.
Алыша келген душманын,
Абалтан бери койбогон.
Ысык-Кол жердин сулуусу,
Кыргыздар учун керемет,
Кышында тонбой турушу.
Жайкысын бассан салкындап,
Жазылат жандын курушу.
Жетип барган болучу,
Женижоктун жумушу.

Арстанбекти мен издеп,
Артуу жолду тегиздеп.
Ак жайдын куну баргамын,
Акындык жолду негиздеп.
Кол башы экен Каркыра,
Коркомдуу ырчы бар тура.
Оттой жанып коздору,
Ой акылы шар тура.

Мен көргөндө ушулар,
Тилдеринде куту бар.
Ырыс кешик агылган,
Ырларынын жыты бар.

Ырдын дагы ыры бар,
Ырдай турган ыгы бар.

-Чечен болуш оңойбу,
Чегелеп сөздү таппасаң.
Эзилишин боорлошуп,
Эл кумарын бакпасаң.
Акын болуш оңойбу,
Алты айлык ырды айтпасаң.
Анда акын болгонуң-
Айтканыңдан кайтпасаң.

Ааламдын сырын ачпасаң,
Акындык сенде жөн болбойт.
Ырысы жок ырчынын,
Ырларында төл болбойт.
Толкуган суулар кошулса,
Тоосу болбой көл болбойт.
Түштүгү аптап кайнаган,
Ысыгы болбой чөл болбойт.
Бул дүйнө жарык Ааламда,
Булуту болбой жел болбойт.
Жети дүйнө укмушта,
Жер жаралбай эл болбойт.
Кара жамгыр нөшөрлөп,
Каптабай тозоң сел болбойт.
Төгөрөктүн төрт бурчун,

Төрт айлангап кем болбойт.
Бир миң уруш кылса да,
Билимдүүгө тең болбойт.
Тууган элди чогулткан,
Душманына жем болбойт.
Санат жетпейт санасаң,
Сан жылдыздар Ааламда.
Жымыңдашып алыстан,
Жарык берет Ааламга.
Керме тоодон шыкаалайт,
Келген өндүү саламга.
-Кайсы акын жыргап өтүптүр,
Ушул кандуу заманда?
Элдин ырда мүдөөсүн,
Кекиртектен кармалба.
Кимдер түркүк болуптур,
Бул дүнүйө жалганда?
Анык акын болосуң,
Айтар ойдон тайманба.
Жеңижокту көрдүм деп,
Айта жүргүн барганда.
Өнөрүм калса дечү элем,
Өзүнө окшош балдарда.
Катташып жүрүп алып кал,
Калбагын кийин армалда.
Жарытпайсың ыр ырдап,
Жетимиш алып карганда.

Кутулбайсың качсаңда,
Куу өлүм чалма салганда.

Таза жүрсөң озорсуң,
Таасын ырчы болорсуң.
Кадырлашып сыйлаган,
Калк акыны болорсуң.
Кара курттай толорсуң.
Айтканыма кирбесең,
Акылымды илбесең,
Акыры барып оболсуң.

-Кедеймин деп наалыба,
Алтындай жаш чагыңда.
Арбын дүйнө табылат,
Аргымактай арылда.
Манастан бери карата,
Арбагын козгоп кыргыздын,
Карт Нарындай шарылда.

Кызыкпагын аракка,
Кудай урган тамакка.
Берилбегин бозого.
Периште урган ошого.
Иним, ырдаба ырды билбеске,
Кадырына жетпеске.
Сүйлөбө сөздү билбеске,
Сыйына сөздүн жетпеске.
Калкыңдын көөнүн калтырба,
Кадырлап ырдап бер десе.
Урматы ошол акындын,
Улуу-кичүү кел десе.

Кучун барда ырдап кал,
Кадырлуу жашты эткөзбө.
-Бул дүйнөдө ким калат?
Жарык берген Күн калат.
Жылдызы бар түн калат.
Бадыша бол, башка бол,
Баары бир күн куланат.
Бизге окшогон акындан,
Кийинкиге сөз калат.
Акылмандан эс калат,
Чийдирип жүр ырларың,
Кийинкиге биздерден,
Ошол болот аманат.
-Арала элдин арасын,
Алтынын сөздүн табасың.
Санжыра кепке кулак сал,
Калтырбастан чаласын.
Акын болуш оңойбу,
Ардактап ойду багасың,
Ак калпак кыргыз элиңе,
Акындык менен жагасың.
Амандык сурап келип жүр,
Ага-ини болуп каласың.
Учуру өтсө өмүрдүн,
Бизда бир күн өтөбүз.
Ошондуктан жакшы жүр,
Не муратка жетебиз.
Сен экөөбүз кошулсак,
Түйүнүн ырдын чечебиз.

~~14~~

# МЕНИ ЖЕҢИЖОК ЧАКЫРТКАН ЭКЕН

- Балам,Калык! биздин Ассыда кыйгач той-аштын башталып турган учуру. Биз жакка келип,тамаша салып элди-жерди кɵрүп кет деп агаң Ɵтɵ, деген Жеңижоктун катын бир катчыга окутсам ушунда маанидеги сɵздɵр экен. Кум-Белдин ашуусун ашып Жеңижоктун үйүнɵ бардым.Токтогул деген ушул кара-суулук киши мени ээрчитип алды Үйү бир булуңда экен, Акпайдын чаты деген жерде Артыкбайдын берген тоюна кеткен экен. Толгон токой кɵркɵм жер экен,күрпүлдɵп аккан кɵк кашка суусун бойлоп отуруп той берген жерге да кирип бардык. Жеңижок элдин наркы четинде кɵк ала атчан,ак күрмɵ, боз кɵрпɵ тебетейчен, жанында Ныязалы комузчу. Белине комуз байланган аксакал,анын нары жагында дагы комузун белине кыстарган ноо бойлуу чадайган семиз кɵгала сакалчан дагы бирɵɵ болуп тɵртɵɵ бирге турушат.

Салам айтып, ал жерде тургандарга кол берип учураштым. Четки ырчы дындыйып кɵзүн сүзүп тоотпогон, сүйүнкүрɵбɵгɵн туру бар. Сунган колумду да ыңгыранып алды. Жеңижок менен Ныязалыны Кетмен-Тɵбɵгɵ келгенде таанып калган болчумун. Берки экɵɵнү кɵргɵн эмесмин. Той берген Артыкбайга, тойго келген элге,атчан турушкан ырчыларга ырдаганым.

КАЛЫК: Күрпɵң-күрпɵң жүгүртүп,
Күлүгүн күндɵ тердеткен.
Күүсүнɵ келип турат деп,
Курмак күрүч жемдеткен.
Саруу, багыш кɵбүңɵ,
Саламдашып турамын.
Кабарымды билгизип,
Амандашып турамын.

15

Той берипсиң Артыкбай,
Сага токтоосуз кызмат кылайын.
Той тарап элиң кайтканча,
Ырдаганга чыдайын.
Окутуп көрдүм молдого,
Жеңижок жазган катты алып.
Жанабай келдим ал түнү,
Караңгы түнгө капталып.
Убаралык түшөт деп,
Эртең менен аттанып.
Катар аштым бир күндө,
Балык-Курт менен Кум-Белди.
Бардыгыңа таанышып,
Көргөнү келдим силерди.
Көңүлдө жок келерим,
Көптүн тузу имерди.
Аралап Аркыт айыл жок,
Адамзаттан дайын жок.
Айтпай коер жайым жок.
Айыл таап жатам деп,
Акбайдын ичин өрдөдүм.
Анда дагы киши жок,
Ачкалыктан чөлдөдүм.
Ушунчалык иш болду
Улуу жолдон көргөнүм.
Токтогулдан эшиттим,
Тоюңуздун жан-жагын.
Киндик каның төгүлүп,
Туулган жериң Артыкбай,

Туугандан бата алууга,
Той берипсиң,Артыкбай.
Айылы жакын жергелеш,
Атын бирге чабышкан.
Атагың угуп тоюңа,
Келип калдык алыстан.
Түпкүлүгү Букара,
Түз киши дейт жардыга.
Кадырын билип сыйлашып,
Кайырлуу дейт зарлуууга.
Кошомат айтып зыпылдап,
Кор болбойт малдуууга.
Сын-сыныңдын бардыгын,
xТоктогул айтты сыртыңдан.
Жаз мәмәләп кәрүнгән,
Күздә бышып тәгүлгән
Алмурут,алча,алмалар,
Адыры бадам мистелүү,
Анар, жүзүм канчалар,
Берекеси бетинде,
Жериң жакшы турбайбы.
Пейили ток,кәәнү ачык,
Элиң сонун турбайбы.
Элиң үчүн Артыкбай,
Демиң сонун турбайбы.
Ушул элдин таңшыган,
Жеңижок сенсиң булбулу.

x Ушул кара-суулук Токтогулду айтып жатат.

Кайгысын жууп арылттың
Кара кийген муңдууну.
Катын, бала,ага-ини,
Калкың аман турдубу?
Той бердирип айтыпсың,
Артыкбай теңтуш курбуну.
Тәр-Тайлактын сазында,
Райымбектин ашында.
Ырдап жүрдүң Жеңижок,
Тәрт дубаңдын кашында,
Ырдап барып кәрүштүм,
Так он алты жашымда.
Толкуган кыргыз элине,
Торгойдой сайрап жүрәр деп.
Тотугуп келген кезинде,
Топко аралап кирер деп.
Байкап туруп сынадың,
Келе элек анда кынабым.
"Бар эми Калык" балам"- деп,
Маңдайымдан сыладың.
Ныязалы комузчу,
Жаныңызга барганда
Өзүңә жолдош күү чертип.
Жарап жүргән жардамга,
Аксакал болгон кези экен,
Артындагы балдарга.
Байкабай калып жүрбәсәң,
Бар чыгар ошол эсиңде.

Батаңды алсам деп жүрөм,

Башым аман кезинде.

Мен тиги тоотпогон ырчыга да тийише кеттим.

Токтоно албай оолугуп,

Тойго келет он ырчы.

Тоотпой турат ким болду,

Наркы, торпок курсак жоон ырчы?..

Аш берген жерди чабыттап,

Аралап келет он ырчы.

Албайбы киши теңине,

Аркы четте комузчан,

Ат курсактуу жоон ырчы?

Чогулуппуз беш ырчы,

Чокчойбосун бир ырчы.

Менин, чочуганым Этө ырчы!..

Тегерегибиздегилердин баары күлүштү, аларга кошулуп тигил ырчы да күлдү, өзүм да күлдүм. Күлкү басылды.

– Балам Калык, ырас убактыда келдиң. Азыр биздин Аксы боорундагы эл жайлоодон жаңы түшүп, той беришке топурап,аш беришке ашыккан кези. Эл үчүн жаңы көз менен таанышып, мени менен ата-бала болуп, жакшы ниет менен байланышты үзбөй катышып жүр!

Быяктагы Аксы менен Анжияндык элдин шартын билбессиң.Алдуулары бирден атын таптаган,көк бөрү десе жатпаган, кары-жашы өзбекче ним бекасам чапан кийишкен, чөнтөгү жок теңгелерин жоолугуна түйүшкөн. Алдуулары белине бештен курчанышат. Эң таппаганы белинде экиден жоолугу бар- деп Жеңижок Артыкбайдын да жайын түшүндүрдү.

– Артыкбай Букаранын тукуму жаңгактын корукчусу. Иши оңунда Артыкбайдын тоюна жарчы бол!

Артыкбайдын айтуусу боюнча аттанып, жар айтып, бир чети чындап,бир чети тамашалап элге ырдаганым.

~~чындап, бир чети тамашалап элге ырдаганы:~~

Чакырып алып Артыкбай,
Жиберди элге жар айт деп.
Бүгүн тойдун этин жеп,
Эч ким конбой тарайт деп.
Эбин таап ырдасаң,
Эл оозуңду карайт деп.
Утуру ырдай берсе деп,
Укkандын баары самайт деп.
Жар чакырып ырдаган,
Мен Аркалык баламын.
Кәрүшкәнүм жаңыдан,
Кәбүңә айткан саламым.
Торгойдой сайрап жүргүн деп,
Токтогул берген сабагын.
Жерине келип ырдадым.
Жеңижок улуу аганын.
Угузайын силерге,
Урматтуу тойдун кабарын.
Аял дебей, эр дебей,
Азыр белен эт жейсиң.
Топ-топ болуп туругула,
Тойдон куру кетпейсиң.
Куру калсаң таарынып,
Артыкбайды кектейсиң.
Тамыр-сөөк кудадан,
Башкаң бүгүн конбойсуң.

Бир-экиден калганың,
Билинбей жатып алганың,
Уурданып конду деп,
Уятсуу конок болду деп,
Уруулуу элге кеп болуп,
Убадандан чет болуп,
Жаман аткан калбагын.

Бул сөзүмдү аңдаганы,
Үй алыс болсо жетпесең.
Таякенди таап жат
Кудаң болсо кууп жат.
Бул сөзүмдү угуп жат,
Досуң болсо доолап жат.
Кондурбаса жоолап жат.
Тамактанып этти жеп,
Эртеге атты чабасың.
Атың келсе аралаш,
Олжону кабат аласың.
Эртең болот жөө балбан,
Жантая түшүп шалак деп,
Жыгылганга көп арман.
Багалектен алышат,
Балтырынан чалышат.
Баса калып булкушуп,
Бак таалайга салышат.
Кайраттанып кыжынып,
Кармаган колдор карышат.

Ат үстүнөн чиренип,
Кол күчтөрү тирелип.
Эңишчилер эңишет,
Тамашаны көрмөккө,
Далай киши келишет.
Бүрсүгүнү бул маалда,
Ат,кунан чаап тарашат.

Жар чакырып беришке,
Ырчыларга жарашат.
Эртеңки күндө коносуң,
Эрке мейман болосуң.
Чатак салып чырдашпай,
Жай жаткандар оңосуң...

Той тараганга чейин Жеңижок экөөбүз бирге жүрдүк.

Токтогулдай эпилдек эмес, төрөпейил жайыраак жүргөн киши экен. Манапчыл,байчыл мүнөзү бар бой көтөрмөрөөк... Жеңижок мени үйүнө ээрчитип барды. Үйү Кара-Сууда бир булуңда экен.Айылына кабар берип кишилер чогулду.

- Кана, Жеңижок,"сонун ырчы балам келди көргүлө,уккула" деп чакырдың. Балаң бопоюп бопуросун борулдатып отурат. Муштасып ажырашкандай сусайыңкы, же балаң,жеф өзүң -бирөөңөр обон салып олтургула дешти чогулгандар.

Комузун күүлөп ырды Жеңижок баштады:

Бардык эл сени самады,
Балам, Калык байкагын.
Кəмəкəйдү күүлөтүп,
Көптүн көөнүн жайкагын.

(н)
Биздин элдин әргәгүн,
Бир башынан айтамын.
Ашып келдиң Аксыга,
Катар ашуу бел менен.
Аралап ырдап таанынтың,
Балам, кадыр билер эл менен.
Жоргонун бири болупсуң,
Жолго түшсә желбеген.
Туурасы Түрдүк, Кара-Суу,
Туулуп әскән жер ушул.
Туз татышып таанышкан,
Туруктуу Саруу эл менен.
Аксы, Анжиян жерибиз,
Сарайга батпайт пахтасы.
Санат жетпейт жыл сайын,
Сандыкка толгон акчасы.
Тынымы жок баарынын,
Дыйканчылык максаты.
Текедей санын түйүлтүп,
Тебишип ойнойт жакшы аты.
Кайраты бар кажардуу
Карысы карап жатпаган.
Керемет бар күчүндә,
Кетменин жаза чаппаган.
Алгы-берги эсебин,
Адистери тактаган.

Аралап кэрсэңАксыны,
Адашар башың акчадан.
Миллиончу байлардын,
Асмандагы зооту бар.
Ал зоотторду жүргүзчү,
Жалындаган оту бар.
Угушумда түрүлүп,
Андан чыгат ноотулар.
Зооттор сайын иштеген,
Эки миңден малайлар.
Шаар сайын байларда,
Заңгыраган сарайлар.
Анжияндын,Аксынын,
Арпадан кэп шалысы.
Түшүп турат шалдырап,
Жаңгагы бышып баарысы.
Эмне десең дапдаяр,
Андыктан узун арышы.
Корумдуунун ташындай,
Коону менен дарбызы.
Буура тээнүн тишиндей,
Буудай менен арпасы.
Жемиштин кэркүн чыгарган,
Анар, жүзүм,алчасы.

Караңгы токой капчыгай,
Өзэнү сайын мэмэлүү.

Түрдүү жемиш Аксынын,
Адыр,түзү,әрәәнү.
Айта берсе түгәнбәйт,
Кала берсин бәләгү.
Казань, Заркент, Наманган,
Аралаган базары.
Севит,- Билан, Кожо-Ата,
Зыярат кылар мазары.
Башы адашат адамдын,
Эшен,калпа, сопудан,
Элдиңе тоот,ибадат,
Бейнамаздан чочуган.

Жеңижок арабча кәп окуган молдо киши экен. Ырдаган ырларынын кәпчүлүгү шарият, пайгамдар, заабалар экен.

"Жеңижоктон жол кәрәйүн"- деп ойлосом, молдолугум жок,канчалык ырдаса да анын шарыятын, түшүнүп, үйрәнә алгыдай эмесмин. Кәп узабай үйрәнгән Кетмен-Тәбәгә келе бердим.

ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОК

ТОКТОГУЛ: Орозалы,Мамыр ай,
ЖЕҢИЖОК: Келип калдык тоюңа ай,
ТОКТОГУЛ: Бузурманкул,Сартбай ай.
ЖЕҢИЖОК: Мурунтан атын айтпай ай.
ТОКТОГУЛ: Кең Жузүмжан, Жузүмжан,
Жерин айтсак болбойбу?
ЖЕҢИЖОК: Түпүрәгән Жети-Өгүз,
Элин айтсак болбойбу?
ТОКТОГУЛ: Жаңгактары шакылдап,
Түшүп турган жер экен.

ЖЕҢИЖОК: Алмуруту жүрөктөй,
Бышып турган жер экен.

ТОКТОГУЛ: Алмалары топулдап,
Түшүп турган жер экен.
Алчасы кыздын бетиндей,
Бышып турган жер экен.

ЖЕҢИЖОК: Жүзүмдөрү салбырап,
Түшүп турган жер экен.

ТОКТОГУЛ: Ак көвлөктү кэп ичип,
Атакулдун курсагы,
Шишип турган кези экен.

ЖЕҢИЖОК: Койдон козу кактырган,
Кол тийгизбей бактырган.
Эчкиден улак кактырган,
Эшенден тумар тактырган.
Эч кимге бербей бактырган,
Айыл башы Алтындай,
Керимсалдай Кенжекан.
Моймолжуган Моймолжан,
Секирип баскан Зейнепжан.
Кыялы жакшы кызыл гүл,
Сарамжалдуу Сайкал ан.
Кишиликтүү Кишимжан,
Канчалык айтсам түгөнбөйт,
Касиеттүү Жүзүмжан.

## СУЛТАН БИЙГЕ

- Миң-Тәбәлүк Ак эшен,
Кесепети кәп эшен.
Быйыл колдойт пирим деп,
Пирлигинди билгин деп,
Азыр колдойт пирим деп,
Амириңди билгин деп,
Он кулактуу казаны -
Оту жок кайнап турат деп.
Ойроттон бери талкалап,
Орустун баарын карат деп!
Кырк кулактуу казаны,
Кыркырап кайнап турат деп!
Кыйладан бери талкалап,
Кытайдын баарын кырат деп!

Кәл буугандай казаны,
Кәрүнә кайнап турат деп.
Кәп жердеги эшенден,
Кәзү ачыктык кылат деп.

Азирети колдойт деп,
Акыры ишин оңойт деп.
Эшен,эшен, деп жүрүп,
Эшен жетти түбүңә.
Айыкпаган сары оору,
Кесел жетти түбүңә.
Бу баштаган болчу балааны,

Чаптаган болчу жалааны.
Бу тапта иниңден бийлик талашып,
Карматып бердиң Султан бий-
Жатындаш Төрө баланы.
Басташып жүргөн баштатан,
Рыскулбектин балдары.
Төрөңдү аяп калабы?..
Агайынден ал кетти.
Жамандык санап бооруңа,
Султанбай,ушундай белең жан кечти?..
Ала барчын бүркүтүн,
Бирөөбү элең, Төрө сен,
Султан менен Байзактын
Иниси элең,Төрө сен.

Кара таш беле буләбүн,
Укөңдү Шыбыр айдатып,
Султан бий, ушундай беле тилегиң?..

Бош таштан беле буләбүн,
Иниңди Шыбыр айдатып,
Султан бий, ушундай беле тилегиң?..

Султан бий, иниңден бийлик талаштың,
Акылдан минтип адаштың,
Душмандан бетер сабаштың,
Рыскулбектин балдары -
Тулпарды минди туйлатып
Тууганына билгизбей,
Төрөнү Шыбыр айдатып,

Султан бий,
Тушугуң кести кууратып!..
Алтындан кайчың кабышты,
Султан бий,-
Сага бел оору кайдан жабышты?..
Султан бий, кигүүдән бийлик талаштың.
Эсиңден минтип адаштың.
Кектешип күндә сабаштың,
Рыскулбектин балдары
Бууданды минди туйлатып,
Балдарына билгизбей,
Тәрәнү Шыбыр айдатып,
Султан бий, башыңды кести кууратып!
Күмүштән кайчың кабышты,
Султан бий,
Сага баш оору кайдан жабышты?!..

Рыскулбектин балдары
Алдоо менен билгизбей,
Алтын така, жез ~~мокту~~ мыктуу
Жоргоңду алды, Султан бий,
Алтын каалга дарбаза,
Ордонго алды, Султан бий?
Күмүш така, жез мыктуу,
Жоргоңду алды, Султан бий,
Күмүш каалга, дарбаза,
Ордоңду алды, Султан бий,

Ак жибектей ийрилген,
Торуң кана, Султан бий,
Арка болгон журтуңа,
Сенин, зоруң кана Султан бий?!..

Көк жибектен ийрилген,
Торуң кана, Султан бий?
Көп саякка тең болгон,
Сениң, зоруң кана, Султан бий?!..

Биерде калган адамдар,
Эминени көрүптүр?
Шыбырга барган адамдар,
Санаасын жамган бөлүптүр.
Сүйүнчү берсең, Султан бий,
Маскоодо Төрөм өлүптүр!..

Эгиз кызыл, ак таман,
Атың кандай, Султан бий,
Ак сандыкта сакталган
Кантың кандай, Султан бий?

Адамды көк улактай мууздаган,
Шартың кандай, Султан бий,
Кетмен-Төбө жериңдин,
Адыры кандай, Султан бий?

Төрөнү Шыбыр айдатып,
Мурдагыдай саякка,
Кадырың кандай, Султан бий?!..

деп Жеңижок токтолгондо Султан бий:" Сенин ишиң эмне?- деп, дагы бир топ сөздөрдү айтып уруша кетет. Ошондо Жеңижоктун ырдаганы:

Калысым айтсам билбейсиң,
Карып калган чагыңда.
Каадаң менен жүрбөйсүң,
Калк акыны Өтөнү,-
Көңүлүмдө ким дейсиң?!..
Анығын айтсам билбейсиң,
Аламандап сүйлөйсүң.
Акылың менен жүрбөйсүң,
Атактуу булбул Жеңижок,
Алдыңда турса ким дейсиң?!..

Семиз-Белдин кары жок,
Куп семирип алыпсың,
Мал экенсиң ары жок!..
Көк-Белиңдин кары жок,
Көп семирип алыпсың,
Киши экенсиң ары жок!..

Өрттөнгөндөй күйөсүң,
Өз иниңди айдатып,
Султан бий, өлбөй неге жүрөсүң?!..

Күйгөндөн күндө күйөсүң,
Кичүү иниңди каматып,
Султан бий, кантип өлбөй жүрөсүң?!..

165 176

# Жамаат.

~~45~~

Алганың жакшы болгон соң:
Кирсең үйүң ордодой.
Көңүлүңдү куш кылат,
Кымбат баа жоргодой.
Ачууланып камчы урсаң,
Адеп сактайт молдодой,
Таза болот сымбаты,
Алганыңдын бир башы.
Жаркыраган айнектей,
Кармаган казан,тулгасы.
Ачык болот кабагы,
Барды-жокту байкагпай,
Берекелүү тамагы.
Алмадай камыр аш кылат,
Адамдын көөнүн куш кылат.
Бул өңдөнгөн ургаачы,
ырахмат албай калабы...
Алганың жаман болгон соң:
Кирсең үйүн кепедей.
Кийимиң сасып кир болот,
Төштүгү чирик текедей,
Тапканыңдын бардыгы,
Быркырап сынат көзөдөй.
Айыл десе камурат,
Өлечегин пар кылат.
Тапылдатып элегин,
Башы-көзүн чаң кылат.

Аш кыл десе нан кылат,
Анын орто жерин кам кылат.
Тоё жеген адамдын,
Ичин жаман дем кылат.
Баласын тәргә чычырат,
„Байдәбәт"-деп чакырат.
Байдәбәттән калганын,
Буту менен шыпырат.
Тактасына бит сыгат,

Убәлүк менен ит урат,
Муну эмне кыласың?!..
Же саамайын саксайтып,
Саталбасаң базарга,
Же эки көзүн чекчейтип,
Кәмә албасаң мазарга,
Атаны кызык, арман күн?!..

Уулуң жакшы болгон соң:
Кымбат баа жакут таш,
Кызык базар көргәндәй.
Ар жыйында кеп урса,
Ар кандай пенде көңгәндәй.
Көңүлү ачык жаркырап,
Жолу болгон мергендей.
Атасы менен энеси,
Аллаһдан жардык көргәндәй.

Улуң жаман болгон соң:
Киши келсе кенебейт.
Кишиге әзүн теңебейт.
Солугуп сүйләп,обу жок,
Өз акылын ченебейт.

Кылганынын дайны жок,
Же алып койгон зайбы жок.
Сәзү жукпайт, маани жок,
Сәәләтүнөшаани жок.
Анысы аз келгенсип,
Ачуусунда кәэси,
Айылдап жүрәт дардайып.
Каерде бышкан аштын ээси.
Уурулук кылып кармалып,
Бир күнү жайылат,Талас,Аксыга.
Ата безер бул иттен,
Туяксыз эткән жакшы да!..
Кызың жакшы болгон соң:
Ак болоттун бәркү экен,
Боз үйүңдүн кәркү экен.
Сайма сайып созулат,
Апасына эрте-кеч,
Жардам берип отурат.
Каалап келген жигитке,
Намысы менен кошулат.
Кызың жаман болгон соң,
Акыбалга карабай,

Уулуң жаман болгон соң:
Киши келсе кенебейт.
Киши ге өзүн теңебейт.

Оолугуп сүйлөп обу жок,
Өз акылын ченебейт.

Кыйганынын дайны жок,
Же алып койгон зайбы жок.
Сөөлөтүндө шаани жок,
Сөзү жукпайт, маани жок.

Айылдап жүрөт дардайып,
Каерде бышкан аштын ээси.
Анысы аз келгенсип,
Ачуусунда кээсиндир.
Чач сакалын агартат,
Ата менен энеси.
Кулагына илинбейт,
Айткан акыл, жемеси.
Берер ашын бекитип,
Зыркырап турат жеңеси.
Оокаттын болбойт камында,
Уулум бар деп самабай,
Жата бер жалгыз жайында.

-Агаң жакшы болгон соң:
Күндө кызык, күндө той,
Айылыңдан кетпейт топ жыйын,
Кандардын курган ордодой.

Бактына бүткөн агаңыз,
Коебу теги колдобой?!..

-Агаң жаман болгон соң:
Туурасы чыгат өгүздөй.
Ичинен насаат кеп чыкпайт,
Тирүү эмес, өлүктөй.
Муктажына жеткизбей,
Ал урган бергенин алат кемитпей.
Агам бар деп ойлонбой,
Жата бер жалгыз терикпей!..

-Иниң жакшы болгон соң:
Кымбат баа жакут таш,
Кызыган шаар базардай.
Ар дубанга кеп урса,
Айткан кеби казалдай.
Жара сүйлөп жалындап,
Тараза ташы басандай.
Айланып келген ачыңа,
Толгонуп келген кашыңа,
Аман болсун бир башы ай!
-Иниң жаман болгон соң:
Бак конбогон мазардай,
Кырмандан данын айрыган,
Боолугу бош бакалдай.
Жан сактоосун кыла албайт,
Жамачылуу чапандай.
Иним бар деп ойлонбой,
Жата бер жалгыз жапандай!..

-Жамаатың жакшы болгон й соң:
Ырыска ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,
Биригип калтай сел й болот.
Ичинен карып көрсөтпөй,
Кара тоодой бел болот.
Жайланган жериң кең болот,
Жазы журтуң жадырап,
Тересбелиң тең болот.
Мындай ынтымактуу жамаатка,
Кетпеген ырыс бак конот.
-Жамаатың жаман болгон соң:
Үйүң жакын конушпайт.
Ар кимиси арды айтып,
Ыркырашып болушпайт.
Эшке келип экөбү,
Кышкыга согум союшпайт.
Жазга маал алсырап,
Көтөрмөгө дан сурап,
Карындары тоюшпайт.
Тогу болсо көрө албайт,
Ачы болсо бөлө албайт,
Алар оору тооруса,
Алып сурап келе албайт.
Биринин алтын башы шылк этсе,
"Ырас гана болду "деп,
Ызатын кылык көмө албайт.
Жакшы менен жаманды,
Жараткан теңир эрикпей,
Жамаатың жаман болгон соң:
Он сегиз болсо пайда жок,
Чуркураган көп иттей!..

КОРГООЛ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН УЧУРАШКАНЫ

**Коргоол:** Аманбы аба, Жеңижок?
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышарга теңи жок.
Анык булбул экенсиң-
Айдап тәккән чени жок!..

Эсенби аба, Жеңижок?
Эки жактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элдин анык булбулу -
Элеп тәккән чени жок!..

Жергебиз Кетмен-Тәбәдән,
Жетик акын Өтәгә,
Жетине албай жәнәгәм.
Айлыбыз Кетмен-Төбәдән,
Артыкча акын Өтәгә.
Ашыгып мында жәнәгәм.

Ата-тегиң Таластан,
Ар санаттан сабатсаң.
Ар дубанга жарашкан.
Акын болор бекемин,
Айтканың угуп жанашсам?..

Түпкүлүгүң Таластан,
Тәгүп ырдап отурсаң,
Топ жыйынга жарашкан.

Токтолбой ырдаар бекемин,
Таалимиң алып жанашсам!..
Турган жериң Аксы экен,
Турпаты менен жакшы экен!
Жердеген жериң Аксы экен,
Жергеси менен жакшы экен!
Токтогул келип дос болгон,
Кошулса доошу козголгон,
Кәп жомокту жат билген,
Арапча окуп кат билген.
Артык экен әнәрүң!
Керек болду балаңа -
Әзүңдән нуска кәрәрүм!..

-"Булбулду- деп ырчыны",
Токтогул торгой айтты эле.
Суусамырдын сазында,
Топ дубандын кашында,
Кара сакал Эшмамбет,
Сизге, учурашып кайтты эле:
Анда мен, эл кәзүнә акындай,
Кәрүнә элек болчумун.
Алабарман ырчыдан,
Бәлүнә элек болчумун.

Эңсегеним ыр болгон,
Каалаганым сиз болгон.

Ырдын кенин аяба,
Каалап келген Корголдон!..

Женижок: Кетмен-Тәбә кең жерден,
Телегейи тең жерден.
Эстеп келген экенсиң,
Ырга бәлүп санааңды.
Жеңижоктой абаңды,
Балам, издеп келген экенсиң!..
Жол жоргоңду жаңылбай,
Мүдүрүлбәй кагылбай,
Салып калган экенсиң.
Токтогулдун төп ырын,
Эшмамбеттин эп ырын,
Алып калган экенсиң.

Эми,балам, айтарым:
Эсиң болсо байкагын.
Ырды "Жер байынан" баштагын!
Билгениңди так айтып,
Айтыштардан сак айтып,
Кармашкандан качпагын!..

– Бизден мурун тарыхтан,
Ырын төгүп жарыткан.
Токторбай әткән ырчыдан.
Айбанаттын баарына,
/Айтылып жүрәт дагы да/
Толубай әткән сынчыдан!..

Он сегиз миң ааламды,
Жер үстүндә адамды,

~~109~~

Кошуп айтсаң бир кызык,
Бутактатып кәбәйтүп,
Элди шаңга бәләнтүп,
Созуп айтсаң бул кызык!
Адам-Ата, Умайдан,
/Түпкүлүгү кудайдан/,
Тәгүп айтсаң бир кызык.
Жер үстүндә нааданды,
Эмгек кылбас адамды,
Сәгүп айтсаң бул кызык!..
Аксы менен Таластын,
Кәкчә менен Манастын,
Жәнүн айтсаң бир кызык.
"Жаныш-Байыш"," Курманбек",
Эрдиктери мындай деп,
Кәбүн айтсаң, бул кызык!..

Жаман, жакшы адамдан,
Терме менен санаттан,
Калпып айтсаң бир кызык.
Дүйнәнүн пинаа болгонун,
Жылдыз кәккә толгонун,
Камтып айтсаң бул кызык!

Ай, жылдызы жаркырап,
Нурун тәккән баркырап.
Айтар болсоң жылдызды айт!
Түпкүлүгүн ойлогон,

Тууган жерин коргогон,
Түпкү атабыз кыргызды айт!
Бечелдин иши курулбайт.
Чечендин сөзү бузулбайт,
Байкагам балам турмушта:
Жеңилсе түшүп атынан,
Түшүрбөй курун мойнунан,
Баалашкан сөздү кыргызда!..
Жыгылсаң туруп кетерсиң,
Байлаган болсо чечерсиң,
Чыгарсың орго малынсаң!..
Байлагандай кете албай,
Сөз түйүнүн чече албай,
Балам, өлгөнүң сөздөн чалынсаң!..

- Жамандардын каарынан,
Замананын тарынан.
Турук кылдым Аксыга,
Өлмөйүнчө кор болбойт,
Маңдайында шор болбойт,
Канатташ жүрсөң жакшыга!

Алмасы чирип дөң болгон,
Жаңгагы чирип көң болгон.
"Сары алтын Аксы" жер ушул!
Күлүгүн күндө таптаган,
Тайганын ууга маштаган,
Өтө абаңдын эли ушул!..

~~III~~

Келипсиң издеп алыстан,
Кубандым ырдап таанышсаң.
Учурашкан кез ушул.
Балам,айтканыма көңүл бур:
Кол тийгенде келип тур,
Сага, айта турган сөз ушул!..

Кэрпэч жээ кулукко.

~~175~~

Аксылык Кэрпэч деген жээ кулук коного чуркап, аттардан жарым күн мурун келгенде Жеңижоктун ырдаганы:

- Кулукчугуң айдадым,
Тулкуну кууп кармадың.
Чомполду үч айлантып,
Коёнду тээп жайладың.
Миң-Текенин кийигин,
Короондо койдой айдадың.

Кызыкты кыйла баштадың,
Арышың кере таштадың.
Жэлэңкүрдүн кырына,
Кэтэрүп койду качканың.
Ат менен кууп жеталбай,
Казактан келген бир досуң,
Кэргэмүн оозун ачканын.

Шамалдай ылдам басканың,
Чапкандай кетет шашканың.
Коного чуркап байге алган,
Казак,кыргыз таң калган
Артык экен таскагың!..

Жаңшаган тилим сэз сүйлэ!
Жээ кулук деп койбостон,
Жалмаган менен тойбостон,
Сени да алар куу дүйнэ!..

Мунканган тилим сөз сүйлө!..
Булбулу деп койбостон,
Бурдаган менен тойбостон,
Мени да алар шум дүйнө!..

# ТУРБАЙБЫ

Күн, түн менен алмашып
Кете берет турбайбы.
Өмүр таттуу көрүнүп
Өтө берет турбайбы.
Жандуулардын бардыгы
Өлө берет турбайбы.
Өмүр кайра башталып,
Өнө берет турбайбы.
Буйругуна мезгилдин
Көнө берет турбайбы.
Аккан суулар кайрылбай
Ага берет турбайбы.
Мезгил тынбай канатын
Кага берет турбайбы.
Кылымдарды карыткан,
Аска болот турбайбы.
Түркүн элде түркүн салт,
Башка болот турбайбы.
Акак бермет каухарың,
Таштан чыгат турбайбы.
Не бир сонун акыл сөз,
Баштан чыгат турбайбы.
Эсин алган көөндүн,
Камыш болот турбайбы.
Эр жигитти курчуткан,
Намыс болот турбайбы.
Кара кылды как жарган,
Калыс болот турбайбы.

Аргымактын кулуну,
Чалыш болот турбайбы.
Адамзатты кор кылбас,
Акыл болот турбайбы.
Жардамдашкан кыйында,
Жакын болот турбайбы.
Сәәк кыштай кынаган,
Акын болот турбайбы.
Күн жаабаса жер бети,
Такыр болот турбайбы.
Жез каргылуу көр тайган,
Желип әтәт турбайбы.
Эр башына бир дәәләт,
Келип әтәт турбайбы.
Айбанаттан акылдуу,
Түлкү болот турбайбы.
Адамзатты жашарткан,
Күлкү болот турбайбы.
Кәпту кәргән азамат,
Кары болот турбайбы.
Кары сәзү жаштарга,
Дары болот турбайбы.
Ким мааниге кызыкса,
Уста болот турбайбы.
Айта салса тар жерде,
Нуска болот турбайбы.
Ташты жарып аккан суу
Тунук болот турбайбы.

Адам эмгеги менен элине,
Улук болот турбайбы.
Жүдәтпәгән бутуңду,
Чарык болот турбайбы.
Өткәндәрдүн баарысы,
Тарых болот турбайбы.
Тарых болсо әткән күн,
Анык болот турбайбы.
Бүт ааламга жалгыз күн,
Жарык болот турбайбы.
Кыңыр иш болсо кырк жылда,
Анык болот турбайбы.
Коного чуркар күлүктүн –
Табы болот турбайбы.
Жоого шилтээр кылычтын,
Сабы болот турбайбы.
Колдо болгон алтындын,
Баркы болбойт турбайбы.
Эл ичинде баатырдын,
Даңкы болбойт турбайбы.
Чукугандай сәз тапкан,
Чечен болот турбайбы.
Элдин башын айланткан,
Эшен болот турбайбы.
Карып калган адамды,
Кесел болот турбайбы.
Атасына баласы,
Өбәк болот турбайбы.

Баласына атасы,
Жәләк болот турбайбы.
Он  бир тууган болсо да,
Аягында үй-жайы
Бәләк болот турбайбы.
Өмүр менен әлүмдә,
Күрәш болот турбайбы.
Ар адамда ар башка,
Мүнәз болот  турбайбы.
Жакшы кылган жигитти,
Жары болот турбайбы.
Эстүүгә жигит туш келсе,
Багы болот турбайбы.
Кәз жоосун алган чәптәрдүн,
Гүлү болот турбайбы.
Тажатпаган булбулдун,
Уну болот турбайбы.
Арыстандын кәзүндә,
Сүрү болот турбайбы.
Азуулуунун бир канча,
Түрү болот турбайбы.
Нар тәәнүн әзүндәй
Жүгү болот турбайбы.
Акылы бар адамдын,
Эси болот турбайбы.
Айтар сәздүн дайыма,
Кези болот турбайбы.

## ЖЕҢИЖОК МЕНЕН БАРПЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

ЖЕҢИЖОК: Исвескен менен Бүргөндү,
Кесип келдиң Барпы акын.
Канча бир элди аралап,
Өтүп келдиң Барпы акын.
Базар-Коргон, Тентек-Сай,
Жайда келдиң Барпы акын,
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң Барпы акын.
Сол көзүңдү ачпастан,
Жуумп келдиң Барпы акын,
Жеңижокту жеңем деп,
Кууп келдиң Барпы акын!..

БАРПЫ: Жалал-Абад жол тартып,
Жөнөп келдиң Жеңижок.
Жакшылардан ажырап,
Бөлөк келдим Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим Жеңижок.
Сол жак көзү жумулган,
Мени көрүң Жеңижок.
Көрүп кетем Майлы-Сай,
Жолуңузду Жеңижок.
Сынап кетем бай-манап,
Чоңуңузду Жеңижок.
Көрүшөлү канеке,
Колуңузду Жеңижок.

ЖЕҢИЖОК: Айтышар болсоң мынакей,
Менин колум Барпы акын.
Адаштырат сендейди,
Менин жолум Барпы акын.
Жайып койдум алдыңа,
Темир торум Барпы акын.
Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң Барпы акын.
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң Барпы акын.
Султан казак болуштун,
Сүлпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр, ~~[illegible]~~
Үлпөтүн сен билбейсиң.
Чүчук каптап алдыңа,
Коёр бекен Барпы акын.
Ала тайың кечинде,
Соёр бекен Барпы акын.
Төрт короол, бир жигит
Сабаар бекен Барпы акын.
Бүгүн атың казанда,
Кайнар бекен Барпы акын.
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен Барпы акын.
Эки колуң артыңа,
Байлар бекен Барпы акын.
Эки көзүң бододой, ~~[illegible]~~
Жайнар бекен Барпы акын.

БАРПЫ: Карала напти жибек тон,
Кийип келдиң Жеңижок,
Казысы карыш ала тай,
Минип келдиң Жеңижок,
Жолоочудан ат сурап,
Жору бекен болушуң,
Жалгыз атты жаргыдай,
Таскарабы болушуң.
Таамай элдин ичинде,
Маскарабы болушуң?
Алыстан келген мейманды,
Биле албайбы болушуң!
Ырчынын атын союшка,
Уялбайбы болушуң?
Ат үстүндә дардайып,
Теминет го болушуң!
Күндә эт жесе чардайып,
Семирет го болушуң!
Ала атымдын казысын,
Чайнагыдай болушуң.
Ууру белем колумду,
Байлагыдай болушуң.
Күнайим жок артыма,
Айдагыдай болушуң.
Сына турган белим жок.
Корко турган жерим жок!

ЖЕҢИЖОК: Баятан айткан сәзүмә
Капа болбо чырагым.

Жүрәгүңдү чыгарып,
Бираз сени сынадым.

Өйдә әтәт боз дәбәт,
Ылдый әтәт кәк дәбәт?
Эки дәбәт айрымын,
Акыл менен ким бәләт?

БАРПЫ: Өйдә әткән боз дәбәт,
Амал болот Жеңижок.
Ылдый әткән Кәк дәбәт,
Шамал болот Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот Жеңижок.

ЖЕҢИЖОК: Дүнүйәдә бирәә бар,
Турбай кетет жолунан
Бәләк жакка әзүнү,
Бурбай кетет оңунан.
Бу эмине болучу?

БАРПЫ: Өзүң айткан касиет,
Адашпаган оңунан.
Тайгылбаган жолунан,
Күндүн кәзү Жеңижок.
Шуну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок.

ЖЕҢИЖОК: Кыйын жерде кез билген,
Кысталышта сәз билген.
Калышпаcон, карагым.

Ак таңдай акын эстүүдөн,
Ошо күндөй жүргүн жолунда.
Акындык салттын оңунда...

~~Жуманбай /Ата/ Кәкә уулу.~~

АККАН СУУ

Жер титиреп бүткәндә,
Кәктән иман толкуп түшкәндә.
Ай асмандан букканда,
Күн кызарып чыкканда,
Дүнүйә пинаа болгондо,
Жылдыз кәккә толгондо,
Суу атасы Сулайман -
Жардам сурап кудайдан,
Адам Ата кошулуп,
Энекебиз Умайдан,
Оозунан чыккан лапаси,
Кудайга дайын болгондо:
- Он сегиз миң Ааламдан,
Коркуп чыккан аккан суу.
Жер жүзүнә жайылып,
Толкуп чыккан аккан суу.

Жети кабат жер астын,
Жарып чыккан аккан суу.
Жер, Ааламдын баарысын,
Багып чыккан аккан суу.

Алты кабат жер астын,
Атып чыккан аккан суу.
Адам- Ата, Ума- Эне,
Багып чыккан аккан суу.
Кара тоонун боорунан,

Жарып чыккан, аккан суу.
Алтын канат, жез куйрук,
Балык чыккан,аккан суу.
Кара жердин астынан,
Жылып жаткан,аккан суу.
Жаамы күнөө кылганды,
Билип жаткан,аккан суу.

Ак кыянын боорунан,
Агып чыккан,аккан суу.
Өмүр отун тутантып,
Жагып чыккан,аккан суу.

Көк жалкаяк асканы,
Тешип чыккан, аккан суу.
Көк торпулуу, көк жарды,
Эшип чыккан,аккан суу.

Зоодон сынбай бир жери,
Кулап түшкөн,аккан суу.
Аяк башын үзүлтпөй,
Улап түшкөн,аккан суу.

Ташка тийип чачырап,
Быркыраган,аккан суу.
Далай жерге токтобой,
Шыркыраган,аккан суу.

Кууш жерге келгенде,
Күркүрөгөн,аккан суу.
Урөйүңдү учуруп,
Үн сүрөгөн,аккан суу.
Жайык жерге барганда,
Жаркыраган,аккан суу.
Эңкейишке келгенде,
Аркыраган,аккан суу.
Кулагыңды тундуруп,
Капчыгайды чуу кылып,
Шаркыраган,аккан суу.
Коркок адам сүрүнөн,
Калтыраган,аккан суу.
Сурап-сурап отурсаң,
Кайда болот,аккан суу?
- Тескейи бийик терең сай,
Коодо болот,аккан суу.
Тегирменге байласаң,
Ноодо болот,аккан суу.
Ак асаба желжиген,
Зоодо болот,аккан суу.
Башы туюк капчыгай,
Сайда болот,аккан суу.
Издегенде табылбас,
Жайда болот, аккан суу.
Бетегеси кулпунган,
Төрдө болот,аккан суу.
Жаратылыш жасаган,
Өрдө болот,аккан суу.

Каз,әрдәгү калкыган,
Кәлгә келген,аккан суу.
Бопбоз болуп кор болгон,
Тамчы сууга зар болгон,
Чәлгә келген,аккан суу.
Мурда болуп кәрбәгән,
Жерге келген,аккан суу.
Жер үстүндә жашаган,
Элге келген,аккан суу.
Өз тулкусун жоготпой,
Бир тамчысын коротпой,
Кармап келген,аккан суу.
Курмандыкка денесин,
Арнап келген, аккан суу.
Аягы жок, колу жок,
Токтойм деген ою жок,
Жүрүп келген, аккан суу.
Бара турган жерине,
Кире турган кәрүнә,
Күлүп келген,аккан суу.

Жердин үстүн тепсеген,
- Малга келген,аккан суу.
Ай, Ааламда жашаган,
Жанга келген, аккан суу.
Арык казып тәтәләп,
Алып кетсе жетелеп,
Кете берген, аккан суу.

Бөлгөн жерге токтобой,
Чарчаганга окшобой,
Жете келген, аккан суу.

Кара таштан жаркырап,
Түшүп жаткан, аккан суу.
Жан-жаныбар шимирип,
Ичип жаткан, аккан суу.
Күнү-түнү жылган суу
Арам болгон жериңди,
Жуда таза кылган суу.
Ак жектенин жеңине,
Кир койбогон, аккан суу.
Арам болгон жериңди,
Бир койбогон, аккан суу.

А, Жаныбар, аккан суу!
Жандын баарын баккан суу.
Дайра болуп ташкан суу,
Тара арыктан [т]ашкан суу.
Агыны катуу болгон суу,
Ар әзәнгә толгон суу.
Кара шибер, көк майдан,
Саздуу болот, аккан суу.
Кайрысаң келет арыкка,
Баштуу болот, аккан суу.
Аккан жери дайыма,
Эңиш болгон, аккан суу.
Ай чапчыган толкуну,

Эч билбеген коркуунү,
Деңиз болгон,аккан суу.
Тоодон аккан жеринен,
Жаралганда тегинен,
Тунук болгон,аккан суу.
Тазалыгы жагынан,
Карап турсаң баарынан,
Улук болгон,аккан суу.
Кемеринин ичине,
Алтын канат,жез куйрук,
Балык толгон,аккан суу.
Керектиги Ааламга,
Анык болгон,аккан суу.

Алдыңа шайтан жуутпай,
Кууп турган,аккан суу.
Ажал жетип өлгөнүн,
Ак кепиндеп,арууләп,
Жууп турган,аккан суу.
Колуң менен бутуңа,
Даарат болгон,аккан суу.
Кожо менен молдого,
Шарат болгон,аккан суу.
– Алты айчылык жол каксаң,
Арасынан үзүлбөй,
Созуласың,аккан суу.
Алтымыш бөлөк баш жагың,
Аягы . келип бир жерден,

Кошуласың,аккан суу.
Дыйкан,чарба,адамды,
Бүт тындырып мудаанды,
Жабыркатпай баккан суу,
Кызматы менен кишиге,
Мына ушундай,жаккан суу.
Челек менен көтөрсө,
"Түгөнөм" деп шашпаган.
Тиктеп туруп байкасак,
Калыбынан жазбаган.
Кандай молсуң,аккан суу!..
 - Тоо боорунан оргуштап,
Булак болгон,аккан суу.
Катын менен балага,
Ынак болгон,аккан суу.
Жоодураган бото көз,
Иймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү,күн жүздүү,
Жан эриткен бал тилдүү,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Бирин-бири жүр дешип,
Аста күлүп шыңк этип,
Алтындан иймек сөйкөсү,
Кулагында жылт этип,
Муну көргөн жигиттин,
Эт-жүрөгү зырп этип.
Эки челек көтөрүп,
Кыздар келген,аккан суу.

Ай тамагын кылайтып,
Ак булчуңун булайтып,
"Сөкетбай" деп ыр айтып,
Аккан суугө сыр айтып,
Жанаша басып кыналып,
Өңүн суудан каранып,
Тоту куштай таранып,
Келиндер келген,аккан суу!

Белдемчисин байланып,
Балдарына айланып,
Небересин ээрчитип,
Секин басып чайпалып.
Отурганда"белим"деп,
Чочуганда "эрим" деп.
Кемпирлер келген,аккан суу!

Ак сакалын жайкалтып,
Аста сүйлөп нарк айтып.
Жолдун ташын теришип,
Булак оңдоп беришип,
Чалдар келген,аккан суу.
Божурашып сүйлөшүп,
Бир күндө он беш суу кечип.
Суу боюна барышып,
Суу мылтык жасап алышып,
Суу мылтык менен атышып,

Бир кумарданканышып,
Балдар келген,аккан суу!..

– Таң кашкайып сүргөндө,
Булутту шамал тургандө,
Катуулап суу киргенде,
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Ой,тоонун баары көрүнүп,
Сүрүлүп жылдыз качканда,
Таңкы Чолпон баткан да,
Өзөндөн– ак шамал жүрүп ышкырып,
Суудан– кара буу чыгып буркурап,
Асмандын жылдызы качып дыркырап,
Токойдо гүлдөр гүлбурап,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап,
Жылгадан алты миң булак шылдырап,
Жарашкансың,аккан суу!..
Бири консо, бири учуп,
Бири келсе, бир кетип,
Эки жагын карашып,
Канаттарын тарашып,
Мукам-мукам сайрашып,
Өз тилинде күү чертип,
Жагжагына толтуруп,
Балпанга суу берип,
Куштар келген,аккан суу.
Куйрук, жалы бир карыш,
Кулан келген,аккан суу.

Аягы жок,колу жок,
Жылан келген, аккан суу.
Арам менен адалды,
Ылгабайсың,аккан суу.
Бир адамды жамандап,
булгабайсың,аккан суу.
Жайы,кышы барабар,
Саан алган, аккан суу.
Асмандан булут кубулуп,
Жаан алган,аккан суу.

Жаз келгенде токтобой,
Өрдөн чыккан,аккан суу.
Кайык сүзүп өтө албас,
Кара тоонун боорунан,
Көлдөн чыккан,аккан суу.
Акканын адам билбеген,
Караанын көрүп зилдеген,
Жер үстүнө мелмилдеп,
Дарыя болгон,аккан суу.
Жеңижок төккөн ыр менен,
Жарыя болгон,аккан суу.
Желип өткөн жерине,
Жемиш өсүп бак болгон.
Келип кеткен жерине -
Шаар орноп эл толгон.
Жууса кириң кетирген.

Түгөнбөй өөрчүп жетилген,
Көпүрө түшүп жол салган,
Кечип кетсең ылайлап,
Так билбеген, аккан суу.
Пейли кенен, тар эмес,
Бир калыпта бузулбай,
Агып жаткан, аккан суу.
Дүнүйөнүн баарына,
Балдан таттуу шипширин,
Жагып жаткан, аккан суу.

– А жаныбар, аккан суу!
Ылдыйды карап жүргөн суу,
Ылайланып кирген суу.
Эңишти карап жүргөн суу,
Эрки менен кирген суу.
Шамалдай үнүң шуулдап,
Перенделер чуулдап,
Жээгинде сайраган,
Күкүк менен булбул бар,
Көлүндө киши көрбөгөн,
Кара кашка дулдул бар.
Жүнү сеңсел, акы куйрук,
Кундузу бар, аккан суу.
Көзгө жылуу көрүнгөн,
Жылдызы бар, аккан суу.
Мындай сонун, аккан суу!..

Кимге болсо барабар,
Чумуядаң, жаккан суу.
Суусуз чөлдө жашап көр,
Өтөт суунун азабы.
Айта берсем түгөнбөйт,
Аккан суунун казалы!..

Керүүдөн кыян кошулуп,
Сел болосуң,аккан суу.
Этек, жагың буулса,
Көл болосуң,аккан суу.
Жайык жерге келгенде,
Алтын, менен күмүшкө,
Тең болосуң,аккан суу.
Кыртыш байлап бетине,
Жүн чыкпаган,аккан суу.
Айбанатпы,адамбы,
Башын салса- "тур кет" деп,
Унчукпаган,аккан суу.

- Ирик менен чиректи,
Таза кылган,аккан суу.
Эл жайлоого конгондо,
"Эртерээк жетип ичсем деп,
Эки агаин кишини,
Ача кылган,аккан суу.
Бул-аккан суунун зыяны!

Жүргөн жерин гүлдөтүп,
Дурус кылган,аккан суу.
"Нөөбөтү мага келбейт деп,
Өзү билип бербейт" деп,
Коңшу отурган адамды,
Урушturган,аккан суу.
Бу да аккан суунун зыяны!

– Жаздын айы келгенде,
Байчечекей баш багып,
Булак ийип,таш жарып,
Тоо башында мөңгү эрип,
Токсон миң булак бир келип,
Асмандан булут бүркөлүп,
Жамгырын төксө ал көрүп!..
Суунун пири Сулайман,
Каарданып киргенде,
Ылдый көздөй сүргөндө,
Капчыгайга толгондо,
Жандап барган мал жанды,
Ажыдаардай соргондо,
Күңгөйдөгү таш агып,
Тескейдеги кар агып,
Аюу,жолборс, сүлөөсүн,
Туш келгендин баары агып.
Байлап койгон сал агып,
Көпүрөлөр дагы агып.
Кечип кирген мал агып,

Байкабаган жан агып,
Бузуп эткэн кыяны,
Буда аккан суунун зыяны!..
Ташка тийген жеринен,
Кэгүш жалын от жанып.
Жарга тийген жеринен,
Жолум үйдэй из калып.
Ортосунан от жанып,
Кэбуктэнүп кан агып.
Түптүү терек токтобой,
Бир куурайга окшобой,
Карагайы,арчасы,
Толгон и токой канчасы,
Бир токтошко жарабай,
Агып барат, даң салып!..
Ташка тийсе чачырап,
Сүрү жанды качырат.
Күңгүрэнүп сүйлэнүп,
Мэңкүп барат, жинденип,
Уйдэй болгон таштары -
Тоголонгон калдырап,
Аны кэргэн пенденин,
Эси чыгат дабдырап.
Ташка тийип жанчылып,
Айбатынан жан чыгат.
Кирип барат,аккан суу!
Айтыла берет баңгы,

Буда аккан суунун зыяны!
Жердин бетин жайпаса,
Жер силкинткен чайпаса,
Буда аккан суунун зыяны-
Катте зыян байкаса.
А жаныбар, аккан суу,
Жаз келгенде күрпүлдэп,
Ээ бербей ташкан суу.
Тоодон чэлгэ жеткенче,
Далай жолду баскан суу.
Жан-жаныбар күйэну,
Ушул турган дүйнэну,
Жаркыратып, баккан суу.
Улутка, журтка, бэлбэгэн,
Кэрбэсэ адам чэлдэгэн.
Арык кайрып байласа,
Шооласы бар кэлдэгэн.
Пайдасы бар, аккан суу,
Өмүрүндэ түгэнбэс,
Жайрасы бар, аккан суу.
Ташкыны бийик дүйнэдэн,
- Далай жерди арыткан.
Түрдүү чэптэр, мийвага,
Каны болуп жарыткан.
Тегеренип жанынан,
Карып мизин кетпеген.
Кандай молсуң, аккан суу-
Жердин үстүн тепсеген!..

– Тунук болуп шар аккан,
Кол арыкка бурулуп,
Тартынбастан жулунуп,
Талаасында бараткан.
Тегирменди айланткан,
Кызматын кәр жарашкан!
А жаныбар, аккан суу!..
Аккан суунун белгиси:
Камчылабай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен.
~~Жийиркенбей бат жеткен.~~
Жийиркенбей ичине,
~~Жийиркенбей ичине~~
Кырк аяктуу курт куткән.
Камыш чыгып кәлунә –
Кара бээ оттогон.
Балырынын ичине –
Бака чардап токтогон.
Келишкенсиң, аккан суу!
Кәруп адам жыргаган.
Бейиштейсиң, аккан суу.
Арам, адал, дебеген,
Асилденсиң, аккан суу.
Өз башыңан күнәәнү –
Арыткансың, аккан суу.
Кимге болсо "маакул" деп,
Баш ургансың, аккан суу.

Түш тарапка бет алып,
Агып эттуң, аккан суу.
Он сегиз миң ааламды,

Багып эттүң,аккан суу,
Кыялданып кыйшайып,
Шоокумданып үн салып,
Келип эттүң,аккан суу.
Аласасын адамга,
Берип эттүң,аккан суу.
Кышын-жайын барабар,
Коргошундай кэлкүлдэп,
Түнук болуп мелтилдеп,
Эрип эттүң,аккан суу!..
Келин менен кыздарга,
Керектүүң алгын деп,
Челегине толтуруп,
Берип эттүк,аккан суу.
Өмүр шерик адамга,
Болуп эттүң,аккан суу.
Бул дүнүйэ жарыктан,
Толуп эттүк,аккан суу.
Касиеттүү аккан суу,
Сенсиз бизге Күн кайда?
Жайнап эскэн гүл кайда?
Ушул турган сулуулук, -
Жоголмок баары бейпайда!..

А жаныбар,аккан суу,
Күнү-түнү акcaң да,
Эмгек этип жаксаң да,
Кадырыңды билбейбиз.

Кәңүлүңдү кир кылып,
Кайра әзүңдү тилдейбиз.
Ак сарбашыл кой атап,
Жок дегенде бир жылда,
Зыярат кылып жүрбәйбүз!
– Адамзага пендеси–
Аккан сууну булгаба.
Акыл чыкпас акмактын,–
Айткан сәзүн тындаба.
Суу сыйлаган– зор болор,
Суу кордогон– кор болор!
Акыл менен ойлоп ал,
Айткан жокмун тим гана!..

А жан бар, аккан суу,
Жок дегенде бир күнгә,
Келбей койсоң таарынып,
Кесирленип жүргәндәр,
Чуркайт эле ак уруп,
Барктабастан жүргәндәр,
Айчылык жерде болсоң да,
Жетет эле жалынып,
Колунда болгон дүйнәсүн
Бир уурткан сени алганга,–
Сага, берет эле жабылып.

– Бирок, сен андай эмессиң,
Чалкып жаткан кененсиң.
Керектеген жандуунун,

Кызматында беленсиң.
Байыртадан бер жакка,
Керектелип келгенсиң.
Бали ырахмат,аккан суу!..
– Түбәлуккә агарсың,
Далай жолду басарсың,
Кызматына жарарсың,
Ыракматын аларсың.
Укум менен тукумга,
Белек болуп барарсың.

Күүләрүңдү черте бер.
Кукуктәнүп кете бер.
Өмүр шамын күйгүзүп,
Максатыңа жете бер.

Темир комуз кага бер,
Толкуп ташып ага бер.
Тегеренип Жер жүзүн,
Турмуш отун жага бер!

Мәңгү болуп ашууда,
Унәмдәлгән,аккан суу.
Жети күн, бир түн айтсам да,
Түгәнбәгән,аккан суу.

Аккан,аккан,аккан суу,
Бардык жанга, жаккан суу!..

КЫЗЫЛ АТ

Аксынын Кәк-Башат деген жайлоосунда Баялы деген чоң той берди. Тойго Анжиян, Кыркадан кәп киши келди. Тойго Жеңижок, Токтогул, Ныязалы комузчу, Тайкожо сурнайчы жана башка майда ырчы, кыякчылар келишти. Жеңижок менен Токтогул тойдо ырдап турушту.

ЖЕҢИЖОК: О, той маареки болсун, Баялы!
ТОКТОГУЛ: Мунун марттыгын элге жаялы.
ЖЕҢИЖОК: Баракелде, Матай ай!
ТОКТОГУЛ: Бул тойдо жүргән такай ай!..
ЖЕҢИЖОК: Баракелде, Рыскулбек!
ТОКТОГУЛ: Апасы балбан тәрәгән,
Кәкбәрү тартып жүрсүн деп,
ЖЕҢИЖОК: Баялы, артылсын күндә берекең.
ТОКТОГУЛ: Күн-түнү мейман күтүнгән,
Пейили мунун кең экен.
ЖЕҢИЖОК: Дүйүм мәмәбаары әскән,
Сенин жериң жакшы турбайбы.
ТОКТОГУЛ: Жети Ууру деп аталган,
Сенин, элин жакшы турбайбы.
ЖЕҢИЖОК: Астына күлүк салбаган,
Бууданы жакшы турбайбы.
ТОКТОГУЛ: Мамаке, Шермат, Калыгул,
Булардын тууганы жакшы турбайбы.
ЖЕҢИЖОК: Өңгәй күлүк, жорголор,
Булардын, мингени жакшы турбайбы.
ТОКТОГУЛ: Адамдын сырын айттырбай,
Булардын, билгени жакшы турбайбы.

ЖЕҢИЖОК: Көк-Башат чыга жайлаган,
Көйкашка кулук байлаган,
Бел-Башат чыга жайлаган,
Белгилүү кулук байлаган.

ТОКТОГУЛ: Сары-Тектирге жайлаган,
Семиртип кулук байлаган.

ЖЕҢИЖОК: Эли бир Шумкар Жайлаган,
Элиртип кулун байлаган.

ТОКТОГУЛ: - Күркүрөөлүк Артыкбай,
Караламан бала экен,
Бу да тойго келиптир.

ЖЕҢИЖОК: Эшботонун Кулмурза,
Жаңы эспүрүм бала экен,
Бу да тойго келиптир!

ТОКТОГУЛ: Тегенеде Айтмырза,
Күйүп турган шам эле,
Бу да тойго келиптир!

ЖЕҢИЖОК: Жундуздагы Сатибек,
Ак-Сууда жаткан мал эле,
Буда тойго келиптир!.

ТОКТОГУЛ: Ташыкулу дейт экен,

ЖЕҢИЖОК: Ташыкулду айтпачы,
Көрүнгөн элди жейт экен!

ТОКТОГУЛ: Осмонбектей кары бар,

ЖЕҢИЖОК: Ордолуу элдин баары бар.

ТОКТОГУЛ: Керимкул жеңдең дагы бар.

ЖЕҢИЖОК : Келишкен журттун баары бар.

ТОКТОГУЛ: Абдыракман,Кәкә бар.

ЖЕҢИЖОК: Э, Айтмырза менен Чәкә бар,

ТОКТОГУЛ: Алибек,Субан дагы бар.

ЖЕҢИЖОК: О, аркошкон элдин баары бар.

ТОКТОГУЛ: Садыр деген кары бар.

ЖЕҢИЖОК: О,Саруу, багыш баары бар.

ТОКТОГУЛ: Анжиян, Аксы ичинен,
Келбеген киши калган жок.

ЖЕҢИЖОК: Ушунча элди жайгарган,
Баялы, сенде арман жок!

– Ырчыларды үйгә түшүрүштү. Жеңижок санаттан төгүп, Токтогул комуз чертип, Ныязалы комузчу куудулданып, ар кимиси әз әнәрләрүн кәрсәтүшүп олтурушту.Аңгыча эшиктен бир жигит келип, ырчылардын кулагына бирдеме деп шыбырады. Ырчылар бата кылып, эшике чыгып аттарына миништи. Кәрсә, "Жар чакырсын" деген экен.

ЖЕҢИЖОК: Жардаган калкым кеп айтам,
Жакшы тургун деп айтам!

ТОКТОГУЛ: Тиктеген калкым кеп айтам,
Ындай, тегерек тартсын деп айтам.

ЖЕҢИЖОК: Сыйынгылар айыпка,

ТОКТОГУЛ: Бейчеки баскан кишинин,
Аты кетет айыпка!..

ЖЕҢИЖОК: Азыр, ат коного айдалат,

ТОКТОГУЛ: Ат кошкон жолдон болбосун,
Ат айдоочу кайтарат.

ЖЕҢИЖОК: Андай ат чыгып байге алса,
Баялы, бербестен кайра әзү алат!..

ТОКТОГУЛ: Аттар, Чомполдон барып коюлат,

ЖЕҢИЖОК: Байге-Кәк-Тәбәгә созулат.

ТОКТОГУЛ: Аттар, Чомполго барып к малат.

ЖЕҢИЖОК: Тиги, Мойноктон байге таралат!

ТОКТОГУЛ: - Эми, балбандын жайын айталы,

Айта түшүп кайталы!..

ЖЕҢИЖОК - Кәзү келсин кәзәдәй,

ТОКТОГУЛ: Мурду келсин тешедей!..

ЖЕҢИЖОК : Балтыр эти баладай,

Балбанынан келишсин!

ТОКТОГУЛ: Кармашканды чалкадан,

Салганынан келишсин!

ЖЕҢИЖОК: Кара кемсел кийинген,

Катынды кәрсә сүйүнгән.

Кара тумшук болбосун!

ТОКТОГУЛ: Кызыл кемсел кийинген,

Кызды кәрсә сүйүнгән,

Кызыл тумшук болбосун.

ЖЕҢИЖОК: Тар у ашка кәп тойгон,

Дардайган арам болбосун!

ТОКТОГУЛ: Катынды кәрсә кәп күлгән,

Балжайган арам болбосун!

деп алым-сабак айтышып, күрәштә жеңилгенин, жеңгенин эки тарап болуп ырдашып, элди тамашага салып турушту. Бир маалда Тайкожо деген таластык чоң сурнайчы "Баялынын күлүгүн" ~~мактай баштады:~~ ий озуп келгенин сурнайда айта баштады. Ырчылар аттын мактай баштады!

ЖЕҢИЖОК: Эки кәзүн карасаң;

Күндә күйгән чырактай.

ТОКТОГУЛ: Кулактарын карасаң:
Байгамбар минген буракта й.

ЖЕҢИЖОК: Тәрт туягын карасаң,
Сомдоп койгон чарадай.

ТОКТОГУЛ: Кирпиктерин карасаң,
Колдоруңдун салаадай.

ЖЕҢИЖОК: Кәкүлдәрүн карасаң,
Эрдин байрак туундай.

ТОКТОГУЛ: Аккан терин карасаң,
Ак-Сайдын аккан суундай.

ЖЕҢИЖОК: Омуроосун карасаң,
Дарбазалуу эшиктей.

ТОКТОГУЛ: Сооруларын карасаң,
Сырдап койгон бешиктей.

ЖЕҢИЖОК: Кабыргасын карасаң:
Кайтара соккон болоттой.

ТОКТОГУЛ: Чаткаягын карасаң,
Эл куштаган колоттой.

ЖЕҢИЖОК: Жүрәктәрүн карасаң,
Жүргәктәгән баладай.

ТОКТОГУЛ: Булчуң этин карасаң,
Чуркап жүргән танадай.

ЖЕҢИЖОК: Куйрук, жалын карасаң,
Кашкардан келген жибектей.

ТОКТОГУЛ: Кәрүнүшүн карасаң,
Кәлдә сүзгән чүрәктәй.

ЖЕҢИЖОК: Чуркайт экен жаныбар,
Жакын менен алыска.

ТОКТОГУЛ: Баялынын Кызыл ат,

Жараган дайым намыска!

ЖЕҢИЖОК: Таманы ташты күрөгөн,

Байгеге күчүн үрөгөн.

ТОКТОГУЛ: Баялынын балдары

"Кызыл ат" деп сүрөгөн.

ЖЕҢИЖОК: Кулуктөр, караанынан сүрдөгөн.

Дүбүртүнөн жүрбөгөн.

ТОКТОГУЛ: Ошо,Кызыл ат чуркап байге алды.

Не бир сонун кулуктөр,

Башын чайкап кур калды.

ЖЕҢИЖОК: Жаныбарым,Кызыл ат,

Жазбай байге ала бер!

ТОКТОГУЛ: Байгесинен Баялы,

Бу жампайган нарды мага бер!..

ЖЕҢИЖОК: Шарт адамдын белгиси;

Айтканыңды шарт берет.

ТОКТОГУЛ: Шарттык кылса Баялы,

Мага, токулган ат берет!

ЖЕҢИЖОК: Ашыкпагын,Токтогул,

Айттырбастан бат берет.

ТОКТОГУЛ: Баялы, кулуну менен бээ берет!

ЖЕҢИЖОК: Аны айтасың Токтогул,

Тайлагы менен тәә [illegible] берет!..

ТОКТОГУЛ: Тайкожого тай берет!

ЖЕҢИЖОК: Ныязалыга кой берет!- Баялы эки ырчыга эки ат тартып, Тайкожого тай, Ныязалыга кой берет.

Ырчылар дагы ырга кирет:

ТОКТОГУЛ: Баялы,

Карагер тандап мингизди.

ЖЕҢИЖОК: Калыстык кылсак Токтогул,-

Кеңдигин журтка билгизди.

ТОКТОГУЛ: Баялы,

Буурул тандап мингизди.

ЖЕҢИЖОК: Байкап көрсөң Токтогул,-

Парттыгын журтка билгизди!

ТОКТОГУЛ: Тайкожобуз тай алды.

ЖЕҢИЖОК: Ныязалы комузчу,-

Эгиз тубар кой алды!

ТОКТОГУЛ: Алдынан иши жөнөсүн!

ЖЕҢИЖОК: Арт жагынан апасы, -

Дагы бир эркек төрөсүн!

ТОКТОГУЛ: Бизге окшогон шайырлар,

Ошого ырдайбыз деп жөнөсүн.

Арчада- тотусу сайрап ыр курайт.

XXI

Ырават салып жай кылган,
Жеримден баштап айтайын.
Аркар,кулжа жайылган,
Белиңден баштап айтайын.
Сан уруу Саруу аталган,
Элимден баштап айтайын.

Кара-Суу,Түрдүк,Малгалды,
Өрүмдән баштап айтайын.
Кара-Камыш аталган,
Кәлүмдән баштап айтайын.
Арык-Тәр,Шумкар,Айры-Бел,
Тәрүмдән баштап айтайын:
- Кара-Суу деген кандай жер?
Кара-Суу деген суусу бар.
Каркылдаган куусу бар.
Канаттуусу дүркүрәп,
Ызылдаган чуусу бар.
Кыштын күнү тоңбогон,
Буркураган буусу бар.
Башы Кум-Белге чейин созулган.
Аягы Нарынга барып кошулган.
Асмандын жылдызы качып суюлган,
Ак-Зоонун аркары кумдай куюлган.
Кәктүн жылдызы учуп суюлган,
Кәк-Зоонун кийиги кумдай куюлган.
Токойдо булбул муңканган.
Түзүндә торгой күү чалган.
Жылгадан- алты миң булак шылдырайт.
Арчада- тотусу сайрап ыр курайт.

Суу ылдый керим сел жүрүп ыркырайт,
Нурдуңа-атырдын жыты буркурайт.
Түзүнө- арпа;буудай,дан болгон.
Атагы журтка даң болгон.
Аралашып оттошуп,
Арасына мал толгон.
Жемиши бышып төгүлгөн.
Жаңгактары шагырап,
Бир ажайып көрүнгөн.
Жүзүмдөрү салбырап,
Талга асылып өрүлгөн.
Жийдеси гүлдөп ачылган.
Жемиши бышып чачылган.
Алмасы гүлдөп ачылган,
Ар жерге түшүп чачылган.
Өрүгүнөн алча көп,
Карагайдан арча көп,
Алтымыш түрдүү мөмөсү,-
Бышып турган канча көп!..
Коонунан дарбыз көп,
Жылгынынан жалбыз көп,
Уйларынан жылкы көп,
Жашыгынан курчу көп,
Кара куйрук нары көп,
Казына дилде зары көп,
Кызыл куйрук нары көп,
Кызыл дилде зары көп,
Ак-Ала-Таш,Чая-Таш,
Кийиктери жайылган.

5

Чыгыш жагы Айры-Таш,
Асманга учу сайылган.
Карагайлуу Көк-Башат,
Түркүнү өскөн кайыңдан.
- Сары-Тектир, Шолону,
Санабай кетсем болобу.
Ак-Таш, Чомпол, Боёну,
Айтпай койсом болобу.
Ак-Төбө, Көз-Арт, Жүзүм-Жан,
Айтпасам көңүл толобу!..
Чокусу- күмүштөй болуп жаркырайт,
Күмүшкө- бергис баасын айт.
Тескейи-алтындай болуп жаркырайт,
Алтынга-бергиз баасын айт.
Майлуу-Колот, Кур-Колот,
Колтугу сайын суу болот.
Аскасын эчки жай кылган,
Алты жөргөм май кылган.
Адырын койлор жай кылган,
Алты кадак май кылган.
Тоосунда- аюу, илбирс, түлкү көп,
Казынадай мүлкү көп,
Айтылбаган жери көп,
Алтын, күмүш кени көп,
Кекилиги деги көп.
Жер жайнаган чили көп.
Кара-Суу деген мындай жер,
Касиеттүү кандай жер!..

4

Түрдүк деген кандай жер?..
- Кара-Дəбə,Түрдүк жер экен.
Түгəнбəс байлык кен экен.
Катыраңкы-эккендей,
Долоносу-тəккəндəй,
Ышкындарын-эккендей.
Кымыздыгын-сепкендей,
Чукурусун карасаң,
Иергенчинин чепкендей,
Токою кəктү тиреген,
Муйүздəрүн аркайтып
Кайыбы чəпту жиреген
Аскасына жай,кышы
Бүркүт конуп түлəгəн
Жүнү кооз,тоту куш,
Кайыңында сүйлəгəн.
Бактек менен алагүү,
Унүн баспай үү деген.
Күкүк-зейнеп болушуп,
Издеп таппай коюшуп,
Чакырышып үндəгəн
Бакыраң кəз үкүсү,
Түндə чыгып күүлəнгəн
Безенет шакта булбулу
Сайраганын тыңшасаң,
Жашыткандай муңдууну.
Касиеттүү мындай жер!..

- Арык-Тэр,Сарай кандай жер?
Арык-Тэр,Сарай тэр болот,
Аралап барып эл конот.
Иин-Теке,Шумкар,Уч-Булак,
Гулдэру жыттуу буркурап,
Канатташ жаткан жер болот.
Айры-Белдей бели бар,
Чоң-Конуштай жери бар,
Атыр аба,тунук суу,
Сан байлыктын кени бар.
Кэз кайкыган бийик кэп,
Анда жургэн кийик кэп,
Тескейинде теке кэп,
Булуңунда бугу кэп,
Илбирс,аюу,карышкыр,
Бычак азуу каман кэп,
Сулээсуну сандан кэп,
Суусар,суур андан кэп,
Коктусунан суу чыккан.
Чокусунан буу чыккан,
Токоюнан чуу чыккан.
Жайытында мал жаткан.
Ашуусунда,кар жаткан.
Мына ушундай Тэр болот...
- Кара-Камыш кэлу бар,
Укмуштарын кэруп ал!
Калк жайлаган сазы бар.
Каркылдаган казы бар.
Кэлдэ пери кызы бар.

6

Чабак уруп ойногон,
Жан адамга көрүнбөй,
Бекингенин койбогон.
"Көл түбүндө жашайт"--дейт,
Түк көрүнбөй адамга,-
Көлгө кире качат дейт.
Кайыңдары шуулдайт.
Камыштары шыбырайт.
Учуп,конуп перенде,
Арасында кыбырайт,
Балапаны өрдөктүн,
Кедеңдешип чумкушуп,
Көлчүгүндө тыбырайт.
Оодарылып толкуну,
Алда кайда шарпылдайт.
Кышын--жайы барабар,
Калыбынан тартылбайт.
Алтын канат,жез куйрук,
Аттай болгон балыгы,-
Айга атылып жаркылдайт!..
- Налгалды,Ак-Жол кандай жер?
Суу бойлогон талы бар.
Суктандырган багы бар.
Өзөнүндө шалы бар.
Өзөгүндө балы бар.
Ашуусунда кары бар.
Ар кайсынын баары бар.

7

Таштарында улар бар,
Таркабаган кумар бар.
Адырын жылкы тепсеген.
Тескейинде кой,эчки.
Аралашып беттеген,
Мал киндиктүү жер экен.
Байыр алып кетпеген,
Жайдын күнү түнүндө,
Итак менен Сутагы,
Ун алышып издеген,
Малгалды,Ак-Жол мындай жер!..
- Бозбу деген кандай жер?
Көркүн айтып болбос кеп менен,
Жайдыр-кыштыр агарып,
Чокусунан токумдай булут кетпеген.
Аскасынан шагырап,
Кийиги оттоп беттеген.
Жайлоосунда карысы,
Кымызын чайкап эт жеген.
Кекилик жайнайт коосунда,
Мекендейт кийик зоосунда.
Эрте менен ышкырып,
Улары таңшыйт тоосунда.
Туурасында бетегелүү төрү бар,
Төбөсүндө токтолуп жаткан көлү бар.
Жээгинде сазы бар,
Канаты бар тулпардын,
Ташка баткан изи бар.
Кабыланга кол салчу,

Санаттан тэгүп отурсам,
Уккан адам жылбаган.
Бир киши кэзүн жумбаган.
Жашоодон тилим талбаган,
Ак калпак кыргыз элиме,
Алтынын ырдын арнагам.
А жаныбар,Кашка-Суу,
Кэргэндүн кээнү кубанган.
Бетегең белден буралган.
Аптада кою жон алган.
Өгүзүң баспай ком алган.
Берекең чачып бетиңе,
Жатасың аста суналган.
Бир белесин карасаң:
Кызыл,сары,гүлү бар,
Бир тектирин карасаң:
Жашыл ала гүлү бар.
Кайсы жакты караба,
Гүлдүн түркүн түрү бар.
Ошол гүлгэ жарашкан,
перенденин үнү бар.
Жер экенсиң жараган,
Жайытына мал ыккан,
Жакасына дан бышкан.
Айдээш жайык жерине,
Кыйкырып кыргыз ат чапкан.
Эпчилдиктин белгиси -
Саяпкер болуп мал тапкан.

Жер соорусу экенсиң,
Канча түмөн мал баткан.
Кашка-Суу деген мындай жер,
Келишимдүү кандай жер!..

~~54~~

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Кара таздан кеп угуп,
Калкың кыргыз деп угуп.
Эки таздан кеп угуп,
Элиң кыргыз деп угуп.
Атаң Манас деп угуп,
Жериң Талас деп угуп.
Кара тоонун карагай,
Какка сайса энэбу?
Кан зааданын баласы,
Карыптыкка кэнэбу?
Кара кандын шаарында,
Качып жүрүп не пайда?
Темиркандын шаарында,
Тентип жүрүп не пайда?..
Айланайын апаке,
Аргын кыргыз эл кайда?
Ала-Тоо Мекен жер кайда?
Анда долу,Каныкей,
Айтпай ыйлап болбоду.
Айтпаска әзүн зордоду.
Анда Семетей болбоду:

Карчыга деген кара куш,
Кайрылып учат жем үчүн.
Мен, калмакка барам эл үчүн!
Кыйгырек деген кыйын куш,
Кылчайып конот жем үчүн.

Мен, Кытайга барам эл үчүн!
Айланайын жалгызым,
Билегиң күчкә толо элек.
Сен, белсенер убак боло элек.
Балапан жүнүң түшә элек,
Бактыр этиң толо элек.
Сен, башташтар мезгил боло элек.
Анда Семең кеп айтат,
Абыке, Кәбәш эки кул
Алыптыр талап кәчүмдү.
Айланайын апаке,
Алып берем әчүңдү.
Азыр, жәнәтүп жәнүн айтпасаң,
Карабайм сенин бетиңди!..
Айласы кетип Каныкей,
Өткән иштен баштады.
Жалгызынын алдында,
Баарын айтып таштады:
Айланайын жалгызым,
Атаң Манас эр эле,
Болжолу жок шер эле.
Кайдан эр буга тең эле?
Атаң-дубана келсе турбаган,
Туруп салам кылбаган.
Эшен келсе турбаган,
Эңкейип салам кылбаган.
Маңдайы тайкы мен белем,
Атаң касташкан жоодон ок жеген.

Аткарып атаң керээзин,
Чыйырдыны ээрчитип,
Таятаңды аркалап,
Тентип келген мен элем.
Талас деген жериңдин,
Бетегеси бураган.
Тоосунан булак куюлаган.
Тереги көктү тиреген,
Текеси чөптү жиреген.
Алмаларын алып жейт,
Бычак менен жарып жейт.
Күрүчүн күздүк айдатат,
Күлүгүн жемге байлатат.
Күнчүлүк жерге шайлатат.

Арпасын күздүк айдатат,
Аттарын жемге байлатат.
Айчылык жерге шайлатат,
Жармасынан чайы көп,
Кара малдан төө көп.
Карды салык бээ көп,
Калайынан күмүш көп.
Кара эгинден күрүч көп.
Өрдөгүнөн казы көп.
Өлөңүнөн сөзү көп.

Жибек кемсел кийинип,
Жигити сулуу болчу эле.
Кызыл жибек кийинип,
Кыздары сулуу болчу эле.

Келенкер чачпак салынып,
Келини сулуу болчу эле.
Кыздарына кызыгып,
Келинине кеп айтып,
Келбей шорум курутпа,
Апаңдын айткан кебин унутпа!..

Таласка барсаң барып кел,
Абыке, Кәбәш эки арам, -
Башына түйшүк салып кел!..
Атаңдан калган сегиз мүлк.
Телегейсиз мүлк.
Калтырбастан алып кел?!..

Кагылайын жалгызым,
Эми сырым айтайын:
Кең Кокондун нар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы.
Алайдын Сары-Талаадан
Алтымыш калмак,бир тилмеч,
Жерди ченеп келгенде;
Карактап алган Ак келте,
Атакеңе чак келте,
Жоонун көк жал әгәгән.
Боору муздай көгәргән.
Оозуна- алтын ашаткан,
Түбүн замбирекке жасаткан.

Чиркейдин тумшугундай куу баткан,
Жолборстун сийдигиндей суу баткан.
Кой башында коргошун,
Күлдүрәтә салчы эле,
Колдон калган чоң сүмбә,
Такылдатып урчу эле.
Жазып атса- жазайыл,
Басып атса -бардаңке,
Алыска атса- Ак келте,
Асса- бараң,атса- түз,
Асыл жандын эрмеги.
Асынып адам кәрмәкчү.
Кәр Кәбәштүн колунда
Алуучу болсоң мүлк ошол!..

Саратанда кыйдырган,
Салкын жерге жыйдырган
Тутам жерин сырдаган,
Тутам жерин кырдаган.
Учуна-коргошун уусун чылаткан.
Тийген жерин ырбаткан.
Сайган жерин кулаткан.
Жанып тийсе ыйлаткан.
Он эки кулач чырнайза,
Душманыңа чырнайза.
Кәр Кәбәштүн колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол!..

Кәмүрүнә чыдабай,
Кәп токойлор кыйраган.
Кәрүгүнә чыдабай,
Кәп әгүздәр союлган.
Сугатына чыдабай,
Суук булак соолгон.
Кылганына чыдабай,
Кырк усталар кыйналган.
Кара уста менен Сары уста,
Саргайып соккон ач албарс,
Кырды карай шилтесе,
Кырк кулачка узарган.
Жоону карай шилтесе,
Кызыл эрттәй кызарган.
Атаңдан калган ач албарс,
Кәр Кәбәштүн колунда.
Алуучу болсоң мүлк ошол!..

Тәгәрәгүн тәгәгән,
Тәкәр уста Бәләкбай.
Он жети ай жатып әгәгән.
Тәбәсүнә муштумдай,алтын чәгәргән.
Атаңдан калган Ай балта,
Эшик эндей сом балта,
Сабы карагайдай чоң балта.
Абыкенин колунда,
Алуучу болсоң мүлк ошол!..

Пил терисин каптаган,
Желим менен чаптаган.
Үнү чыкпай калат деп,
Арча отуна кактаган.
Кылымда мындай болбойт деп,
Кәргән кары мактаган.
Камчы менен бир чапсаң,
Кой чагырдай "тарс" эткен.
Чымын консо чыңк эткен.
Жылкы тийип куш салсаң,
Кереги тийчүү болбас.
Чоң атаң Жакып колунда.
Алуучу болсоң мүлк ошол!..

Букардын ак буласын алдырып,
Арасына болоттон төгүп салдырып.
Аркагын алтын зымдан жандырып,
Эришин күмүш зымга кандырып,
Чекесин кыялдатып ойдуруп,
Алтымыш келин,отуз кыз,
Оймокторун жойдуруп,
Келиндин баарын ыйлатып,
Кыздын баарын кыйнатып,
Бараңдын огу өтпөгөн,
Найзанын учу тешпеген,
Атаңдан калган Ак олпок,
Кәр Кәбәштүн колунда.
Алуучу болсоң мүлк ошол!

Отуз теке терисин,
Ашаткысын келтирген.

Алтымыш эки балбанга,
Тарттырып ийип тептирген.
Кан Бакайдын келини,
Коно жатып иштеген.
Темиркандын Каныкей,
Бир жыл бою тиштеген.
Кылычтын мизи кеспеген,
Мылтыктын огу тешпеген.
Жылан боор бүктүргөн,
Жымылдатып тиктирген,
"Кандагай" деп аталган,
Муну кылган Каныкей.
Кан Кошойдон бата алган,
Атадан калган Кандагай,
Абыкенин колунда,
Алууңу болсоң мүлк ошол!..

- "Чылбырың куру кетет деп,
Акылы ойток кыз Сайкал,
Тартууга берген Тайбуурул.
Тайбуурул жөнүн сурасаң:
Энеси күлүк марал баш,
Жылкыдан мындай жаралбас!
Атасы жапайы тулпар куландан.
Сынын көргөн Буурулдун,

Бардык баатыр суранган.
Кашка тиши курөктөй,
Жал,куйругу жибектей,
Азуусу казык каккандай,
Жөн желгени чапкандай,
Булчуң эти токтудай,
Кош таноосу коктудай.
Эки көзү чырактай,
Аккан тери булактай,
Оң көзүндө калы бар,
Караңгыда жол жүрсө,
Кулагынын түбүндө,
Жарык кылчу шамы бар.
Омуроосу адырдай,
Астыңкы кол мунардай.
Арткы буту чынардай,
Чаткы аягы Чаткалдай.
Карчытынын үстүнө,-
Төшөк салып жаткандай.
Кабыргасы болоттой,
Тамашасы кызык той!
Кең соорусу жайыктай,
Үстү тынчы кайыктай.
Балчыктуу жерге жатпаган,
Кош аңдан катар аттаган.
Бугудай мойнун бураган,
Буйдалбастан чуркаган.
Семиргени сүмбөдөй.
Секиргени бүргөдөй.

Кыйкырык укса элирген,
Ооздук чайнап кемирген.
Тизгинде колуң карышкан,
Учкан куш менен жарышкан.
Шамалдан әзү бүткәндәй,
Калбыр әпкә Буурулга,
Жер кеңдигинен түткәндәй.
Атаң кан Манастын Буурул ат,
Абыке, Кәбәш колунда.
Буурул ат тийсе колуңа,-
Балам, душманың кәәнү куурулат!
- Чунак,болжогон жерге жетерсиң,
Эки-Аралдан әтәрсүң.
Улуу-Суута жетерсиң,
Уят кылбай әтәрсүң.
Андан нары сен барсаң,
Таластын суусу ташкандыр,
Тал башынан ашкандыр.
Эки чети шар агып,
Өрто жерин карасаң;
Билектей кара кан агып,
Жаман кирип алгандыр.
Атың менен арбайып,
Кийимиң менен калдайып,
Жалгызым, агып жүрүп кетерсиң.
Кан Манастын арбагы,
Чолок чаар жолборсун,

Оң жагынан чамынтып,
Кара чаар ажыдаар.
Арт жагынан камтынып,
Ак куласын бастырып.
Алмамбетти шаштырып,
Оң колтуктан аларго
Уй куймулчак Сарала ат.
Үйлгуткан Алмамбет.
Аяш атаң болучу,
Сол колтуктан аларго.
Наркы әйүзгә әткәрүп,
Кәзүндән кайым болор го.
Ошондо, сол бәйрәгүң таянып,
Солтонум атам деп ыйла.
Оң бәйрәгүң таянып,
Ӧенум атам деп ыйла!
Күмбәзүнә зыярат кылып аларсың.
Андан нары бараарсың,
Агала тоонун бооруна,
Ак жоору туул таштаган.
Айкәл Манас бар чакта,
Ар жорукту баштаган.

Кәк ала зоонун бооруна,
Кәк жоору туул таштаган.
Кәк жал атаң бар кезде,
Кәп жорукту баштаган.

Айылга келген катынды,
Ал, Ак тайган капчу эмес.
Абыке, Кәбәш эки арам,
Ал Тайганды жакшы бакчу эмес.
Жыгыла жаздап тыржыңдап,
Чычкан терип кылжыңдап,
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп жүргөнүр.
"Маралчы" деп бакыргын,
"Кийикчи" деп чакыргын.
Этегиң менен эт бергин,
Колуң менен май бергин.
Аны ээрчитип аларсың,
Бакалуу көлдүн боюнда.
Чөп баскан жердин оюнда.
Көрбөгөнү көр болуп,
Көзүнүн жашы сел болуп,
Ага Абыке, Кәбәш зор болуп,
Тарткан мээнет шор болуп,
Тәә кайтарып кор болуп.
Боз жоргосун чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Келериңди билгендир.
Жолуңду тосуп акмалап,
Тәә кайтарып жүргөндүр,
Балам, жолугарсың Бакайга.
Бакай сени эр кылат,
Эр уулу менен тең кылат.
Кәп кечигип курутпа,

Апандын айткан кебин унутпа!..

Ага чунак болобу,
Айткан менен коебу.
Кең багалек балкылдап,
Кемер кур белде жаркылдап.
Кәк жеке бутта чойкоюп,
Найзасы колдо койкоюп,
Токтогон жерде караса,
Түптүү кара чынардай,
Жүрүп кетти Семетей,
Ак тулпар минип туралбай!..
Кеткен жагы билинбейт,
Караанты кәзгә илинбейт.
- Алда айланайын жалгызым,
Же алдыңда жүргән әбәк жок,
Же аркаңдан барар жәләк жок.
Ай караңгы түн болор,
Эми, алда кандай күн болор?
Кетээриңди билгенде,
Өлбәйт белем колуңа,
Мен да түшпәйт белем жолума?!..
Ошондо әз энеси Каныкей,
Уйгә кирип келди дейт.
Чыйырга кабар берди дейт.
Жатыны алтын энеке,
Жалгызың кетти элине!..
Туугандан жалгыз энеке,
Туйгунуң кетти элине!..

Анда Чыйыр кеп айтат:
Башыңа жара чыкпаса,
Башта эле айтпай не болдуң?!..
Эсиңе жара чыкпаса,
Эртелеп айтпай не болдуң?..
Өлүгүңдү кэрэйүн,
Сенин балаң жаш бекен,
Он эки жаш аз бекен?..
– Кечээ эткэн кэк жал кабланым,
Сегизинде сергиген.
Бала куштай эргиген.
Тогуз жашка киргенде,
Токтолбой жоого аттанган.
Топтуу журтту башкарган.
Он жашына келгенде:
Ордо бузуп жоо чапкан.
Он бир жашка келгенде,
Ойроттун жармын караткан.
Оен Манас атыккан.
Он эки жашка келгенде:
Эл башкарып кан болгон.
Атагы журтка даң болгон.
Балам, сен буга кейибе,
Атасын тарткан шер болсо,
Бизди алпарат кыргыз элиме!..
Кондурат Талас жериме.

# БАЛАЛЫК

Эки кары бәзүм бар,
Эскилер угар сәзүм бар.
Кашкардан алган бәзүм бар,
Карылар угар сәзүм бар.

Сары таман күлүктү,
Сары аястай суутуп.
Саяпкәй, тапкәй сынчы әткән
Сакалын куудай агартып.
Санат ырды кәп айтып,
Кушчудан- Сартбай, Чоңду ырчы әткән,
Капталга камчы илбептир
Кайран дәәләт жаштыктын -
Булар, кадырын таап билбептир.

Араба жүрәт кең жолдо,
Акысы дамса Нурмолдо.
Байлоодо күлүк жулкунчаак,
Майлы ~~кожо~~,Кулунчак,
Айткан сәздүн макулу,
Казактын Найкәт акыны.
Катындар ийрип каптокур,
Карыганча ырдаган,
Айдыраалы,Аттокур,
Капарына албаптыр
Кайран дәәләт жаштыкты,
Калың журтка жайбаптыр.

Кызылчеке, Тәрәкул,
Кыйкырып ырдап чыкты эле.
Булар, кыйла ырчыдан мыкты эле
Кәцулүнә албаптыр
Кәрүнәә дәәләт жаштыкты,
Булар, кәп кыргызга жайбаптыр.

Азыркы жүрән майды ырчы,
Маанисин билбейт баарысы.
Табыптын жолу дары да,
Бир кыялым карыда.
Оор чоюн кумган да,
Орто жери турганда
Кекире жагып үйләгән,
Кесир сәздү сүйләгән,
Кезектүү сәзгә күйбәгән,
Кетте дәәләт балалык
Арча жагып үйләгән,
Ашык сәздү сүйләгән,
Анык дәәләт балалык,
Оруста болот кызыл бәз,
Оюма түштү ушул сәз.
Түшкән эмей эмине!
Эки жашар болгондо
Энесине эркелеп,
Ыйлап жүргән балалык
Элде жокту тапкын?- деп,
Кыйнап жүргән балалык.

Атасына эркелеп,
Ыйлап жүргөн балалык.
Айылда жокту тапкын деп,
Кыйнап жүргөн балалык.

Ачылып калса аркасы,
Айып болуп калат деп.
Чочубаган балалык.
Аспиеттепат кармап.
Токубаган балалык.
Алты жашар убакта,
Атасы кармап берсе да,
Аптиек менен куранды,
Окубаган балалык.

Аксакалдуу кишини,
Сиз дебеген балалык.
Анын билип кадырын,
Оокат үчүн умтулуп,
Иштебеген балалык.

Алдап айткан кебиндин,
Калпын билбейт балалык.
Ата менен эненин
Баркын билбейт балалык.
Алган менен саткандын,
Наркын билбейт балалык.

Он бешке жашың барганда,
Оюнга тойбой көңүлүң,
Өрчун дөөлөт балалык.
Жыйырмага барганда,
Жыла басып жүрөсүң.
Жыгыларың билбейсиң,
Жылоосунда балалык.
Жыйырма бешке барганда,
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң.
Жылгандай сойлойт билегиң

Отуз жашка барганда,
Омбу-домбу жер кайда?
Бирде бар да, бирде жок,
Кирди -чыкты балалык.

Кыям табың барында,
Кылып эткэн балалык.
Кыркка жашың барганда,
Кыя салып алдыңан,
Жылып эткэн балалык.

Өткэн эмей эмине?
Кырда болот кызыл таш.
Кырктын эзү кыйла жаш.
Кыйлада болсо аз сынат,
Кыялында жашсынат.

Жашсынган менен болобу,
Жакшы ат камчы чаптырбайт.
Жакындап жашка кеп урсаң.
Жакшы кэрүп жактырбайт.
Кесирлүүдэн кыз алсаң,
Керилген тэшэк сеп келбейт.
Өз теңтушуң болбосо,
Келиндерге кеп айтсаң,
Эч убакта ки эп келбейт.
Ошондо түшэт оюңа,
Тэгүлгэн шорпо мойнуңа.
-"Эткэн экен убак"- деп,
Жатасың тынчып ордуңа.
Чачың буурул болгондо,
Чардап эткэн балалык,
Чаап кетет жолуна.
Чакырсаң келбейт ордуна,
Эр ~~жүрүүгө~~ элүүгө чыкканда,
Энди сапар болду деп,
Эркин дээлэт балалык,
Кете берет жолуна.
Кетип калды жаштык деп,
Эстесек келбейт ордуна.
Алтымышка барганда,
Агарып сакал калганда."А
"Атаны кайран жаштык"деп,
- Чэм~~э~~үлэт экен арманга.
Каразгэй сүйлэп калп айтсаң,
Карып жанга күч келет.

Картайганда пендеге,
Өлүмдөн кабар үч келет.
Келген эмейэмине,
Этиң кетип каѓаят.
Ээкте сакал агарат.
Эңкейсең белден күч кетет.
Эки колдон иш кетет.
Ак бото белден кур кетет.
Айнектей жүздөн нур кетет.
Маңдайда чырак көз кетет,
Балдарга жакпай сөз кетет.
Баары өлүмдүн белгиси!..
Өз башыңа келгенде,
Өйдөлөтпөй карылык.
Качан ажал жеткенче,
Өмүрүң ада болгончо
Жүрөт экен зарылып.
Керт башыңа келгенде,
Кетпейт экен карылык.
Качан ажал жеткенче,
Жүрөт экен зарылып.
Маңдайда каухар көрүнөт,
Барып жетпесек алалып,
Жете албасак калалык.
Баткан күндөй ылдыйлап.
Барган сайын [redacted] кыялап,
Өтүп барат балалык.
Өткөнү эмей эмине?

Балалык колдон кеткен соң,
Ак сакалдуу кишини
Сиз десең келбейт балалык.
Жоо-жарагын камынып,
Жолоочу жүрсөң зарылып,
Бир колуңдан кеткен соң,
Издесең келбейт балалык.
Ак бараң мылтык асынып,
Кырдасаң келбейт балалык.
Обонуңду көтөрүп,
Ырдасаң келбейт балалык.
Көк бараң мылтык асынып,
Кырдасаң келбейт балалык.
Көңүлүңдү көтөрүп,
Ырдасаң келбейт балалык.
Көп арыкты кыдырып,
Бойлосоң келбейт балалык.
Көңүлүңдү куш кылып,
Ойносоң келбейт балалык.
Салда кары топ болуп,
Жыйылсаң келбейт балалык,
Чаткалдагы- Ыдырыс,
- Чаначта Севит-Билан бар.
Бир колуңдан кеткен соң,
Ошолорго сыйынсаң келбейт балалык...

## [redacted]у ЖЫЛАН ЧАККАНДА [redacted]
## ЫРДАГАН ЫРЫ

Кара-Суу,Түрдүк,Кыр-Жолду,
Мендей карыпка кандай сыр болду.
Ырдаганым ыр болду,
Ичим толгон муң болду.
-Жокчулук менен оорудан,
Кең Таластын боорунан,
Тентип келген мен элем,
Тамагын берип колунан,
Айланып боор ооруган.
Каныш энем Айыке,
Эне болгон сен элең.
Жоксунтпадың энемди,
Уккан жокмун жемеңди,
Айша,Шуру энем ай,
Ар кимден жакшы көрөм ай!
Жылан чагып белимди,
Кысып барат демимди!..
Жети уруу элдин карысы,
Алыска кеткен аңызы.
Кез- Арттын башын жердеген,
Көшкатаман Далычы.
Айыктырган жараттан,
Ниетиңдин калысы.
Акын Өтө балаңдын,
Арманга баткан чагы ушу!..
Карачач,Артык апам ай,

Капалык тартып жатам ай!
Карайган тоодой бел кылган,
Кадырман Осмон атам ай!..
- Ак ылаачын кәлдә жок.
Ак шумкарың тәрдә жок.
Армандуу болбой әтүүгә,
Алганым, алты айлык күмән сенде жок!
Кәк ылаачын кәлдә жок,
Кәк шумкарың тәрдә жок.
Күйүттүү болбой әтүүгә,
Күйәрүм, тәрт айлык күмән сенде жок!
Ак кыяны сел бузуп,
Адам әтпәс жар белең?
Ак таңдай акын аталып,
Азапка туулган жан белем?..
Кәк кыяны сел бузуп,
Кәч әтпәгән жол беле!
Кара чаар уу жылан,
Мага, кәрүнәә бүткән шор беле?..
Солкулдаган тал белем,
Шорго туулган жан белем?
Алты ай жерде жатпаган,
Мен, әмүрү келте кар белем?..
Балта тийбей жыгылган,
Балапан кырчын тал белем?
Астын-үстүн кыйраган,
Мен, ашууда кыйгач жар белем?..
Өзәндүү жерде тал барбы,
Өрәәндү жерде мал барбы?

Өмүрлүк жарың туубаса,
Өкүнбәскә ал барбы?!..
Кыялуу жерде тал барбы?
Кең әзән жерде мал барбы?
Кошулган жарың туубаса,
Кейибеске ал барбы?!...
Бәктәргә конбой үзүлгән,
Бутагы чирик тал белем?
Бәлүнүп туулган элимден,
Бәтәнчә журттан жаң белем!..
Ак туйгун конбой үзүлгән,
Ачасы чирик тал белем?
Айрылып туулган элимден,
Айрыкча журттан жаш белем!..
Ак туйгун теппей үзүлгән,
Ак жибек түйгән тор белем,
Мен, алганга салган шор белем!..
Кәк туйгун тийбей үзүлгән,
Кәк жибек түйгән тор белем,
Мен кәргәнгә салган шор белем!..
Арканма тартып чыгарга,
Ак пайнек кылыч менде жок,
Ага-ини кимде жок.
Акырет әтүп баратам,
Арка кылып сүйәргә,
Алган жарым Кәк Сулуу,
Алты айлык күмән сенде жок!..
Желкеме тартып чыгарга,
Жез пайнек кылыч менде жок!..

Ага-ини кимде жок,
Кыямат өтүп баратам,
Жетелеп медер кыларга,
Кошулган жарымКөк Сулуу,
Жети айлык күмөн сенде жок.
Сайратып алып жүрүүгө,
Сагызгандын жоктугу,
Санаалуу дүйнө шоктугу.
Көрсөтүп алып жүрүүгө,
Көгүчкөндүн жоктугу.
Куйуттуу дүйнө шоктугу!..
Эл базарга барганда,
Ырыстуу элди карачы.
Эшигинин алдында,
Ойноп турат баласы.
Аталап чыкса алдынан,
Анын калбайт экен санаасы.
Тоскоол-Ата Көлүмдү.
Көрөр бекем кайрылып,
Толкуп жаткан элимди!..
Ийри-Көл,Кылаа-Көлүмдү,
Көрөр бекем аралап,
Иргиген Көлдей элимди!..
Барар бекем аралап.
Байзуу,Начак элиме,
Аралап көнгөн жериме,

Кара-Суу, Кез-Арт жерим ай.
Кыдырата жайлаган,
Кашка таман элим ай!
Малгалды,Сыны жерим ай.
Баканынан май тамган,
Байтама макмал элим ай!..
Тəмəн- Тамга жерим ай!
Тəмəн-Тамга жерлеген,
Тəгүлгəн кытай элим ай!..
Жайчыбек менен Султаным,
Силерди эстеп суусадым,
Кəргүн, кəк букадай бəкүргəн,
Балкан-Тоо текедей секирген.
Бексултандын тегирмен,
Келген жүгүн кемирген.
Келген мейман менен иши жок,
Кетмендей болуп семирген,
Айланып элге айта жүр,
Ар жерде айткан кебимден!..
Ак-Суудагы Бодуке,
Ак сакалдуу чал элен.
Момоштун уулу Сатыбек,
Жайытта жүргəн мал элен.
Кансалыкта Кулмурза,
Койчуман болгон бала элен.
Өйдə-тəмəн кеп сүйлəп,
Эчтеңке билбес жан элен.
Баялы, Матай, Мамаке,
Келбедиңер канеке!..

78

Тегирменчи Рыскулбек,
Азап тарттым жан аке!..
Ыман-Ата, Кара кыз,
Артымдан калган балам жок,
Арманда кетип барабыз.
Кара-Суу койну таш беле?
Каткырып ойноп жүрүүгө,
Калкымда насип аз беле?
Аксынын ичи таш беле?
Алышып ойноп жүрүүгө,
Армандуу өмүр аз беле?
Уч-Коргон, Чыртак талаасы,
Учту шумкар баласы!..
Кербен, Мамай талаасы,
Кетти шумкар баласы!..
Ойрума, Бозбу, Кызыл-Жар,
Ойлосом ичим тызылдар,
Этеги жайык Кызыл-Жар,
Эстесем ичим тызылдар!..
Маңырай, Кайкы, Уч-Коргон,
Мындай жер кайдан кез болгон?
Малгалды менен Бурана,
Мааниңди айтып турам а!..
Ак-Жол, Бек-Тэр, Тегене,
Аман бол, журтум дегеле!..

## КИМ АЙТАТ МЕНИН ЫРЫМДЫ

Ким билет менин сырымды?
Ким ~~билет~~ айтат менин ырымды?
Он сегиз миң ааламды,
Оодарып айткан күнүмдү,
Калдайган топто сайрачу,
Ким басат менин туурумду?..

Аксы,Талас жерим ай!
Ак калпак кыргыз элим ай.
Кызыл дилде зарым ай,
Кыйноодо жаткан жаным ай!..
Кара дилде зарым ай,
Камоодо жаткан жаным ай!..

Күмүш кылыч белде жок,
Күйүттүү оору дартынан.
Күкүгүң өтә элде жок!..

Алтын кылыч белде жок,
Азаптуу оору айынан,
Азыр акының өтә элде жок!..

Ордунда турчу санаа жок,
Ойлонбостон коюуга,
Ордумду басчу бала жок.

Алыска кетпес санаа жок,
Арманым айтпай коюуга,
Менин артымда калган балам жок!..

Алтындын кени жерде эле.
Алтымыш куну айтсам да,
Акындын кени менде эле.

Жездин кени жерде эле,
Жетимиш куну тəксəм да,
Жетик ыр кени менде эле.

Арманга баткан муң калды,
Аз кыргызым окуурга,
Ак куржун толгон ыр калды.
Арманым айтсам, жаманбы?
Аз кыргызым кат билбейт,
Кантейин,аңкоо болгон заманды!..

Кəкүрəк толгон муң калды,
Кəп кыргызым окуурга.
Кəк куржун толгон ыр калды.
Кəргəнүм айтсам жаманбы,
Кəп кыргызым кат билбейт,
Кантейин, кəркоо болгон заманды!..

- Суудан аккан дəңгəлəк,
Ныязалы жəргəлəк.
"Чоң Ормонду" чоң чертип,
"Сары Барпы" куу чертип,
"Кер əзəнду" келтирип,
Борош чалдын баласы,
Болор-болбос иш менен.

Мындан болуштун кетпейт жалаасы,
Ныязалы комузчу,-
Буда айталбайт ырымды!..

Балык кулак чакмак таш,
Баркырата куу туткан.
Баштаса узун жомогун,
Калың кыргыз журту уккан.
Карарган тоонун арасы,
Калың журтту элирткен,
Алмамбет,Сыргак,Манасы.
Кайназар мерген баласы,
Кыдыралы жомокчу,
Буда айталбайт ырымды.

Мамаярда бир ырчы,
Калбото акын дейт экен.
Өгүздөн жоон көөдөсү,
Уч чексе келет келдеси.

Казанбактай селдеси,
Салаасы-чоттун сабындай.
Мурду- устанын кабындай.
Аарчыган пияз беттенген,
Ургаачы аюу кептенген.
Буура киндик Калбото,
Буда айталбайт ырымды...
Казыктаны жоон салаасы,
Кай пенденин баласы?

Урүп жүргөн дәбәттәй
Кара жолдош дейт экен,
Буда айталбай ырымды!..

Жерге-Талды жердеген,
Жамбашы нымшып тердеген,
Сийгек бала кейиптенген,
Сиркеси чыккан чепкенден.
Мүзүраалы акын дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..

Кож-Атанын чатында,
Кочкорбайдын жанында,
Аты Жуман- әзү аюу.
Балдырата күү кайрып,
Энеси бакшы, әзү ырчы,
Коктолуу аюу кәздәнгән,
Оболу суукСәздәнгән.
Күүсүнүн билбейт маанисин,
Баркын билбейт ырымдын,
Буда айталбайт ырымды!..

Аксууда- бар бир ырчы,
Нурмолдонун жээни.
Султанакун дейт экен,
Онду-солду кыдырып,
Мунун оңолбоду ээри.
Жыйында турса чалкалап,
Кыйла бар мунун кээри.

Буда айталбайт ырымды!
Сасык-Сайда Орозмат,
Артында тери шымы, бар.
Жамачылуу кийинген,
Дубана болгон сыны бар.
Калыбына келтирбейт,
Өңдү-дәңдүү ыры бар.
Буда айталбайт ырымды!!.

Жаткан иттей кашы бар,
Казандай болгон башы бар,
Аш тандап ичер назы бар.
Ушак айтар сыры бар,
Элдир-селдир ыры бар.
Байсалы акын дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..

Кара-Суудан Эшенкул,
Семетей айтат күнү-түн.
Чоң эле мындан үмүтүм,
Буда айталбайт ырымды!...
Анжиянда бир ырчы,
Аш-той десе дүрбәгән,
Айтыша албай жүрбәгән.
Чалынарын билбеген,
Баш-аламан сүйләгән.
Курман ырчы дейт экен.
Буда айталбайт ырымды!..

Уч-Теректен жаш ырчы,
Чакан ырга маш ырчы.
Ыштаны жок чоңойгон,
Ылжыраган таз ырчы.
Бекназар куудул дейт экен,
Бу да айталбайт ырымды!..

Исвескенде бир ырчы,
Караны кәзгә илбеген.
Сыйлашканды билбеген.
Кычыткы таап жиндеген.
Карамырза акын дейт экен,
Буда айталбайт ырымды!..

Жалал-Абадда Чеп ырчы,
Тереӊ ойлуу жән ырчы.
Сабиздей әңү сапсары.
Жакшы айтпайт чәптән башканы.
Буда айталбайт ырымды!..

Ак-Тәбә менен жошону.
Кышын-жайы барабар.
Салдырып койгон бозону.
Чайнап ичкен тамшанып,
Адамдан кәрдүм ошону.
Ак кирип қаак кашы акталган.
Отурса элдин ичинде,
Ак баш жору баштанган.

Байтиктин уулу Беккулу,
Бу да айталбайт ырымды!..

Камшакка үч жыл кыштаган.
Катуу котур кыстаган.
Ал котурдун айынан,
Өлүп кала таштаган.
"Өңгү-дəңгү сүйлөгөн,
Там салам деп жаз чыкса",
Устундарын сүйрəгəн.
Нур молдо менен айтышып,
Аксыга салган дүрбөлөң.
Ажыбек деген чала ырчы,
Буда айталбайт ырымды.

Чочокой-Ташта-Чоно бар.
Кара-Ташта Кабай бар.
Кəз-Арттагы Азилбек,
Чоң-Оутта Тагай бар.
Асыранкул кыякчы,
Жалгыз аттуу Жанай бар.
Субаналы комузчу –
Чаар аттуу Жабай бар.
Билалбайт булар сырымды
Айталышпайт ырымды!..

Жаңыбай деген чоң ырчы
Эшмамбет да зор ырчы,
Булар, жанымда кəпкə болгон жок.

Жолой деген жол ырчы,
Кәңүлүмә толгон жок.
Кәр Жолдош, Калык жаңы ырчы,
Коргол, Барпы бала ырчы.
Бир тогузу биригип,
Билалбайт булар сырымды,
Айталышпайт ырымды!..

Толгонуп колу байланган,
Топтон Шыбыр айдалган.
Аркага колу байланган,
Алыска Шыбыр айдалган.
Түрмәдә жатып кутулган.
Соолуда мойну жыртылган.
Кыдырып барып жер кәргән,
Кайтып келип эл кәргән.
Жер тамда жатып ачылган.
Кәзүнән жашы чачылган.
О десем добушум козголгон,
Кыяматтык дос болгон.
Бир билсе: Токтогул билет сырымды.
Кәп болбосо азыраак -
Током, сен айтып кой ырымды!..

Балам жок.

Ак сайдан аккан дария,

Арманым айтам жария.

Көк сайдан аккан дария,

Күйүтүм айтам жария.

Аргымак оозун бурайын,
Ай айланып, жыл келет,
Айтпай бир кантип турайын.

Күлүк бир оозун бурайын,
Күн айланып, ай келет,
Күйбөй бир кантип турайын.

Ай айланып, жыл келет,

Сарыны кийдим тогунан,

Саргайдым бала жогунан.

Караны кийдим тогунан,

Кайгырдым бала жогунан.

Кымыздык чыккан кең колот,

Кырына чыгып, эл конот.

Кымбатым, элим, келипсиң,

Кыйытып айтсам,не болот?

Балдыркан чыккан кең колот,

Башына чыгып эл конот.

Башымда турган арманды,

Байкатып айтсам, не болот?!..

Алтынды жезге өткөрбөйт,

Айтпасам дартым бөксөрбөйт.

Күмүштү жезге өткөрбөйт,

Күйбөсөм дартым бөксөрбөйт.

Алтынын ...

Айтып турам бул чакта,
Арманга батпа бул тапта?!

Күмүштүн жайы гүл бакта,
Кошулган жарым Көксулуу-
Какшанып турам бул чакта.
Эми куйүтке түшпө бул тапта?!..

Тескейге каккан куу казык,
Текенин эти жол азык.
Теңтушумдан кем болдум,
Теңирим менде не жазык?
Күнгөйгө каккан куу казык,
Кулжанын эти жол азык.
Курдашымдан кем болдум,
Кудайым менде не жазык?!..

Бел колумда муунум жок,
Бел кыла турган уулум жок.
Оң колумда муунум жок,
О дүйнө көздөй жол тартсам,
Ордумду басар уулум жок.

Түндүктүү дүкөн үйүмө,
Түркүк болор уулум жок.
Капшыттуу дүкөн үйүмө,
Кармашып оокат кыларга,
Кадырлап баккан уулум жок.

Каттаганда кан жолум,
Кармаганда оң колум.
Сүйлөгөндө таңдайым,
Сүйүнгөндө маңдайым.

267262

Жалгыз уулум болгондо;
Аргымак берип дуулатып,
Адырдан коён уулатып.
Тобурчак берип жыргатып,
Токойдон коён уулатып.

Сар кашка атка мингизип,
Саймалуу калпак кийгизип,
Кара бир атка мингизип,
Кайрыма калпак кийгизип.
Чыгарбайт белем, жыйынга,

Жыт кылбайт белем, мурунга!..
Сайратсам элдин кашында,
Санаам жок эле башымда.
Кулдунтсам элдин кашында,
Кубаныч болмок башымда.

Суксурга кушун ыргытмак,
Сур жорго минип жылжытмак.
Кекиликке кушун ыргытмак,
Кер кашка минип жылжытмак.
Атаны гана арман, куу дүйнө!
-Ак куурайда муун жок,
Аркамда калган уул жок.
Көк куурайда муун жок,
Көтөрүп баккан уул жок.
Сүт куйган толгон жок,
Сүйөргө балам болгон жок.
Аш куйган чарам толгон жок,
Аларга балам болгон жок!

Алтындан кемер байланып,
Айчылык кетсем айланып.
Айчылык жолдон келгенде:
"Аталап" чыгар балам жок,
Арманды ичтен чыгарып.

Күмүштөн кемер байланып,
Күнчүлүк кетсем айланып.
Күнчүлүк жолдон келгенде:
Күлүп чыгар балам жок,
Күйүттү ичтен чыгарып!!

Ак шумкар учат кыр менен,
Ак сарай бүтөт сыр менен.
Артымда калар уулум жок,
Армандуу болдум муң менен.

Көк шумкар учат кыр менен,
Көк сарай бүтөт сыр менен.
Көтөрүп баккан балам жок,
Көңүлүм өспөйт муң менен!

Алтыным барбы бүчүмдө,
Ардактап уул сүйбөстөн,
Арманым кетти ичимде.

Күмүшүм барбы бүчүмдө,
Кучактап бала көрбөстөн,
Күйүтүм кетти ичимде.

Ай төбөдөн жаңырат,
Арманым качан арылат?
Күн төбөдөн жаңырат,
Күйүтүм качан арылат?

Ай төбөдөн түш болду,
Арманым кыйын күч болду.
Күн төбөдөн түш болду,
Күйүтүм жаман күч болду.

Ай тегерек сабы жок,
Акыныңдын табы жок.
Күн тегерек сабы жок,
Күкүгүңдүн табы жок.

Аралга бүткөн тал белем,
Аманат болгон жан белем?
Капталга чыккан тал белем,
Капыстан бүткөн жан белем?..

Алтынды жезге бургандай,
Арманым айтып олтурсам,
Алдыма келип тургандай.

Күмүштү жезге бургандай,
Күлүп бир келип тургандай.

Таштак бир жерде жүрбөдүм,
Тайпайлап бала сүйбөдүм.
Кумдак бир жерде жүрбөдүм,
Кучактап бала сүйбөдүм.

Көк-Башат менен Бел-Башат,
Көркөмү жаңды каратат.
Көтөрүп бала сүйбөстөн,
Көп өмүр өтүп баратат.

Бек байлаган бел калды,
Медер кылган эл калды.
Үзөңгү тепкен бут калды,
Үмүт кылган журт калды!...

ТҮШҮНҮКТӨР.

I."Нурмолдо менен Жеңижоктун айтышы." Фрунзе шаарында жашоочу акын Абды Байсалбаевден 3-мартта, I970-жылы акындын оозунан жазып алдым.

2. "Биздин жер" Жаңы-Жол районундагы Жаңы-Жол совхозунун №4-бөлүмүнүн Кез-Арт кыштагында жашоочу 70 жаштагы Тургунбай Бекназар уулунан жана анын коңшусу 80 жаштагы Кенжетай Жабай уулунан I974-жылы 5-апрелде жазып алдым.

3. "Өскөн жер". Жаңы-Жол районунун Кара-Жыгач айылсоветине караштуу Сыны кыштагында жашоочу эски коммунист, пенсионер 7I жаштагы Айдаралиев Атанбектен I970-жылы 2-июнда жазып алдым.

4. "Замана". Жаңы-Жол районундагы Жаңы-Жол совхозунун №4-бөлүмүнүн Ак-Төбө кыштагында жашоочу Сатканбай "кара жаак" Керимкул уулунан 64 курагында ооруп жатканда I965-жылдын 24-мартында жазып алдым. Ал киши ооруп жатканына байланыштуу кыскартып айттым деди. Кийин көп узабай дүйнөдөн көчтү.

5. "Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы". Бул өтө кыргыз журтчулугуна кеңири тараган айтыштын бири дешке болот. "Айтыштар" китебинин I-томунан,жана Жаңы-Жол районундагы ЖаңыЖол совхозунун №4 бөлүмүнүн жашоочусу /Жеңижоктун күйөө баласы/акындын бир тууганы Болотойдун кызына үйлөнгөн/.80 жаштагы Малабек Шатман уулунан, ушул эле райондун Малгалды кыштагында жашоочу кыргыз тили жана адабият мугалими Эшбаев Тургуналынын берген кол жазмаларынан күчөтүлүп, толукталып берилди. Эшбаев Тургуналынын эскерүүсүнө караганда, ушул жердик чоң төкмө акын Ормонбек Асановдан жазып алыптыр.

6. "Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышы". Жаңы-Жол районундагы Афлатун кыштагында туруучу 80 жаштагы Бөрүкул Алыбай уулунан I97I-жылы I5-мартында жазып алдым. Карыянын эскерүүсүнө караганда

I910-жылы кеч күздө Таласта Кара-Бууранын оозунда Акназар деген бай чоң той берет. Бул тойго Аксыдан Нурмолдо ырчы, Ныязаалы комузчу, Арстан бий жана ушул ырды жаттап калган Бөрүкул Алыбай уулу кошо барат. Таластык билерман төбөлдөр Олуя-Атанын Дунган деген жеринен Шекер кызды алдырып айтыштырат.

/Эскертүү: Бөрүкул Алыбай уулу акындын көптөгөн ырын жатка айткан жана кошулуп бирге жүргөн адамдын бири.
[illegible]. Ошондуктаң, мындан кийинки түшүнүктө карйнын адресин, жашын толук келтирип отурууну ылайык көрбөдүк. Атын Фамилясын гана берүүнү туура чечтик/.

7. "Жалгыз тал". Аяырки Ленинпол районундагы Бала-Саруу айылында жашоочу 76 жаштагы Ырсалы Туралы уулунан I972-жылдын I5-мартта жазып алдым.

8. "Санаттар" Бөрүкул Алыбай уулунан жазып алдым. I972-жылы I8-мартта жазып алдым.

9. "Термелер" Жаңы-Жол районундагы Шевченко атындагы колхоздо жашоочу 78 жаштагы Кутманкул Жээналы уулунан I973-жылдын I2-ноябринде жазып алдым. Бул кария Жеңижокту абдан көргөн жана бирге жүрүп, көп ырынан жатка үйрөнгөн адам. Мындан кийинки билдирүүдө атын, фамилясын гана берүүнү туура таптык.

I0. "Насияттар" Бөрүкул Алыбай АЛЫБАЙ уулунан 24-июнда I972-жылы жазып алдым.

II. "Жаман катын". Ошол эле Бөрүкул Алыбай уулунан 29-июнда I972-жылы жазып алдым.

I2. "Токтогулду Сибирге айдап жөнөгөндө Жеңижоктун коштошкону" Ошол эле Бөрүкул Алыбай уулунан I972-жылдын 5-августунда жазып алдым.

I3. "Айт, айт десе" Жаңы-Жол районуна караштуу Шевченко атындагы колхоздо жашоочу 80 жаштагы Узакбай Шералы уулунан I97I-жылдын 29-апрелинде жазып алдым.

I4. "Бай балдарына" Ошол эле Бөрүкул Алыбай уулунан 1973-жыл-
27- августунда жазып алдым.

I5. "Кабактын жолун каз деди" Ош областынын Совет районундагы Калинин атындагы колхоздо жашоочу 78 жаштагы Сулайман Айдаралы уулунан 1977-жылдын I0-августунда жазып алдым.

I6. "Кыдыржанга" . Ленин районуна караштуу "Кызыл-Жар" Совхозунун Кум кыштагында жашоочу 76 жаштагы Дөөлөталы Малике уулунан I973-жылдын 24-октябринде жазып алдым. Бул кария да Жеңижокту бир нече жолу көрүп, ырларынан үйрөнүп калган адамдардан.

I7. "Токтогул Сибирден келгенде Жеңижоктун учурашканы" Бөрүкул Алыбай уулунан I97I-жылдын 28- февралында жазып алдым.

I8. "Жайлоо жөнүндө ыр" Ош областынын Ноокат районундагы Чапаев атындагы колхоздо жашоочу 75жаштагы акын Төрөкул Ыразаковдон I97I-жылдын 25-июлда жазып алдым.

I9. Токтогул экинчи жолу Сибирге айдалып, Намангандагы түрмөдөн акталып чыгып келгенде Жеңижоктун учурашканы" Ошол эле кария Дөөлөталы Малике уулунан I973-жылдын I9-июнунда жазып алдым.

20. "Дүнүйө" Жаңы-Жол районунун Жаңы-Жол совхозунун Кара-Суу кыштагында туруучу 76 жаштагы Малабек Шаман уулунан I96I-жылдын 22-августунда Айры-Бел жайлоосунда жазып алдым. Кария Жеңижоктун бир тууганы Болотойдун кызын алгандыктан акын жөнүндө абдан баалуу, кызыктуу окуяларды жакшы билет. Кариянын эскерүүсүнө „караганда" акындар Жеңижокту —Жеңүүжок деше турганын, Жеңижок сотелеп ырдай турганын кызыгуу менен далилдер менен айтат. Жалаң эле "Дүнүйө" деген ырын бир жума айтчу экен.

2I. "Карача мергенге" Жаңы-Жол районундагы Кара-Суу кыштагында жа-жашоочу 80 жаштагы Үрүсалы Шатман уулунан I96I-жылдын 2-августунда Көк-Башат жайлоосунда жазып алдым.

22. "Маңка калпага." Бөрүкул Алыбай уулунан [illegible] 1973-жылы 15-мартта жазып алдым. Карияның эскерүүсүнө караганда, үйчүлүк маңка калпа ырчылар жөнүндө ушак таратыптыр. Ырчылардын сөзүнө уккан калпа качып кутулуптур.

23. "Токтогул менен Жеңижок." "Айтыштар китебинин I-томунун 92-93-бетинен көчүрүп алдым.

24. "Эшмамбет ырчынын Жеңижок менен учурашканы". Токтогул районунда жашоочу Коргол Досуевдин шакирти Алтымыш Мундузбаевден 1977-жылдын 24-ноябринде Ленин районунун "Сейди-Кум совхозунун пахтасына жардамга келген жеринен жазып алдым. Ал Корголдон үйрөнгөнүн эскерет.

25. "Мени Жеңижок чакырткан экен", Калык Акиев, "Тандалган чыгармалар" жыйнагынын бир томдугу, "Кыргызстан" басмасы Фрунзе шаары, 1972, 395-404 - беттер.

26. "Султан бийге". Жаңы-Жолрайонундагы Шевченко атындагы колхоздо жашоочу Кутманкул Жээналы уулунан 1973-жылы 15-мартта жазып алдым.

27. "Жамаат" Кант районундагы Ичке-Суу кыштагында туруучу 75 жаштагы Ыбрай /Чачма/ Бейшеке уулунан жазып алдым. /1973-жылдын 22-октябринде /Бул киши Калыктан укканын эскерет/.

28. "Коргоол ырчынын Жеңижок менен учурашканы." Жаңы-Жол районундагы Ак-Төбө кыштагында туруучу Керимкулов Сатканбайдан 1962-жылы 19-ноябринде жазып алдым.

29. Көрпөч жөө күлүккө" Жаңы-Жол районундагы Жаңы-Жол совхозунун Көз-Арт кытагында жашоочу 70 жаштагы Тургунбай Бекназар уулунан 1976-жылдын 15-мартында жазып алдым.

30. "Турбайбы". Жаңы-Жол районундагы Шевченко атындагы колхоздо жашоочу Шераалиев Узакбайдан 1971-жылдын 29-апрелинде жазып алдым. 80 жашта.

31. Женижок менен Барпынын учурашканы". " Ала-Тоо" журналынын 1962-жылдагы №2 санынан алдым.

32. " Аккан суу" Жаңы-Жол районундагы Кара-Суу кыштагында жашоочу Рыскулбеков Сулайманцын кол жазмасынан жана уштуу Артыкбай Тойчукеевден [illegible] 1975-жылдын 19-ноябринде көчүрүп экөөн бириктирип бердим. Элдин айтымына караганда Женижок"Ак сууну" жети күн катары менен айтчу экен. жана бир айтканын кайталабай улам жаңы "Аккан суусу" түгөнбөй кете берчү экен.

33. "Кызыл/ат". Жаңы-Жол районундагы Чомпол кыштагында туруучу атам Шералиев Жусупбектен 1969-жылы 5.6-августта жазып алдым.

34."Ырават салып жай кылган". Өзбек ССРинин Наманган областына караштуу Хакул-Абад районун/дагы "Победа" колхозунда жашоочу 60 жаштагы [illegible] Саркул Шермат уулунан кол жазмасынан жазып калыптыр. көчүрүп алдым. Ал кария Атасы Шерматтан [illegible] 1977-жылдын 3-июлунда Ыспы жайлоосунан жазып алдым.

35. "Семетейдин Таласка келиши". Ленин районундагы Кызыл-Жар" совхозунун "Кум" кыштагында туруучу кария Дөөлөталы Малике уулунан 1973-жылдын 20-июнунда жазып алдым.

36. "Балалык" Киров районундагы Чолпонбай атындагы колхоздо жашоочу 77 жаштагы Бекмамат уулу Нартайдан 1973-жылдын 15- мартында жазып алдым.

37. "Балам жок" Жаңы-Жол районундагы Жаңы-Жол совхозунун №4 бөлүмүнө караштуу Майдуу-Колот кыштагында жашоочу 64 жаштагы эски коммунист Жээнтаев Рашбектен 1974-жылдын 24-февралында жазып алдым. Ал кишинин эскерүүсүнө караганда Жээнмурза деген "сотколеп" айтып элди ыйлатчу экен. Бул ыр ошондон калган кичинекей үзүндүсү деп эскерет.

38. "Ким айтат менин ырымды?" Ошол эле Бөрүкул Алыбай уулунан жазып алдым. Карияның жана замандаштарынын эскерүүсүнө караганда, бул ырын учук оорусу менен ооруп, дүйнөдөн кайтарына көзү жеткенден кийин ~~[illegible] ырдаган экен. Жеңижок~~ арман кылып айткан. Акын бул ырында алтымыштан ашык акынга сын берип, баа баа берип, эч бири сынына купулуна толбой бир гана Токтогулду жогору баалап,:"Бир билсе: Токтогул билет сырымды,

Бир айтса: ушул айтат ырымды".

деп чоң ишеним менен дүйнөдөн кайткан.

39. Токтогулдун кошогу. Жеңижок дүйнөдөн көчкөндө Токтогулга кабар бердирип чакырышат. Ал кезде машина, транспорт болбогону Суктан Токтогул кечигип кечигип келет. Токтогул бул кошогун кепке чейин айтып элдин ыйлаткан экен. Бул кошокту Жаңы-Жол районундагы Жаңы-Жол совхозунун Камшак кыштоосунда жашоочу ~~Айжан Сатыбалдиева/80 жашта~~ / 80 жаштагы Айжан Сатыбалдыевадан 1960-жылы 15-мартта жазып алдым. Ал киши Токтогулга Жеңижокко өз үйүнөн бир канча жолу даам сыздырган экен.

Карача мергенге кошок.

Илгери Аксынын Көк-Башат жайлоосунда Карача деген мергенчи капканына жолборс түшүрүп алат. Мергенчи жолборстун жанына барып атмакчы болгондо, жолборс секирип келип, мергенчинин башын жара чайнап, бутундагы капканын силкип таштап кете берген экен. Ошондо Жеңижок менен Токтогулдун батта келип, кошуп турган жери:

Жеңижок: Кызыл чаар ак жолборс,
Кыялай чапса тосо албайт.
Токтогул: Кыямат кеткен Карача,
Сенин кыздарың биздей кошо албайт!
Жеңижок: Кара чаар, көк жолборс,
Капталдай чапса тосо албайт.
Токтогул: Капилет көчкөн Карача,
Сенин катының биздей кошо албайт!
Жеңижок: Алтын жаак мис жез капкан,
Айланасы мис капкан.
Токтогул: Аңдып барып атарда,
Кайранды, ак жолборс деген ит капкан!
Жеңижок: Күмүш жаак жез капкан,
тегереги мис капкан.
Токтогул: Күйүгүп жетип атарда,
Көк жалды көк жолборс деген ит капкан!
Жеңижок: Жакага малын айдаптыр.
Токтогул: Жанына барып атарда,
Кайрандын жаагын жара чайнаптыр!
Жеңижок: Белеске малын айдаптыр.
Токтогул: Бейлебей барып атарда,
Берендин белинен каап жайлаптып!
Жеңижок: Саадагың турат сабы жок,
Токтогул: Санааң бир турат өзүң жок.

Жеңижок: Кылычың турат кыны жок,
Токтогул: О, кылыгың турат өзүң жок.
Жеңижок: Салкының сайга тийчү эле,
Токтогул: Салкыныңдын алдында,
Сан бечера жүрчү эле!
Жеңижок: Көлөкөң чөлгө тийчү эле.
Токтогул: Көлөкөңдүн алдында,
Көп бечера жүрчү эле.
Жеңижок: Булуңдан бугу атчу элең,
Токтогул: Бүт айылды бакчу элең.
Жеңижок: Тектирден теке атчу элең,
Токтогул: О, тегиз журтту бакчу элең.
Жеңижок: Аскадан кийик терчү элең,
Токтогул: Алдынан чыккан кишиге,
Шыйрагын кеспей берчү элең.
Жеңижок: Асмандан ак жибек боолуу куш келет,
Токтогул: Ажалы жеткен пендеге,
Ушундай армандуу өлүм туш келет.
Жеңижок: Көктөн көк жибек боолуу куш келет.
Токтогул: Көк жал эрдин башына,
Ушундай, куйуттуу өлүм туш келет.
Жеңижок: Ак ала булут арасы,
Токтогул: Арманда кеткен Карача,
Азамат эрдин баласы.
Жеңижок: Көк ала булут арасы.
Токтогул: Куйуттуу көчкөн Карача,
Көп жакшынын баласы.

Жеңижок: Ак боз ат минип таптаган,
Алышкан жоосун каптаган.

Токтогул: Көк тулпар минип таптаган,
Күрөшкөн жоосун каптаган.

Жеңижок: Эшилген сууну кечпедим,
Эсиң барда жетпедим.

Токтогул: Жайылган сууну кечпедим,
Жаның барда жетпедим.

Жеңижок: Кызыл чырай жүзүндүн,
Кубулганын көрбөдүм,

Токтогул: Карагаттай көзүндүн-
Жумулганын көрбөдүм.

Жеңижок: Бир пияла суу бербей,
Башыңда туруп чуу бербей,
Карегим сенден айрылдым!

Токтогул: Жамандыкта күйүшкөн,
Жанашып бирге жүрүшкөн,
Канатым сенден айрылдым!

Жеңижок: Сары гүл эле баары,
Сары май эле наары.

Токтогул: Кызыл гүл эле баары,
Кымыз бир эле наары.

Жеңижок: Алтынды жезге бурбайбы,
Армандуу өлүм турбайбы.

Токтогул: Күмүштү жезге бурбайбы,
Куйуттуу өлүм турбайбы.

Жеңижок: Санворуң алтын жыш элең.
Сайдан өрдөк учурбас,
Сарала туйгун куш элең.

Токтогул: Көркөмдүү алтын жыш элең,
Көлдөн өрдөк учурбас,
Көк ала туйгун куш элең.

Жеңижок: Жашыдан менин жең учум,
Жашыдан
Жаш алганым – теңтушум.
Токтогул: Кызыдан менин жең учум,
Кыяматтык теңтушум.
Жеңижок: Бурулушта [illegible] отурсам,
Бурулуп алым сурарым.
Токтогул: Кайрылышта отурсам,
Кайрылып алым сурарым.
Жеңижок: Бугу саптуу камчымды,
Буурул басып сындырды.
Токтогул: Бурулуп алым сурарды,
Бу кудай алып тындырды.
Жеңижок: Долоно саптуу камчымды,
Тору атым басып сындырды.
Токтогул: Толгонуп алым сурарды,
Теңирим алып тындырды!
Жеңижок: Саадагың – сайга жөлөгөн,
Санатың – сан жигитке теңеген.
Саадагың – сарбаз баасы,
Санатың– сан жигиттин жаасы.
Токтогул: Кылычың кырга жөлөгөн,
Кылыгың – кырк жигитке теңеген.
Кылычың– кырбас баасы,
Кылыгың– кырк жигиттин жаасы.
Жеңижок: Алтындан топчу бурарым,
Абалымды сурарым.
Токтогул: Күмүштөн топчу бурарым,
Күйүтүмдү сурарым.

Жеңижок: Кара кулак шер элең,
Карышкыр көздүү, бир сөздүү
Кайраттуу туулган эр элең!
Токтогул: Бөрү кулак шер элең,
Бөрү көздүү, бир сөздүү
Бөтөнчө туулган шер элең!
Жеңижок: Кара чепкен мүрүсү,
Казакта сендей кимиси?
Токтогул: Кызыл чепкен мүрүсү,
Кыргызда сендей кимиси?
Жеңижок: Кара чаар жолборстун,
Качыраган тиши элең,
Казакта жок киши элең!
Токтогул: Кызыл чаар жолборстун,
Кычыраган тиши элең,
Кыргызда жок киши элең!
Жеңижок: Ак болот элең мизиң курч,
Ак жолборс элең тишиң курч!
Токтогул: Көк болот элең мизиң курч,
Көк жолборс элең тишиң курч.
Жеңижок: Алтообу элең жылдыздын,
Арстаны элең кыргыздын.
Токтогул: Бешөөбү элең жылдыздын,
Берени элең кыргыздын.
Жетөөбү элең жылдыздын,
Жетиги элең кыргыздын!

Жеңижок: Анжиян ээр, жез камчы
Аргымак аттын сөөлөтү.
Токтогул: Амандашып катташкан,
Аманат жандын сөөлөтү.
Жеңижок: Алтындан сандык кыиноолоп,
Салып коёр болсочу.
Сагынганда асылды,
Алып көрөр болсочу.
Токтогул: Күмүштөн сандык кыноолоп,
Катып коёр болсочу.
Көксөгөндө күргүрдү,
Көрүп жүрөр болсочу.
Жеңижок: Кар үстүнө от жаккан,
Карыптарды көп баккан.
Токтогул: Муз үстүнө от жаккан,
Мусапырды көп баккан.
Жеңижок: Сарыны кийсем эскирбейт,
Санатың айтсам кечкирбейт.
Токтогул: Көк көйнөк кийсем эскирбейт,
Кайгөйүң айтсам кечкирбейт.
Жеңижок: Карайган тоонун ш шамалы,
Какшатат өлүм амалы.
Токтогул: Бозоргон тоонун шамалы,
Боздотот өлүм амалы.
Жеңижок: Чолпондой болуп баттыңбы?
Токтогул: Шумкардай болуп качтыңбы?

Жеңижок: Туурунда талашса,
Туйгунга жемин бербеген.
Токтогул: Ат салышып келгенде:
Акимге жемин бербеген.
Жеңижок: Күмүштөн ээр каш калды,
Күйүттүү кызың жаш калды.
Токтогул: Алтындан ээр каш калды,
Армандуу балаң жаш калды!
Жеңижок: Кыяны, кыялай чапкан көк жолборс,
Кыялап өтүп, кайткан жок.
Токтогул: Кыямат кеткен Карача,
Сенин кыздарың биздей айткан жок!
Жеңижок: Капталды капталдай баскан көк жолборс,
Капталдай чапса тоскон жок.
Токтогул: Капилет көчкөн Карача,
Сенин, катының биздей кошкон жок!
Жеңижок: Байыркыңды мен айтсам,
Мактагандай көрүнөт.
Токтогул: Эмикиңди мен айтсам,
Эстегендей көрүнөт.
Жеңижок: Асмандан тийген Ай болсун.
Токтогул: Акырет кеткен Карача-
Сенин жаткан бир жериң жай болсун!..

Кыдыржанга.

Аксынын Кара-Суу деген жеринде Кыдыржан деген жигит көкбөрү тартып жатып, аттан жыгылып, дүйнөдөн көчөт. Ошондо Женижоктун кошуп турган жери:

-Жуздукчөй болуп сузулуп,
Кыдыржан, жулунуң кетти үзүлүп!
Айнектей болуп сузулуп,
Кыдыржан, акырек кетти үзүлүп!

Адырда жыйын буулду.
Ант ургандай Кыдыржан,
Бет алдынан жыгылды!

Дөбөдө жыйын буулду.
Дөө ургандай Кыдыржан,
Төбөсүнөн жыгылды!

Серкенин майын ашаган,
Сексенге чыга жашаган.
Атаң - Сарымсак калды буркурап.
"Кууратып чалды кетти"- деп,
Көпчүлук калды чуркурап!..

Токтунун майын ашаган.
Төксонго чыга жашаган.
Атаң - Сарымсак калды буркурап.
"Туяксыз байкуш өттү"-деп,
Тозокту салып кетти деп,
Тууганың калды чуркурап!

Эскирбестен жыгылган,
Сел каптаган дубалдай.
Ат үстүнөн жан бердиң,

мергендер аткан курадцай.
Ичер суун бүткэн соң,
Алагар көзүң алайып,
Асылым, а дүйнө кеттиң туралбай!..

Карайган бакта сайраган,
Куштан качкан чичиктай.
Алты сай ичи жооолган,
Атылдың бараң мылтыктай.
Көрөр күнүң бүткэн соң,
Карагат көзүң оолуп,
Кайраным, а дүйнө кечтиң ~~туралбай!~~ унчукпай!

Байлоодо бекен, карагер
Барган ацам келбеген,
Байыздуу экен кара жер!
Кермеде бекен карагер,
Кеткен ацам келбеген,
Кейиштүү экен кара жер!

Сары гүл болуп солцунбу?
Саргйсак келбес болцунбу?
Кызыл болуп солцунбу?
Эми кыйкырсак келбес болцунбу?..

Токтогул- Жеңижок дүйнөдөн кайтканда, батага келип, элге Жеңижокту кошуп ырдаганы.

Алыстан келдим сагынып.
Эки көздөн аккан жаш,
Акырек ылдый агылып.
Турсаң боло, жан досум,
Көңүлүңдү мен үчүн -
Бурсаң боло, жан досум.

Зарланып айткан сөзүмдү,
Уксаң боло, жан досум.
Бир көрүнүп койгонго,
Караңгы көрдүн ичинен,
Чыксаң боло, жан досум?..

Мөгдөгөн мында элиңди,
Көрсөң боло, жан досум.
Байлантып мында тургузбай,
Боздогон үнүм угузбай,
Келсең боло, жан досум?..

Кулагым тунуп чуулдайт,
Түгөнбөс ырдын кени элең.
Эми, пендеден сендей туулбайт!..

Жоргонун элең чыганы,
Шумкардын элең кыраны.
Жылкынын элең дулдулу,
Акындын элең булбулу.

Жан досунан айрылып,

Каnаты сынып кайрылып,

Эми торгоюн Токон курудубу?..

Токтогулдун Чеңижокко кошкон кошогу.

Алыстан келдим сагынып,
Эки көздөн аккан жаш,
Акырек ылдый агылып.
Турсаң боло, жан досум.
Көңүлүңдү мен үчүн,
Бурсаң боло жан досум!
Зарланып айткан сөзүмдү,
Уксаң боло жан досум.
Бир көрүнүп койгонго,
Караңгы көрдүн ичинен,
Чыксаң боло жан, досум!
Мөгдөгөн мында элиңди,
Көрсөң боло жан досум.
Байлантып мында тургузбай,
Боздогон үнүм угузбай,
Келсең боло, жан досум?!
Жоргонун элең чыгааны,
Шумкардын элең кыраанын.
Жылкынын элең дулдулу,
Акындын элең булбулу.
Жан досунан айрылып,
Канаты сынып кайрылып,
Эми, торгоюң Токон курдубу?..
-Алтындан сомум бар эле,
Айтканымча бар эле.
Күмүштөн сомум бар эле,
Күйгөнүмчө бар эле.

карчыга кушту качырдым.
Кара бир тоону ашырдым.
Кадырман өтө досумду.
Кара бир жерге жашырдым.

Турумтай кушту качырдым.
Туура бир белди ашырдым.
Туйгунум өтө досумду.
Топуракка жашырдым.

Тобурчак аттын дулдулу.
Топ жыйындын булбулу.
Аргымак аттын дулдулу.
Ак калпак элдин булбулу.

Орозон акын өтө эле.
Онго ,Солго тең эле.
Арыстан акын өтө, эле.
Агылган ырдын кени эле!

Айтканымча бар эле.
Алтын , дилде зар эле.
Куйгөнумчө бар эле.
Кумуш дилде зар эле.

Алтыным куйсө куйсөчу.
Асылым өтө журсөчу.
Кумушум куйсө куйсөчу.
Кукугум өтө журсөчу!..

Аргымакка жем берген.
Ар акынга дем берген.
Тобурчакка жем берген.
Топ акынга дем берген.

Кашкардын тоосун кун чалды,
Кайберен чыгып ун салды.
Кайрылгыс кетип Женижок,
Кайманалуу тун калды...

Букардын тоосун кун чалды,
Буудайык чыгып ун салды.
Бурулгус кетип Женижок,
Мунга толгон тун калды!..

Калкка барса кадырлуу,
Калынтка төшөк салынуу,
Элге келсе кадырлуу,
Энчилеп төшөк салынуу.
Караны минсе дабыштуу,
Калкка кеби жагыштуу.
Эликсур минсе дабыштуу,
Элине кеби жагыштуу.
Сараладуу сан жылкы,
Сайга айдаса келиш жок.
Сардалым өтө өтүптүр,
Сан какпасам келиш жок.
Көк алалуу көп жылкы,
Көлгө айдаса келиш жок.
Көкжалым өтө өтүптүр,
Эми,көп какпасам келиш жок!
Аргымак минип бел ашкан,
Ар акынга сын айткан.
Тобүчак минип, бел ашкан,
Топ акынга сын айткан.
Кеткендер анда, биз мында,
Кейисек келбейт миң жылда.
Кайткандар анда биз мында,
Эми кайгырсак келбейт, миң жылда!..

МАЗМУНУ.

Женижок ырчы../1860-1916/.............
Нурмолдо менен Женижоктун айтышы.....
Биздин жер........
Өскөн жер........
Замана.........
Эсенаман менен Женижоктун айтышы.....
Шекер кыз менен Женижоктун айтышы.....
Жалгыз тал.........
Санаттар....
Термелер.....
Насияттар.....
Жаман катын......
Токтогулду Сибирге айдап жөнөгөндө Жеижоктун коштошкону...
Айт,айт десе........
Бай балдарына......
Кабактын жолун каз деди....
Кыдыржанга......
Токтогул Сибирден келгенде Женижоктун учурашканы.....
Жайлоо жөнүндө ыр........
Токтогул Сибирге экинчи жолу айдалып, Намангандагы түрмөдөн акталып чыгып келгенде Женижоктун учурашканы........
Дүнүйө..........
Карача мергенге........
Манка калпага.......
Токтогул менен Женижок.....
Эшмамбет менен Женижок ырчынын учурашканы.......
Мени Женижок чакырткан экен..........
Султан бийге.........
Жамаат..........
Коргол ырчынын Женижок менен менен учурашканы.....
Көрпөч жөө күлүккө.....
Турбайбы........

Жеңижок менен Барпынын учурашканы....
Аккан суу..........
Кызыл ат.............
Ырават салып жай кылган.........
Семетейдин Букардан Таласка келиши......
Балалык........
Балам жок.......
Ким айтат менин ырымды?.......
Токтогулдун кошогу..........

## МАЗМУНУ


I. Женижок ырчы /I860–I9I6/ .......... У

2. Нурмолдо менен Женижоктун айтышы ...

3. Биздин жер....

4. Өскөн жер....

5. Замана ......

6. Эсенаман менен Женижоктун айтышы ...

7. Шекер кыз менен Женижоктун айтышы....

8. Жалгыз тал.....

9. Санаттар, термелер, насияттар...

I0. Токтогулменен коштошуу....

II. Айт, айт десе.......

I2. Бай балдары .....

I3. Кабактын жолун каз деди ......

I4. Кыдыржанга ...

I5. Токтогул Сибирден келгенде Женижоктун учурашканы ....

I6. Жайлоо жөнүндө ыр...

I7. Токтогул экинчи жолу Сибирге айдалып, Намангандагы түрмөдөн акталып келгенде Женижоктун учурашканы....

I8. Дүнүйө ...

I9. Карача мергенге ...

20. Токтогу менен Женижок...

2I. Эшмамбеттин Женижок менен учурашканы...

22. Мени Женижок чакырткан экен......

23. Султан бийге...

24. Жамаат...

25. Коргоол менен Женижок....

26. Көрпөч жөө күлүккө...

27. Турбайбы .......

28. Женижок менен Барпынын учурашканы ....

29. Аккан суу........

30. Кызыл ат..........

31 Оровот салып жай койгон

32...Семетейдин Таласка жөнөшү...

33, Балалык.....

34. Жылан чаккандагы ыр...............

35 Ким айтат менин ырымды?....

36. Токтогулдун кошогу......

Арт. 8707р
Цена 60к